Скырп
Ө-99

# ӨРНӨК БАШАТЫ



УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ө 38

Ө 38 **Өрнөк Башаты:** автор түз.: Абдыжалил уулу Манас –
Б.: Улуу тоолор, 2019. – 320 б.

ISBN 978-9967-29-147-1

Бул жыйнакка "Өрнөк Башат" адабий чыгармачылык бирикмесинин жаш акын, жазуучуларынын мекен, ата-эне, махабат, сатиралык ырлары, аңгемелер кирген. Китеп ар бир окурмандын жүрөгүнөн түмөк табат деген үмүттөбүз.

Ө 4702300200-18
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-29-147-1

# БАШ СӨЗ

Адамдын төрөлүп, тили чыгып, өмүрүнүн соңуна чейинки тирүүлүгү сөз менен коштолот. Баары сөздө уюган. Акыл-ойдун, асыл түшүнүктөрдүн баары сөз аркылуу таралат эмеспи...

Ошол сыңарындай сөз багып, акыл калчап, улуу өнөрдүн аз да болсо жүгүн артып, милдетин аркалап келе жаткан жаш калемгерлерден түзүлгөн Өрнөк–Башат адабий бирикмесинин жакшы бир саамалыгына күбө болуп олтурам.

Мен чыныгы жашоодо бул бирикменин мүчөлөрүнүн бирин таанысам, бирин тааныбай алар жөнүндө бир сөз айтуум аябай кыйынга турат. Анткен менен кээ бир мүчөлөрүнүн ырларын «Москва кайрыктары» «Балдар ай» «Кыздар ай» «Саамалык» аттуу китептерден окуп, аларды поэзия аркылуу таанып, өң, келбетин кыялымда сүрөттөп, өзүмдүн жакын инсандарым катары сезип, чыгармаларына сүңгүп олтурган кербезим.

Өрнөк-Башат адабий бирикмесинин көпчүлүк пайызын жаштар түзгөнүнө карабай, кудум мыкты саяпкердин колунан чыккан тулпар сыяктуу тапталып келе жатканы талашсыз. Ал нерсени мүчөлөрдүн чыгармаларын окуган инсан дароо эле түшүнө алат.

Анан дагы бирикмедеги достук, биримдик, ынтымак тышкы дүйнөнүн адамдарын суктандыраарлык деңгээлде десем жаңылышпайм. Себеби ар ким өзүнүн арабасын тар-

тып, өз базарын кызытып жаткан мезгилде бүтүндөй бирикменин мүчөлөрү биргелешип алгылыктуу иш алып бара жатканынын өзү чоң жетишкендик жана чоң эрдик.

Мындай аракеттер бир гана материалдык пайда үчүн эмес балким маданий, руханий жактан да адамга мыкты өрнөк, үлгү боло алат деп ишенем.

Ушундай жаштардын ишин көрүп кыргыздын маданияты, адабияты жок болуп кетпей, тескерисинче канатын кең жайып, кең ааламга өрлөп жатканы даана байкалат. Түптүү элдин салттуу жаштарына ыраазы болбой койбойсуң.

Өрнөк-Башат адабий бирикмесинин мындан аркы иштерине да ийгиликтерди каалап, эл, жер деген жаштардан болуп, уктап жаткан ачык көздөргө, сайылган жебе сыяктуу сабак болуучу иштерди жүзөгө ашырып жүрө беришине тилектешмин.

Талыкпас эмгек ийгиликке жеткирет! Ушуну менен гана токтоп калбай, дагы да бийиктерге аракет кыла бергиле! Поэзиянын туу чокусуна чыгуу өзүңөрдүн колуңарда. Улам өнүккөн сайын адамгерчилигиңерди жоготпой, кичи пейил болууга умтулгула.

КЕЛЕЧЕГИҢЕР КЕҢ БОЛСУН!

*Гүлсайра Момунова.*







**Тагаев Мурат Базарбаевич**

1989-жылы 23-сентябрда Ош облусунун Араван районуна караштуу "Гүлбаар" айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1996-жылы Токтогул Сатылганов орто мектептин 1-класына кабыл алынган. 2002-жылы «Гүлбаар» орто мектебине которулган. Ал жерде 2 жыл билим алып, 2004-жылы Араван районуна караштуу Төө-Моюн айыл өкмөтүндөгү окуган. 2006-жылы кайра "Гүлбаар" мектебине которулган. 2007-жылы "Гүлбаар" мектепбин ийгиликтүү аяктаган. Беш бир туугандын экинчиси, жеке ишмер. Үй-бүлөлүү, бир кыз, эки уулдун атасы. «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин жетекчиси.

## ТАПКАН ЭМЕС БАККАН ЭНЕМ

Ай апаке, айтайын сизге бир деме,
Эртең менен келип кеткен ким эле?
Байкашымча белек алып колуна,
Абалымды сурап кетет күндө эле.

Кучактаса дүйнөм жылып, жумшарат,
Мээрим менен жан дүйнөмө үн салат.
Келген кезде – тоодой болуп бакытым,
Кеткен кезде – көңүлүм да сумсаят.

Ал ким эле? Апакем ай! Айтыңыз!
Макул кылам! Кандай болсо шартыңыз.

Ким ал, ким экенин билейин,
«Айтпайм...» – деген сөзүңүздөн кайтыңыз.

– Макул балам айтам сага чынымды,
Эч кимиси билбечү эле сырыңды.
Он жыл мурун ушул жерде колумда,
Өткөргөнсүң алгач ирет түнүңдү.

Ошол кезде кыркың дагы чыкпаган,
Ширин болуп, ак шейшепте уктаган.
Босогодо жаткан элең помпоюп,
Сага карап, алгач ирет ыктагам.

Алып кирдим өз колума көтөрүп,
"Эх, аттиң... – деп, көңүлүм да бөксөрүп.
Ошол кезден ушул күнгө чейин сен,
Келатасың өз күнүңдү өткөрүп".

«Уруксатпы...?» Эшигимди каккылап,
Бирөө келди абалымды бат сурап:
– Он жыл мурун эсиңдеби эжеке?
Кеткен экем жаштыгымдан ар кулап.

Бүгүн келдим арылууга, санаага,
Дары болчу жүрөктөгү дабага.
Алып кетүү үчүн келдим алдыңа,
Он жыл мурун таштап кеткен балага.

– Угулаар сөздөрүм орой болуп,
Келиптирсиң алдыма сөрөй болуп.
Жаштыгыңда жүргөнсүң сойкулукта,
Жетим кылып балаңды төрөй коюп...





...Он жыл өттү арадан. Эми келдиң.
Он жыл бою балаңды эми көрдүң.
Эңшерилди балаңдын жан дүйнөсү,
Терип алгын жүрөгүңүн бөлүктөрүн.

Жүрөгүнөн орун эгер ала алсаң,
Жодураган көңүлүнө жага алсаң.
Макул сага беремин алып кеткин,
Балаңдын макулдугун таба алсаң...

Деп апаңа үч күн мурун айткан элем,
Калтырып мен силерди кайткан элем.
Ооба, балам, чындыгында тан аламын,
Бул жашоодо ал сенин тапкан энең.

– Апакем ай, жашың аарчы! Ыйлаба!
Жашың дагы келип калды кыйлага.
Өлсөм дагы таштап сени кетпеймин,
Болду апа, өзүңдү өзүң кыйнаба.

Макул, келсин, келишин анын күтөмүн,
Келсе эгер, терс бурулуп өтөмүн.
Он жыл мурун мени таштап кетсе эгер,
Он жыл кийин аны таштап кетемин.

Ооруганда жанымда жаткан элең,
Үшүгөндө кучагыңа каткан элең.
Бул жашоодо мен үчүн жалгыз гана,
Тапкан эмес, мээрим берип «баккан энем»

Жамандыкты эч качан жармаштырбайм,
Душман болсо коргоймун, кармаштырбайм.
Көзүңдөгү жашыңды аарчы апа,
Мен сени эч кимге алмаштырбайм.

## ЭКӨӨНҮ АЛАМ БУЙРУСА

Бул нерсени аткаргын дейт жүрөгүм,
Ошол максат, ойдо мен да жүрөмүн.
Жетсем эмне эркек болуп мен дагы?
Төрттөн бештен алгандарга күбөмүн.

Экөөнө тең бирдей эле караймын,
Башкалардай алууну мен самаймын.
Экөөнө тең бирдей берип мээримди,
Экөөнө тең жетишүүгө жараймын.
бул нерсени өз жубайым колдойбу?
«Алса мени карабайт» – деп ойлойбу?
Өзгөлөрдөн кемчилигим эмнеде?
Ал экөөнү бирдей баксам болбойбу?

Экөө жакшы, баркын эгер билгенге,
«Эх, сени...» – деп, мага жаман тилденбе.
Биринчиси «ОПЕЛ» болсун, а бирок,
Экинчиге эмне жакшы мингенге?

Унаа алсам арзаны бар, тааныш көп,
Айткылачы элим мага калыс кеп?
«Чаканыраак «ТИКО» алам» – деп жүрсөм,
Жарым болсо күндө какшайт «МАТИЗ» – деп.





## ЭНЕЛЕР

Энелер – кеме сымал кайкып келген,
Пайгамбар ыйыктыгын айтып келген.
Энenin бир толгонуп «а–ай!» – дегени,
Эркектин жүз жашынан артык деген.

Карачы энелердин ыйыктыгын,
Кадыры аска–зоодой бийиктигин.
Кыдырып чуркашат көрүнбөсөң,
Көргөзүп тулпар сымал күлүктүгүн.

Нур болуп жанып турат жамалынан,
Ар күнү сурап келет кабарыңан.
Буркурап бейиш жыты келип турат,
Жыттасаң энекеңдин таманынан.

Энени «бейишим бул» – деп билелик,
Жашоого келген элек энчиленип.
Энеге азап берип жаткан элек,
Тогуз ай курсагында тепкиленип.

Алдыда кылынбаган катаң турат,
Апаңын акыбалын барчы сурап.
Чыркырап ыйлаганда түн оокумда,
Балам деп атаң эмес, апаң турат.

Үнүңдү укса сенин чыркыраган,
Шолоктоп, кошо ыйлап, буркураган.
Энемин амандыгын тилеп келген,
Балаң болду апаке ыр кураган.

Апамын курсагынан жаралгамын,
Актаймын чачтарынын агарганын.

## КЭЭ БИР КЫЗДАРГА

Олтурасың масалени талдап алып,
Капчыгыңа акчаны камдап алып.
Киресиңер базарга көп ой менен,
Чыгасыңар кайра эле тандап алып.

Төртөө кирет, бирөөсү атыр алат,
Үчүнчүсү колуна чатыр алат.
Экинчиси боёкторго кызыгыптыр,
Биринчиси «мини юпка» сатып алат.

Төртөө тең роза гүлдөй ачылыптыр,
Саркечин бирок бир аз ашырыптыр.
Айрыкча «мини юпка» кийген кызы,
«Жүргүлө!» – деп, көчөгө шашылыптыр.

Көргөндөрдүн айласын кетиришип,
Көчөлөрдө жүрүшөт секиришип.
Эркек затын айтпай эле койоюнчу,
Шайтанды да «о май гад!» – дедиришип.

Булардын сулуулугун баары билип,
Келишет ар кечеде түркүн жигит.
«Мырк» болсо, өздөрүнчө бой көтөрүп,
Бай болсо, алар үчүн кадыр бийик.

Жүрүшөт түнү менен түнөк калып,
Ай күндөп, ар жерлерде түнөп калып.
Ойношту да, жыргашып кечелерде,
Элес үчүн убактылуу сүрөт калып.





Кыйрашты баары кетип кыйылып шаң,
Чыр эткен аваз келди уюлдуктан.
Ким экенин билейин деп ала койсо,
«Врач» экен кабар берип түйүлдүктөн.

Ажы эле бирөөсүнүн ата–энеси,
Кызарып «зырт» дей түштү бүт денеси.
Ойлонуп нары басат, бери басат,
Нес болуп, аңтарылып акыл эси...

Бирөөсү окуймун деп келген эле,
Ата–энеси ага зорго көнгөн эле.
«Мейли эми, окуса окусун» – деп,
Тапканын айылдан берген эле.

Ысыганда сууткан музу болчу,
Тамагына даам кошкон тузу болчу.
Бирөөсүнө ага–ини буйурбаган,
Ата–эненин жалгыз гана кызы болчу.

Бирөөсүнүн көп нерседен жолу болчу,
Апасынын буту жана колу болчу.
Айылда кубанышып күтүп жүрөт,
Себеби, тез күндөрдө тою болчу.

Ыйлашат, ызаланат чачын жулуп,
Кабагы ачылбады кашын бүгүп.
Кантсе да кыйын болду сулууларга,
Пайдасы жок алса да башын жулуп.

Жанагы эркектердин бирөөсү жок,
Барайын десе ага күбөсү жок.

Аттиң ай, жарык көрбөй коштошууда,
Төрт жакта төрт наристе күнөөсү жок.

Кантесиң? Айтчы эми?! Калысың жок...
Жүзүңдө кубанычтан жарышың жок.
Кантип сен көшөгөгө кире аласың?!
«Кыздык» деген жүрөгүңдө намысың жок.

Кантип эми айылыңа бара аласың?!
«Кыздык» деген бул денеңде намысың жок.

## ЖАНАРА

Сен – гүлсүң, мен – бал алуучу аарысымын,
Сезимтал жүрөгүңдүн дарысымын.
Миң жолу кайталанат мүнөт сайын,
Миллиондогон тамырымда ар ысымың.

Жароокерим, Жанарам, жаным, эркем,
Ак жамгырдай төгүлүп жаадың бекен...
Жамгырыңдын ар бир түшкөн тамчысына,
Сен үчүн канча ырлар жаздым экен?

Дем-күч берип, ар бир сөзүң коштоп турат,
Сен үчүн жүрөктө жай боштоп турат.
Майда-майда ар баскан кадамдарың,
Алыкулдун ак бозуна окшоп турат.

Турмуш деп колубузду булгалабай,
Чыныгы ак сүйүүнү бурдалабай.
А балким жетелешип, бакыт издеп,
Кетсекпи эрте келген турналардай?





## АЙЫЛДА ЗАТО АТ КАЛДЫ

Ойлонбопмун башынан,
Уурулук кылдым жашыман.
Баштаганмын мектепте,
Досумдун «карандашынан».

Жогунан, курсак ачынан,
Башкага кантип ачынам.
Сарайын ачып коңшумдун,
Жумурткасын ташыгам.

Ойлонуп, бир аз басылам,
Өнөрүм күндө ашырам.
«Билбесин» – деп элдерди,
Бардыгынан жашырам.

Ар жерде жүрдүм урунуп,
Алаңдап карайм бурулуп.
Аз–station минтип башталып,
Адат бир болду уурулук.

Уурдаймын кышы, жайында,
Каймак, курут, майын да.
«Атактуу ууру» аталдым,
Мен жашаган айылда.

Чакырат апам «беркел» – деп,
Чыгамын секин эркелеп.
Ден-соолук күндө сурашып,
Коңшулар келет эртелеп.

Аттырбай таңды, азанды,
Берем деп келет жазаңды.
Бирөөсү турат ажылдап,
Тапкын деп кара казанды.

Бирөөсү кийип чепкенди,
Калтырып жолго «Бетменди»
Кулакты чоюп, кыйкырып,
Алып бар дейт үйгө кетменди.

Бирөөсү келди шайы жок,
Жөн сүйлөгөн жайы жок:
«Каякка кантип жашырдың?
«Калачтин» бир пайы жок».

...Тура берем элеңдеп,
Айтышат сөздү тереңдеп.
Алдап, эптеп жөнөтөм,
«Алыпарып азыр берем» – деп.

Уурулук мага байланды,
Жүрөкө жакын жайланды.
Өчүрүт күтүп коңшулар,
Адатка күндө айланды.

Милисага да барышты,
Ортого дагы салышты.
Тажаттым окшойт аларды?
Үйүмө келбей калышты.

Көргөндө мени чуркашып,
Карабай чайын урттaшып.





Алып кирип баарын сарайга,
Тышынан бекем култашып.

Күнүгө уурдап кутурду,
Коңшулар жаман утулду.
Бооруна катып буюмун,
Ошентип зорго кутулду.

Жүрөмүн азыр жай гана,
Олтурбай кенен, жайлана.
«Ууру!» деген айылда,
Аталды атым каймана.

Уурдалбай азыр бак калды,
Кара калды, ак калды.
Бешенемде жазылган,
“Ууру” деген ат калды.

Урдалган ошол буюмдар,
зато –
«Прибулга» нак калды...

## ЗАМАНДЫН АДАМДАРЫ

Саманы бар, шагал жок,
Заманы бар, макал жок.
Жетимиш жаштан өтсө да,
Чалдарда азыр сакал жок.

Бардысы бар да, келтир жок,
Бардыгы бар да, жемпир жок.
Илгеркидей көчөдө,
Момпосуй берген кемпир жок.

Жаш эле туруп, тиши жок,
Бош эле туруп, иши жок,
Маанилүү сөздү айтууга,
Орто жашта киши жок.

Тилдери бар, акыл жок,
Тилеги бар да, жакын жок.
Боётуп чачты сарыга,
Жоолукту салган катын жок.

Уйкусу бар да, түнөк жок,
Туйгусу бар да, жүрөк жок.
Чаптатып бетке «макияж»,
Балбылдап турган чүрөк жок.

Бийлиги бар да, калыс жок,
Бийиги бар да, алыс жок.
Билеги толгон жигитте,
Биримдик жок, намыс жок!

Илгеркидей билек жок,
Илгеркидей жүрөк жок.
Чачырап кетти баарысы,
Бир жерден чыккан тилек жок.

Ынтымак жок, ырыс жок,
Айтууга сөзү дурус жок.
Береке кетти замандан,
Аракет бар, жылыш жок.

Кышкыга көрөр камың жок,
Камырың бар, наның жок.





Кекетип сүйлөп калышкан,
Каймактай сөздө балың жок.

Алышат кызды калың жок.
Барышат тойго салым жок.
Карызды алат суранып,
Жарымын берсе, жармы жок.

Элдери бар да, жаркын жок,
Кендери бар да, алтын жок.
Сыйлабасаң өзүңдү,
Өзгөгө такыр баркың жок...

Кыйналды кыргыз абалы,
Күңгүрөп бардык тарабы.
Аруулап турат сезимим,
Айткыла, кимдин заманы?

Адамдын болбойт жаманы,
Учурдун болду «заманы».

## ИНТЕРНЕТ

Жүрөгүңө кетпес кылып жайлагандай,
Жарганат «булбул» сымал сайрагандай.
Бул нерсе башыбыздан чыкпай калды,
Никесин интернетке байлагандай...

Кур сөздөрдү жазабыз айдан алып,
Колуңа чынжыр менен байлап алып.
Олтурабыз кең пейил мекенимдин,
Ажосун интернеттен шайлап алып.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 481888



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Күн көрбөй, караңгыда түтүк болдук,
Уйку көрбөй, түнү менен үкүк болдук.
Талкуулап маселесин ак сүйүүнүн,
Жөн гана тырыш жазган үтүк болдук.

«Тема» ачып өзүбүзчө ой курабыз,
Болбогонду болбосо да, болтурабыз.
Өзүбүз мейли ачка калсак дагы,
Интернеттин курсагын толтурабыз.

Ооз менен дөңдөрдү түздөп калдык,
Атаңды эмес, интернетти сиз деп калдык.
Айылда «3G» эле тартат го деп,
Шаарга келип «4Gны» издеп калдык.

Өтөт жаштык, бирок ага бөксөрбөйлү,
Шайтандын талабына өкчөлбөйлү.
Алтындай убакытты эх, досторум,
Интернетте кор кылып өткөрбөйлү.

Жашоого бир берген өмүрүңдү,
Интернетте «иттей» болуп өткөрбөйлү.

## "БАЛТЕК"

*(тамашалуу ыр)*

Алып барсам үйүңө «калтегиңди»,
Ачык айтсам чыгардың жан теримди.
Ачуум келип, аябай кыжырландым,
Байлабай коюптурсуң «Балтегиңди».





Титиреп турдум катып жан сырымды,
Ынабайт көрсөтсөм да алтынымды.
Качсам да кубалап ал аркамдан,
Жетип келип тиштеди балтырымды.

Дүркүрөп дүрбөлөңгө салып чыкты,
Сулуу кыз чоң таягын алып чыкты.
Кылгылыкты кылып коюп качып кетти,
Балтырымдан кызыл кан жарып чыкты.

Коркуп тургам, үйүң көздөй жолдогондо,
Рахмат айтам тиштеп мени кордогонго.
А балким, биз сүйүшпөй калмак элек,
«Калтек» менен «Балтегиң» болбогондо.

## БИР КӨРҮП СҮЙҮҮ

Көп нерсе камтылган ичи сырлуу,
Көркөмү гүлдөрдөй эчен түрлүү.
Көңүлгө мынчалык толгон эмес,
Кулк мүнөз, ай чырайлуу, жүзү нурлуу.

Капилет келди мага көзүн сүзүп,
Кетирбей тургум келди сөзүн бузуп.
Кантейин? Жүрөгүмдү сууруп кетти,
Кайгырып кеткен кезде колун үзүп.

Көздөрүң көздөрүмө байланыптыр,
Каректер ак сүйүүгө айланыптыр.
Кетире албай койдум аны эч оюмдан,
Кантейин? Жүрөгүмө жайланыптыр...

Көрүп бир сүйүү болду бөлүшкөнүм,
Кайрылып келсе кайра көрүшкөнүм.
Кантейин? Кол сунсам да жете албайм,
Көктөгү эркин учкан көгүчкөнүм.

## ҮЙҮМДӨГҮ ЖАНДЫКТАР

Куурап турам алым жок,
Багы жокко, дагы жок...
Айтамын үйдө жандыкты,
Кой, эчки жана малым жок.

Эшикте учат күркөлөр,
Кабагым ага бүркөлөр.
Жанымдан жылбай жатышат,
Эх, таң атканча бүргөлөр.

Көп эле аны туткандар,
Тутуп жүнүн тыткандар.
Бекинип, ойноп жүрүшөт,
Сарайымда чычкандар.

Сөздөрүм балким иргелер?
Барагыма тиркелер...
Аппак бирок, кичине,
Тажатты мени сиркелер.

Үйдө эми жатпайм – деп,
Бүргөгө каршы фит алдым.
Чычкандарды жесин, – деп,
Мышык эмес, ит алдым.





Аппак болгон сиркеге,
«Анти сирке» бит алдым.
Акчанын көзүн карабай,
Ошонун баарын бүт алдым.

Фитте жатып уктайбыз,
Катын менен окшошуп.
Ит менен бит жатышат,
Душмандарын октошуп.

Фиттен бир күн карасам,
Олтурат баары топтошуп.
«Кимиң бар? Кимиң жок?» – деп,
Бирин-бири жоктошуп.

Көрсө алар биригип,
Жүрүптүр мени чоттошуп.
Душман десем аларды,
Алышкан экен достошуп.

Чычкан менен ит келип,
Сирке менен бит келип,
Пачагымды чыгарды,
Уктап жатсам бут керип.

Жинденип сыртта олтурдум,
Не кылсам деп ойлонуп.
Баары өчүн алмак да,
Калбаганда ойгонуп.

Чычкан, сирке, биттерге,
Кастык кылып жүрбөчү.

Мага окшоп болбосо,
Түшүңө кирет түндөсү.

Кыжырданып келишти,
Жиндери анын күч эле.
Мактанып айтып бергеним,
Бул жөн гана түш эле.

## КАРЫЗДАН КУТУЛАЙЫН

Куюлуп көздөн жашым агып турду,
Көздөрүм жалт-жалт этип жанып турду.
Карызым бар эле да, айла жоктон,
Бедеге малын багып турду.

Бедени мээнет менен өстүрсөм да,
Жашымды дайра кылып төктүрсөм да.
Айла жок, үн катпастан карап турдум,
Катындын маанайын чөктүрсөм да.

Акчаны ар кимден бөлүп алсам,
Ошого карызымы төгүп алсам.
Мен үчүн эч арман болбос эле,
Ашатып кошунамды сөгүп алсам.

Жарышып мейли сага утулайын,
Качпай эле мен сага тутулайын.
Шашпагын, энеңди көрсөтөмүн,
Жыйырма сом карызыман кутулайын.





## КЫЛБАЙЛЫЧЫ КЫЯНАТ

Кеч киргенде көчөдө шаттанабыз,
Достор менен кыздарга аттанабыз.
Күтүп турса үйүңдө алган жарың,
«Бойдокмун» деп аларга мактанабыз.

Жашоонун тайкысына тапталабыз,
Абийрин ачып, бир күн такталабыз.
«Жалган!» – деп, мейли ал күн танып кеткин,
Акыретте айтчы кантип актанабыз?

Көчөдө кыздарды нак табабыз,
Алар үчүн акчаны бат табабыз.
Бактыбызды көчөгө чачып алып,
Айткыла, кантип үйдөн бак табабыз?

Теңелбе досторуңа бойдок жүрсө,
Жамандыкты көчөдө ойлоп жүрсө.
Элестет, сенин дагы алган жарың,
Башка менен «сен» сымал ойноп жүрсө...

Кызыкпа беш мүнөттүк кумарына,
Кусуру балдарыңа урарына.
Кыйырып кыйшык бир күн басып жүрүп,
Калбагын да «аттиң» кылып убалына.

Изде бактың үйүңдөн, балдарыңдан,
Изде бакыт кадырлап алганыңдан.
Кубаныч тартуулагын үй-бүлөңө,
Тыйылып айтып жүргөн жалганыңдан.

Балдар менен ар кимди талдабастан,
«Баралы» деп унааны жалдабастан.
Келгиле, кыянаттык кылбай эле,
Жашайлычы алганыңды алдабастан.

## БОЛДУ УКМУШ БИР КЫЗЫК

Жолугам деп чоңдорго,
Сапар алдым борборго.
Тик учакка олтурдум,
Ичим чыкпай жолдорго.

Болбогонду болтуруп,
Кагазга жазуу толтуруп.
Жол уладым борборго,
Тик учакка олтуруп.

Учуп чыгып асманга,
Жол уланып атканда.
Бекинип «ГАИ» туруптур,
Булуттарды ашканда.

Жолдо «ГАИ» бар экен,
– «Ременди» так, тур! – деди.
Ал аңгыча ГАИнин,
Ышкырыгы «чур» деди.

Токтоп барса ГАИге,
Азапка бир аз салыптыр.
Күбөлүгүн ал учкуч,
Үйдө унтуп калыптыр.





Алдасак да болбоду,
«Пул» берсек да болбоду.
«Корупция жок» – деди,
«ГАИ акем» жолдогу.

Учкуч үйгө жөнөдү,
Калтырганын унутка.
Баарыбызды түшүрдү,
Аппак болгон булутка.

Көзүм түштү «кафеге»,
Жүрсөк булут аралап.
Ичине кирдим кафенин,
Чыгайын деп паралап.

Мындай кафе чынында,
Кумарыңды таратар.
Ичинде ичип жүрүптүр,
Кинодо жүргөн «Аватар».

Сагыздай чайнап жүрүптүр,
Болоттой болгон темирди.
Жанынан көрдүм ошондо,
«Арнольд Шварцнеггерди».

Жет Ли, Ван Дамм ал жактан,
Шашылып келди чаң менен.
Мас болуп Ип Ман жүрүптүр,
Жердеши Жеки Чан менен.

Таң калып карап, жол курдум,
Улам таштап кадамды.

Пайда болду кай жактан?
Көрдүм «темир» адамды.

Карсылдатып ар жактан,
Жеп келди бирөө «кукуруз».
Ойлогондой чын эле,
Экен ал алкаш Том Круз.

Кинодогу каармандар,
Эмне мынча жыйылып?
Тынчым кетип сурадым,
ГАИге карап, кыйылып.

Айтса ГАИ бардыгын,
Кызык болду ал жагы...
Угуп алып Мураттын,
Кызып кетти ар жагы.

Баардыгы план түзүптүр,
Учарымды билишип.
Жолду жакшы тоскун деп,
ГАИге дагы киришип.

Учкучту үйгө жөнөтүп,
«Кулакка лагман илишип».
Жакшы ойдо бардыгы,
Келиптир план түзүшүп.

Баардыгыны чын айттым,
Ырымдын жок жалганы.
Эң кызыгын айтайын,
Өлүп кетсин калганы.





Атайын чогуу келиптир,
Автограф алганы.

Мени көрүп бардыгы,
Мага карап жылышты.
Автограф алганы,
Өчүрүткө турушту.

Айландырып келмекмин,
Ак-Бууранды бойлотуп.
Сүрөткө дагы түшмөкмүн,
Койбогондо ойготуп.

Ойгонуп туруп карасам,
Түнкы саат «үч» экен.
Каткырып күлүп жибердим,
Көрсө мунум түш экен.

Алар кирди түшүмө,
Кино көргөн үчүнбү?
Билбедим, бирок, чынында,
Кимиси кандай түшүндү...
Айтып бердим силерге,
Кызык болгон түшүмдү.

## А БИРОК МЕН КОРУКЧУ

Дарбазаңда турамын сени коруп,
Кадимки «эстелик» сымал болуп.
Канчалык бирге жакын жүрсөк дагы,
Ак сүйүүмдү айталбадым жүрөк ооруп.

Жүргөндө биз экөөбүз шаар кыдырып,
Кеп айтам бир өзүңө мен кызыгып.
А бирок бийиктикке колум сунуп,
Жетсем дейм бир өзүңөн үмүт кылып.

Кызыгам асмандагы аппак Айга,
Чачса дейм нурларын жалгыз мага.
Көрбөсөм туралбаймын, сагынамын,
Күлкүңдү уксам деймин кайра-кайра.

Олтурамын сени күтүп мен атайын,
Биз экөөбүз ошол жерде жолукчу.
Келсең эгер, ак сүйүүмдү айтайын,
Сен – Айсың, а бирок, мен – корукчу.

## «ЗАРЯД» КАРМАБАГАН ТЕЛЕФОН

«Сотка» алдым, «сотка» саткан түйүндөн,
Алып эле жакшы экен деп сүйүнгөм.
Башкалары «борчик» болуп түйүлсө,
А мен болсо, сотка менен түйүлгөм.

Бир жумалап чыкпай калдым үйүмдөн,
Телефонду артык көрдүм сүйүүмдөн.
«Агент, ватсап, однолорго» бүт кирип,
Интернети жакшы экен деп сүйүнгөм.

Эгер соткам болбой калса күйүнөм.
«Заярд» сайып толтурамын үйүмөн.
Бүт жейт экен интернеттин заряды,
Эки саатка жетсе заряд сүйүнөм.





Заряд аяп, аны менен кармашам,
Заряд сайчу «точкаларга» жармашам.
«SONY» деген телефон болбойт экен,
Кимде «Самсунг» болсо эгер алмашам.

## СУЛУУ КЫЗ

Ашык болдум айдай сулуу бир кызга,
Окшоттум, жанган «чолпон» жылдызга.
Жүрөгүмдү жаралады билбедим,
Мындай сулуу көп болсо дейм кыргызда.

Олтурамын мен зар болуп элесиңе,
Улам карап саатымдын жебесине.
Кетсек деймин экөөбүз бир олтуруп,
Деңиздеги махабаттын кемесинде.

Секин–секин басканың аккуу сымал,
Ак жүзүңдү сылап өтөт муздак шамал.
Эстесем жүрөгүмө кубат берет,
Сендеги таза, тунук жорук–кыял.

## ИТКЕ ЖЕМ БОЛГОН ЫМЫРКАЙ

Келе жатып айдын жарык түнүндө,
Бир чакырым калган эле үйүмө.
Алыс жактан бир ый үн угулуп,
Бара калдым бат-бат басып түйүлө.

Жетээрим дагы азап болду тикендей,
Бара жаттым, бассам кадам шилтенбей.

Барган сайын ыйдын үнү күчөдү,
Барган экем жүрөк сезип билгендей.

Жаткан экен жерди чапчып аймалап,
Соо жери жок, денеси да канталап.
Көрүп алып көзүмдөн жаш агылды,
Жарым жан бөбөк жатат чалкалап.

Ишене албай кайра карайм кайталап,
Кырк чилдеси чыга элек байкалат...
Таштап кетип калган экен апасы,
Иттер аны ойношуптур чайналап.

Көздөрүмдөн ый жаш менен түрүлдүм,
Колго алып артка карап бурулдум.
Кучагыма бекем кысып, кучактап,
Ооруканага карай чуркап жүгүрдүм.

Кан токтобойт суудай агат шарактай,
Көзүмөн жаш көңүлүм суз чарактай.
Арт далысын ачып көрүп карасам,
Жыртылыптыр, ачылып чоң барактай.

Ый менен ооруканага араң жеттим,
Чакырып доктурларды эшик тептим.
Чуркап келип баланы колдон алып,
Бердим да тып жыгылып, эстен кеттим.

Ойлорум ансыз деле сансыз эле,
Кандай күн? Оо Кудайым, арсыз эне...
Элес-элес көрүп турам кирип кетти,
А бирок, ымыркай чала, жансыз эле.





Ымыркайдын өмүрүн сурап жаттым,
Өзүм да алсырап кулап жаттым.
«Кандай? Жашайбы? Үмүт барбы?» – деп,
Чыккандардан утуру сурап жаттым...

– Токтоттук каныны ымыркайдын... –
деди да, палатага шашып кетти.
Кайра чыкты өң түстөрү бозоргон,
«Үмүт жок иним, кайрат кыл» – деп басып кетти.

Ушул сөзү эмнегедир ашып кетти,
Бүт денемди кара тер басып кетти.
Бутумда араң турдум угуп алып,
Жан дүйнөмдөн үмүттү чачып кетти.

Алып чыкты баланын жансыз жанын,
Колума карматышты шейшеп жабып:
– Баланы бериш керек энесине,
Алып барда, бергин – деди, эптеп табып.

Алдым да ымыркайды көңүл чөгүп,
Алып бардым мүрзөгө жашым төгүп.
Жайчыга айтып бүтүп бар болгонун,
Кайттым суз куран окуп, жайга көмүп.

Чыктым да үнүм бардай бакырдым,
– Кана апаң? кана? – деп чакырдым.
Бирок, эч ким жок. Эч ким укпайт...
Ошентип, кайгылуу таң атырдым.

Э адамзат, угуп койгун,
Балаңды таштап кордотпо.

Бул кечирилгис чоң күнөө,
Акыретте бейиш эмес,
Ордуң болот тозокто...

**ЗАМАНА**

Бир тууганың абийирди,
Ачып калган замана.
Ар бир үйдөн береке,
Качып калган замана.
Ырыскысын көчөгө,
Чачып калган замана.

Коңшусунан тамагын,
Катып калган замана.
Үйү туруп талаада,
Жатып калган замана.
Бүтүн элим карызга,
Батып калган замана.

«Миң» сомуң эй, «бир» сомго,
Татып калган замана!
Баатыр чыкса көрүнүп,
Атып калган замана.
Кыздарыбыз денесин,
Сатып калган замана.

Акыйкат турса көрүнүп,
Сокур болгон замана.
«Химикатты» көп жешип,
Котур болгон замана.





Пара берсең бир ишке,
Отур болгон замана.
Мына шунтип бардыгы,
Чотур болгон замана.

Кылмыш турса көрүнүп,
Кокус болгон замана.
Ары-бери алдашып,
«Фокс» болгон замана.
«Рингде» эмес, көчөдө,
«Бокс» болгон замана.

Кыргыз туруп орусча,
«Чотка» болгон замана.
Күндүн азыр жарымы,
«Сотка» болгон замана.
Өзүн көрбөй тааныткан,
«Фотка» болгон замана.

Кыргыз элим чет элде,
Жүрүп калган замана.
Россияда көп өмүр,
Сүрүп калган замана.
Орустардын итиндей,
Үрүп калган замана.

Өз арыгын өзүнө,
Буруп калган замана.
Таразадан аз-аздап,
Уруп калган замана.
Камырын да элебей,
Жууруп калган замана.

Тишимди да сатам деп,
Суурул калган замана.
Байлар келсе ордунан,
Туруп калган замана.
Жылуу сүйлөп чайын да,
Куюп калган замана.

Байлар болсо кабагын,
Керип калган замана.
Акча болсо мансапты,
Берип калган замана.

Ырыскысын ар жерден,
Терип калган замана.
Акча көрсө бардыгы,
Эрип калган замана.

Бийлигине олтуруп,
Жерин саткан замана.
Өз элине кам көрбөй,
Элин аткан замана.
"Кумтөр" деген алтындуу,
Кенин саткан замана.
Кыргыз элим кан ыйлап,
Демин жуткан эй, замана.

«Митинг» болуп ар жылы,
Чырдуу болгон замана.
Баардыгын кулатып,
Кырдуу болгон замана.
Эмнең турат катылып?
Баарын айтчы жашырбай,
Сырдуу болгон замана...





Заманымда ушинтип,
Ырдуу болгон замана.
Жаман жагын бүт айтып,
Ырдап турган жаман аа..?

## ДҮКӨНЧҮ МЕНЕН АРАКЕЧ

Аракеч:

– Салам бердим эжекеме келип бир,
Алып келдим тыйынымды терип бир.
Бирок эже, жетпей турат кичине,
Калганын эртең берем, берип тур?

Дүкөнчү:

– У-уф! Баягы эле күндөгү адатыңбы?
Көрсөтпөчү ар күнү сабатыңды.
Ичип алып күндө эле келжирейсин,
Бүгүн сага карыз жок, чап атыңды!

Аракеч:

– Эмне десең баарына эже көнөмүн,
Бүгүн ичсем, эртең таштайм, жөнөмүн.
Азыр берип турчу, жетпей турат кичине,
Ичпей калсам бүгүн анык өлөмүн.

Дүкөнчү:

– «Карызыңды бер» – десем көнбөйсүң,
Көчөдө бараткан да, көрбөйсүң.
Кечээ дагы таштайм эже дегенсиң,
Бүгүн дагы бербей койсом өлбөйсүң.

Аракеч:

– Качпай эле жүргөм эже көрүнүп,
Соо болгондо кетем бир аз оолугуп.
Эртең эже айлык тийсе көрөсүң,
Биринчи эле сизге келем жолугуп.
Жүздү куюп жазып туруң бүгүнчө,
Болуң эже кала электе соолугуп.

Дүкөнчү:

– Күндө угам мындай сенин ырыңды,
Бере албаймын токтоткунуң чырыңды!
Күндө «эртең акча тиет» дей берип,
Мына «уже» жашап койдук кылымды...
...Уф, ии-ий! сасытпай бул дүкөндү,
Эшикке чыгып чекчи иним чылымды!

Аракеч:

– Берчи эже жалдыратпай, суранам,
Эртең көрөсүз жаңы жашоо кура алам.
Тып этсе жыгылчудай болуп мен,
Бутта араң... Бутта араң тура алам.
Ишиң болсо айтчы эже кылайын,
Кой кайтарып, дубалыңды ура алам.

Дүкөнчү:

– Азыр берсем кетесиң, адатыңча тантырап,
Бербей койсом турасың го жалдырап.
Койлоруму кантип кайтарасың иничек?
Зорго турсаң бут учунда калтырап.
Азыр берсем «элүү грамм» мен сага,
Тып жыгылып кетесиң иним «антрак».





Аракеч:

Арак ичип, көчө болду түнөгүм,
Сатып ичип, жок ал тургай күрөгүм.
Элүү грамм куюп берчи эжеке,
Болбосо эже токтоп калат жүрөгүм.
Бүгүн ичип эртең таштап арактын,
Чоң окууга тапшырсам деп жүрөмүн.

Дүкөнчү:

Кыйраткансың мектепте да билимди,
Эй, бар жоголчу! Келтирбей көп жинимди!
Сен адам болуп, чоң окууга тапшырсаң,
Кесип таштайм түбүнөн эле тилимди.
Кандай окуйсуң бул абалда ээ иним?
Өзүң айтчы, билесиңби «ГИМНди»?

Аракеч:

Андай сүйлөп оорутпагын дилимди,
«Тооба» дегин, кесем дебей тилимди.
Кудай буйруп адам болуп мен калсам,
Анан көрөсүң кычыраган иниңди.
Азыр кетип, беш жылда эже келемин,
Көрсөтөмүн ошондо сага кимимди.
Көрөм анан кесекениңди тилиңди.

Дүкөнчү:

– Беш жыл мурун келем дедиң үйрөнүп,
Дагы келдиң мына бүгүн сүйрөлүп.
Дагы беш жыл кетип калсаң иничек,
Калсаң керек кичирейип чүйрөлүп.
Кой, берейинчи, ичип алып балээңе,
Кетип калгын кала электе күүлөнүп.

Башка кийип калпакты бир болуңуз,
Өзгөлөргө өзгөчө пир болуңуз.
Ата-бабам илгертен сактап келген,
Билсеңер ошол калпак сыймыгыбыз.

Башкалар мейли ага түшүнбөйбү?
Өзгөнүкүн өзгөчө түшүнбөйлү.
Кең пейил кыргызды даңктап турчу,
Ак калпакты алтын баштан түшүрбөйлү!

Кыргыздын кыргыздыгың даңктап турчу,
Ак калпакты алтын баштан түшүрбөйлү!

## ТУУГАНЫМА

Бир күнү бул денеден жан чыгат,
Ошон үчүн ойлонгула жакшылап.
Адам болуп бир жакшылык кылбасаң,
Андан көрө ит болгонуң жакшыраак.

Сүйлөйсүңөр тилиңерди камчылап,
Кубасыңар ушактарды аңчылап.
Ушак айтып жүргөн менен жалганда,
Акыретте тозок оту жанчылайт.

Ичесиңер култ-култ жутуп арамды,
Шылтоо кылып кекиртекке заманды.
Бирок анын сурагы бар билсеңер,
Көрөсүңөр ана ошондо жаманды.

Кредиттен көрүп жатат бүт кордук,
Көпчүлүккө келип жатат бул оордук.

Тура берип буттары талып кетти,
Аракеч, аракты салып кетти.
Дүкөнчү «уф, ушундан тажадым» – деп,
Дептерин чиймелеп калып кетти.

## АК КАЛПАКТЫ КОЙДУК КЫРГЫЗ УНУТКА, КАЛПАГЫБЫЗ СЫЙМЫГЫБЫЗ УНУТПА!

Ушул калды барагыма чийилбеген,
Башым турат эч кимге ийилбеген.
Көөдөнүмө көмүскө болуп келет,
Кыргызымдын ак калпагы кийилбеген.

Баса кийип кепканы оңдонобуз,
Өзгөлөргө өзгөчө өңдөнөбүз.
Көчөдө түркүн түстүү «мода» болуп,
Ак калпакты мончолордо колдонобуз.

Кеткенсийт мен үчүн улут калып,
Илгертен келген калпак улукталып.
Бүгүнкү күнгө келсек аттиң арман,
Койгонсуйт кыргыз элим унуткарып.

Бул нерсе жүрөгүмдү тилдирет го,
Калпак турса норканы кийдирет го.
Баса кий башыңдан түшүрбөй жүр,
Ак калпак кыргыздыгын билдирет го.

Түрмөктөп чачыбызды жин болобуз,
Ошентип жүрсөк кыргыз ким болобуз?
Тарыхын сурап калса ак калпактын,
Аттиң ай, тилди жутуп жым болобуз.





Башка кийип калпакты бир болуңуз,
Өзгөлөргө өзгөчө пир болуңуз.
Ата-бабам илгертен сактап келген,
Билсеңер ошол калпак сыймыгыбыз.

Башкалар мейли ага түшүнбөйбү?
Өзгөнүкүн өзгөчө түшүнбөйлү.
Кең пейил кыргызды даңктап турчу,
Ак калпакты алтын баштан түшүрбөйлү!

Кыргыздын кыргыздыгың даңктап турчу,
Ак калпакты алтын баштан түшүрбөйлү!

## ТУУГАНЫМА

Бир күнү бул денеден жан чыгат,
Ошон үчүн ойлонгула жакшылап.
Адам болуп бир жакшылык кылбасаң,
Андан көрө ит болгонуң жакшыраак.

Сүйлөйсүңөр тилиңерди камчылап,
Кубасыңар ушактарды аңчылап.
Ушак айтып жүргөн менен жалганда,
Акыретте тозок оту жанчылайт.

Ичесиңер култ-култ жутуп арамды,
Шылтоо кылып кекиртекке заманды.
Бирок анын сурагы бар билсеңер,
Көрөсүңөр ана ошондо жаманды.

Кредиттен көрүп жатат бүт кордук,
Көпчүлүккө келип жатат бул оордук.

Пайгамбарым тыюу салган бул жолго,
Пайыз менен алган акча сүткордук.

Мактоо үчүн бийлигин да талашат,
Алар билгин, макталуусун каалашат.
Биз пендебиз мактоолорго татыксыз,
Мактоо билгин, бир Кудайга жарашат.

Конок келсе күлүп алып аяр бол,
Көңүл алып дасторконуң жаяр бол.
Ыйман келтир, намаз окуп беш убак,
Акыретке эй мусулман, даяр бол.

Шүгүр кылгын бар жогуна кейишпе,
Жакшылык кыл айланганча шейитке.
Баарыбыз бул сыноолордон тең өтүп,
Баарыбыз тең киреличи бейишке.







**Абдижалил уулу Манас**

1995-жылы Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Каарман айылында жарык дүйнөгө келген. 2002-жылы Бектемир Азизов атындагы орто мектептин биринчи классына кабыл алынган. 2010-жылы Ош Курулуш колледжине тапшырып, 2014-жылы аяктаган. Азыркы учурда Ош шаарында эмгектенет. «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин жетекчисинин орун басары.

* * *

Коё бердим бар эми, бара бергин,
Кезип аалам башканы таба бергин.
Кези келип өкүнүп калбоо үчүн,
Күнү болуп башканын жана бергин.

Өксүк таажын башыңа тага бергин,
Өмүр отун менсиз да жага бергин.
Өзүмдү өзүм өзүңдөн тыйып алам,
Өмүрдү ал, мен баарын сага бердим.

Буулуп бүгүн бугуңду жаза бергин,
Баштан эми баарысын каза бергин.
Багымда бар кубантчуу менин гүлүм,
Бакыт менен сага мен жаза бердим.

Менде калган баарыңды ала бергин,
Муңга дүйнөң жаш менен сала бергин.
Мен бактылуу бүгүндө дүйнөм жыргал,
Мен жок сенде бар кеткин, бара бергин.

* * *

Махабат деген не өзү?
Буулугуп жетпей калып ыйлаганбы?
Бурулуп кетип калып кыйнаганбы?
Тагдыры башка жанга кошсо дагы,
Тымызын башканы эстеп сыздаганбы?

Махабат деген не өзү?
Көңүлдөн бир адамга байланганбы?
Көчөлөп түндү билбей айланганбы?
Бир бирин жашоодо бул сүйүү үчүн,
Бактылуу жуптар балким тандалганбы?

Махабат деген не өзү?
Жакшы күн, мүнөттөрдү жоготуубу,
Жаманга жолдорду ачык торотуубу?
Баалабай бири-бирин кыйнап анан,
Башкага убакытты коротуубу?

Махабат деген анык бул!
Магдырап эне жытын жыттаганың.
Мээримге тойбой жандан чыкпаганың.
Жылуулап өз бүлөөңдү, балдарыңды,
Жарыңды кучагыңа ыктаганың.





Махабат деген анык бул!
Дени сак оорубастан күн көргөнүң,
Дин жолдо жүргүн ошол бул көркөмүң.
Жолоочу эшигиңди каккыласа,
Жылуулап бергениңде үйдөн төрүң.

Махабат деген анык бул!
Досуңа кыйын кезде кол сунганың,
Душманга жаман айтпай чай куйганың.
Баарына жылуу болуп сендик мүнөз,
Бааланып башың ийип жай турганың.

* * *

Жан дүйнөм ак кар сыңдуу, бирок муздак,
Жүрөктөн жылуу жаш сызып жүзүм булгайт.
Көрүүгө издей берем кайра анан,
Көздөрү жакшы күнүм кайра уурдайт.

Өткөнүм унутуу үчүн сүйсөм бекен,
Отто бул башка менен күйсөм бекен.
Башына сүйүү тактын тагып анан,
Бакытка балкып күндө жүрсөм бекен.

Өмүрлүк жарым эми тандасамбы,
Өзүмдү ага бүтүн арнасамбы.
Жылуулап бүлөө куруп мындан ары,
Жашоонун казанында кайнасамбы.

* * *

Мен сени сүйгөн үчүн күйүп көндүм,
Мындайын көрбөгөнмүн күйүттөрдүн.
Күтүүдөн, сагынуудан бул жашоомдо,
Күйүттү жаш башыма үйүп көрдүм.

Бир өзүң сүйгөн үчүн азаптандым,
Бир ошол келээр жолуң карап калдым.
Жолубуз башка экенин билип бүгүн,
Жүрөктү мына эми аяп калдым.

Күнөөлөп ак сүйүүнү жектебейли,
Күнөө көп бизден кетсе, кетсе мейли.
Чын сүйүү эмне экенин билип алдык,
Чиймелеп эми өткөндү эстебейли.

Жашоодо аруу бойдон сүйүү калсын,
Жүрөктө сүйүү өчпөй үйү калсын,
Адамдар сүйүшкүлө, кубангыла,
Ар үйдө сүйүү шамы, сүйүү жансын.

* * *

Биргелеп тапкан бакыт аруу куштту,
Башкага ыраа көрдүң, менден учту.
Жылуулап таңды, кечим жүрүп анан,
Жазыма жай, күз туруп салдың кышты.

Башканын бакты аталдың, жакшы аталдың,
Бийиги, сүйөнөөрү, такты аталдың.
Өмүрдө ичтен ыйлап, сырттан күлгөн,
Өкүттө жүргөндөрдүн асты аталдың.





Үстүмдөгү көк булут күнүм тоскон,
Үшүтөт ал сени көп муңум төксөм.
Калкылдашып баратат сен тарапка,
Кулактарым уккандай үнүң көктөн.

Кош эми унут баарын, өткөнүңдү,
Көрбөсүн эч ким жашың төккөнүңдү.
Кадырлап жүргөн сени жакшыңа эч,
Көргөзбө арман, муңга чөккөнүңдү.

## БҮГҮН МЕН

Бүгүн мен баарын таштап кетким келди,
Бийиктен булуттарды өпкүм келди.
Тырмалап жерди оюп, жаным берип,
Тереңдеп суу астына чөккүм келди.

Бүгүн мен чөгүп барам азаптарга,
Бул жылкы жетким келбей көп ак карга.
Күбүлүп жалбырагын төгүп салды,
Кайгымды айткан кезде дарактарга.

Бүгүн мен жашып турам, жашып турам,
Бактылуу күнүм өйдө асып турам.
Буюрса баары жакшы болот деймин,
Бар кайгым көптөн ичке катып турам.

Бүгүн мен кенен жерге сыйбай турам,
Буулугуп жүрөк жашын тыйбай турам.
Жан дүйнөм бырчаланып кеткен эбак,
Түптөбөй, сыныктарын жыйбай турам.

* * *

Кайгы ырын күндө ырдатат улам,
Кадамда кыйнап ыйлатат улам.
Жан ошол мени кубантып жүргөн,
Жүрөктө жарам ырбатат улам.

Эстетип өзүн кубантат улам,
Эңсетип кайра сурантат улам.
Ааламды кездим таптырбай мага,
Азабын кайра улантат улам.

Күн көрөм күнгө окшобой турат,
Күткөнүм келбей, жоктобой турат.
Жүрөккө айттым күтпөймүн дечи?...
Жаралуу жүрөк жок дебей турат.

Баарына шүгүр кыламын болду,
Бүтүрөм сүйүүм, жыямын болду.
Бир асыл жан бар төгүүдө мээрим,
Башыма бакыт сыягы конду.

* * *

Жашоом дегем сени жандап күнү түн,
Жыргап калчумун көргөн кезде күлүшүң.
Себепчиси өзүң болдуң кетүүмө,
Сезимдерим не ойнодуң? не үчүн?

Алыстадык тааныш эмес жандардай,
Туюп турдум сүйүүң мага жалгандай,
Азап чектим кайгырдым көп жашоодо,
Арман менен бир мен эле калгандай.





Унутулдуң кеткен кезде жаныман,
Уу жуттурдуң татып жаткан балыман.
Кечир дебе эске салып өткөндү?
Келген кезде бактым ушул жазыман.

* * *

Эки тарап биз кеткен күн, эстейм ошол мүнөттү.
Эзип жүрөк кыйнап салдың, сагынуу бул жүдөттү.
Жолуң карап келээр деп, күнү-түнү уктабайм,
Жүзүң эңсеп, бул аралык сабырымды түгөттү.

Ай артынан айга уланып мына минтип жыл өттү,
Ар күн сайын эстей берип кыйнап турам жүрөктү.
Баалай албай сүйүүбүздү азап болду жашообуз,
Бирге түшкөн экөөбүздүн сактайм дале сүрөттү.

Өзүм жүрүп көчөлөрдө бактын көрүп бу көптү,
Өксүк менен мендеги көз жаш ордуна уу төктү.
Жалгыздыкта калбасын дейм жер жүзүндө тирүүлөр,
Жандашкыла, сүйүшкөндөр баалап ар бир мүнөттү.

* * *

Жанымда бүгүн жоксуң, жардамың керек эле,
Жолуңду муңдуу карап, тигилем терезеге.
Абалың кандай болду, оорубай жүрдүң бекен,
А менде азап чегүү, сезбедиң аны эмнеге?

Акыркы көрүшүүдө, көзүңдөн жаштар аккан,
Алыстап кете бердиң, сен тарап алга бассам.
Азыр да ошол күндөй, кадам таштайм сага,
Айт өзүң дарегиңди, кубанам сени тапсам.

Же баары бүттү десең, макулмун бүттү анда,
Жолдорду эстебеймин өзүңдү күтчүү анда.
Мен сага бакыт каалап, баарысын унутайын,
Мына бул акыркы ырым, дептерге түштү анда.

## ӨЗГӨРДҮМ

Өзгөрдүм, бүгүндөн өзгөмүн,
Өткөнүм көп суулап көздөрүм...
Өксүткөн, сагынткан, кыйнаган,
Өх деген эми жок сөздөрүм.

Өзгөрдүм, бүгүндөн өзгөмүн,
Өмүрдө чын күлөт көздөрүм.
Жашоомо жаңылык жаратам,
Жакшылар көргүлө өзгөрүүм.

Бүгүн мен башкамын, башкамын,
Буулугуп үйбөймүн башка муң.
Буюрса жакшы күн алдыда,
Баарына өзгөрүү баштадым.

Бүгүн мен башкамын, башкамын,
Багынттым чокусун асканын.
Бакытта ар күнүм уланат,
Билгиле жакшылар жактамын.

* * *

Күнүндө калбоо үчүн айрылуунун,
Тамырын кыркып салдым таарынуунун.
Жылмайып сен үйүңө кирген кезден,
Торуна түшүп калдым сагынуунун.





Саат өтпөй, үйдөн чыга басканымда,
Жылдыздар толо экен асманымда.
Дүйнөнү коолдоп турган жымыңдашып,
Баарысын сага окшотуп баштадымда.

Бүгүн да сен көп өтчүү жактамында,
Көп келем эч келбесем башта мында.
Айтамын бүгүн ичте сөздөрүмдү,
Батынып айта албаган баштагымда.

* * *

Мен жер болсом, а сен болчу жарык күн?
Нуруң менен бүт жер жүзүн жарыткын.
Алып жатсам бир сенден мен жылуулук,
Жашоомо сен кетип калба салып түн?

Мен бак болсом сен суу болуп агып тур,
Соолубайын суусатпастан багып тур?
Саргаямын куурап калам өзүңсүз,
Жашылдантып жарык жалын жагып тур.

Мен бир кайык а сен болчу калагы?
Ортосунда көлдүн макул калалы.
Жардам берип бирибизге, бирибиз,
Биргеликте узактарга баралы.

* * *

Асыл адам, керемет жан Байдылда,
Келбес эми кыргызыма ай, жылда.
Жакшы адамдар унутулбайт өлсө да,
Уул, кыздары атаң тирүү кайгырба.

Кыргыз деген улуу акын Байдылда,
Атың угам бүт кыргызда, тоо кырда.
Ырлар менен дүйнөнү сен кезгенсиң,
Дүйнө эли сени тааныйт ырларда.

Тилим деген, элим деген Байдылда,
Түбөлүккө жашайт өздүк ар ырда.
Түндүк түштүк бөлүнбө деп айтканы,
Жүрөгүндө сакталууда кыргызда.

* * *

Басайынчы кадам баспас жерлерде
Барайынчы адамы жок четтерге
Бул жашоомдун улантайын калганын
Байыр алып булбулу көп бак жерде

Кетейинчи бул ааламдан жер табып
Кир жүрөктө калгым келбейт мен карып
Кимдер көргөн таза жерди айткыла
Камынайын баруу үчүн тез шашып

Жан кыйнабас жандар барбы ким билет
Жыгылаарда сени турчуу эл сүйөп
Жан дүнүйөң оорун турса дайыма
Жакшы сөзгө туруп калсаң элжиреп.







**Калдыбай кызы Алина**

1998-жылы 16-декабрда Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Ак-Кыя айылында туулган.

2005-жылы ошол айылдагы Бедалбай Амиракулов атындагы орто мектептин биринчи классына кабыл алынып, 2016-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы Ош шаарындагы Кыргыз-Өзбек университетине педагогика адистигине тапшырган. Азыркы убакта 3-курста бюджетте окуп жатат.

Үй-бүлөөдө 5 бир тууганды эң улуусу.

“Өрнөк-Башат” адабий бирикмесинин фондунун бухгалтери.

**БАЛАЛЫК СЕН**

Эң сонун аруу таза балалыктын,
Жүргүлө кетеличи аралына.
Тек гана элес болуп баарыбыздын,
Шегим жок эсибизде калаарына.

Атасы, апасы деп бала жасап,
Түрлөнтүп кийинтчүбүз куурчактарды.
Ошол күн дале эсимде азыркыдай,
Ойногон тамак жасап буурчактарды.

Мен азыр кайткым келет ошол күнгө,
Кир болгон үстү башым, дал ошондо.
Бей капар жүрөр элем эч ойлонбой,
Чоңойбой калуучудай бул жашоодо.

Сагындым аруу, таза мезгилимди,
Тил албай тентек болгон кездеримди.
Кайрадан келбесиңди сенин мага,
Бейкапар жүрүп алып сезбедимби!

Өзүңдүн кайтпасыңды билемин мен,
Кайрылып уул-кызыма келесиң сен.
Ошондо да бир ирээт жолугабыз,
Кошкунуң ага чейин балалык дем.

Тек гана элес болуп баарыбыздын,
Каласың эсибизде балалык сен.

* * *

Тамчысын сүйөм себелеп жааган, булуттан түшкөн
жамгырдын,
Көрсөтпөйт тамчы сен үчүн тамган, көзүмдөн аккан
жашымды.
Унуттум сени, эстебейм эми өзүңдү жаным дегенде,
Түшүрөм эске, көп окуп алып, өзүмө жазган катыңды.

Бүртүгүн сүйөм, себелеп жааган бийиктен түшкөн
ак кардын,
Апапак жана таптаза кылат, бак-дарак менен бакчаны.
Бакчада жүрүп, экөөбүз бирге, өткөргөн күндү эстесем,
Сындырып салгым келүүдө баарын, даракта өскөн
шакчаны!





## САГЫНУУ

Кантейин жаным, сагындым сенин өзүңдү,
Шурудай тизип сүйлөгөн ар бир сөзүңдү.
Сүйүүдөн күчтүү сагынуу экен, билбестен,
Байкабай бир аз кыйнап мен алдым өзүмдү.

Берилип сага, өзгөнү сендей сүйбөпмүн,
Сагынуу деген сезимди такыр билбепмин.
Жанымда жүрсөң жетиштүү болуп баарысы,
Карааның жаным, эч эле көзгө илбепмин.

Сагындым бүгүн, өзүңдү эстеп ардагым,
Кайсы бир жандын, жүрөгүн бүгүн арбадың.
Таберик болуп, кайгымды мага сездирбей,
Жарыгым айтчы, жанымда неге калбадың?

## АКЫМ ЖОК АШЫК БОЛУУГА САГА

Акым жок ашык болууга сендей инсанга,
Ак сүйүүм калаар, сыялап жазган ырларда.
Жүрөктү козгоп, жолуктуң неге асыл жан?
Ар күнү сен деп батамын кайгы, муң, зарга!

Акым жок ашык болууга сендей жакшыга,
Аптыгып сүйүп турсам да көздөн жаш чыга.
Көп жигит көрдүм эч бири сендей болбоду,
Жазылбай неге калгансың менин бактыма?

Акым жок ашык болууга сага жаш мырза,
Кантемин айтчы эт жүрөк сүйүп жактырса?

Бактылуу болгун, кошулбай калса тагдырым,
Бир келген сүйүү болдуң го мага жаштыкта!

Акым жок ашык болууга сендей жакшыга,
Аярың турса, эркелеп сага жакшына.
Аттиң ай тагдыр кошпогон экен бактымды,
Боло албайм тоскоол түбөлүк сенин бактыңа!

## АТАМ-АПАМ

Жаз айы келди көркtөнтүп эшик алдына,
Куш үнүн уктум, келгин куш келди журтуна.
Атакем тиккен өрүктөр гүлүн ачыптыр,
Аңкыган жыты чакырып жатты журтума.

Эшиктин алды бажырап гүлгө оролуп,
Бак–дарак бүрдөп айлана шаңга толуптур.
Аңкыган жыты алыска кетип гүлдөрдүн,
Апаке!!!
Сиз эккен гүлгө көпөлөк келип конуптур!

Сиз эккен гүлгө конуучу менмин көпөлөк,
Атаке, апа, өстүрдүң мени бөпөлөп.
Ак ишиң, адал эмгегиң менен чоңойттуң,
Тууруңдан учтум, максаттуу жолго көкөлөп!

## ЖҮРӨГҮМ ЧАЧТЫ ЖАРЫГЫН

Термеле тиктеп, сүрөтүң карап, сагынып сени олтурам,
Жол карап ар күн, келээр деп күтүп, бөксөмдү бир аз
толтурам.





Дендароо болуп, үмүтүн үзбөй, күтсө да байкуш эт жүрөк,
Өзүмдү кыйнап, көз жашым аарчып, башка бир жанга
кол сунам.

Бурганак болуп, түшүнбөй өзүн, жан-дүйнөм турат
буулугуп,
Бир жүргөн күндү эстесе эгер, чыкчудай жүрөк суурулуп.
Биз баскан жолдор, айрылыш жолдор экенин билсем эгерде,
Коштошпой туруп, койнума кысып, калмакмын сага жуурулуп!

Кеткенсиң анда келбестей болуп, коштошуп коюп акырын,
Узатып алып, ыйлады канча, сагынып жүрөк жарымын!
Кеч болгон кезде, кемтигиң түзөп, келипсиң бирок кечиргин,
Керемет таңда, кең пейил жанга жүрөгүм чачкан жарыгын!

## УНУТУЛГАН СЕЗИМДЕР

Бир гана сени сүйдүм, эч кимге теңебестен,
Сен болсо кете бердиң, сүйүүмдү кенебестен.
Кош болгун мен да эми, өзүңсүз тынч жүрөйүн,
Болбогон нерселерди, жалгандан эңсебестен!

Жашоомо неге келдиң, билбей мен олтурамын.
Ак барак бетин сен деп ырларга толтурамын.
Бөксөөсү толбойт анын, мен жок деп ойлобогун,
Көрөсүң башкасына бир күнү кол сунамын!

Билбеймин башта сени, кантип мен сүйгөнүмдү,
Башкалар көрүнбөстөн бир сен деп жүргөнүмдү.
Ойлонуп ой түбүнө, эч эле жетпей жүрөм,
Сен эмес башканы деп, мен азыр күлгөнүмдү!

Арбалып мен өзүңдү, жүрөктөн сүйгөндүрмүн,
Калп эле түштө көрүп, күн сымал тийгендирмин.
Капыстан айланадан өзүңдү көрүп калсам,
Жалгандан күлүп сага, башымды ийгендирмин.

Ойлонсом чындыгында, ал сенден күчтүү окшойт,
Жүрөктү жаралаган, жебеси учтуу окшойт.
Өзүңдү унуткарып, өзүнө тартып алган,
Сүйүүсү мага деген, дарактай түптүү окшойт!

## АРБАЛЫП КАЛДЫМ ОКШОЙТ

Көксөгөн максатым бар, көөдөндө уюп жаткан,
Көздөрүм тик карабай, сезимиң туюп жаткан.
Көргөндө бир өзүңдү, кетемин толкуп ташып,
Күркүрөп аккан суудай дайрага куюп жаткан.

Арбады мени эмнең, эч эле таппай жүрөм,
Жүрөгүм тынбай согуп, өзүмө батпай жүрөм.
Ичтеги сезимимди, тартынып айта албай,
Каалгасын махабаттын, батынып какпай жүрөм.

Арбалып калдым окшойт, кундуздай көздөрүңө,
Сүйлөсөң, шуру сындуу, тизилген сөздөрүңө.
Таптакыр айла таппай, баш катып отурамын,
Айтсаңчы эмне кылсам, мен сенин өзгөрүүңө?





## ЭҢ СОНУН ЖАШАЙЛЫЧЫ

Тирөөчү жөлөктөн жок,
Беш манжа, билектен жок.
Тилемчи байкуш бала,
Мектеп же китептен жок.

Эң алгач көргөнүмдө,
Жүрөгүм зырп дей түштү.
Беш манжа болбосо да,
Акылдуу, өтө күчтүү.

Карегим жашка толду,
Көргөндө тилемчини.
Кудайдан тилеп жаттым,
Мен ага тирөөчүнү!

Кудайга тообо кылдым,
Алты сан аманына.
Көзүмдөн жаштар акты,
Тагдыры жаманына!

Маңдайга жазылганын,
Ал байкуш көрүп жатат.
Токтотпой көз жаштарын,
Жамгырдай төгүп жатат.

Эгерде мүмкүн болсо,
Колумду берээр элем.
Жашоонун кадырына,
А балким жетээр белем?

Бир келген бул өмүрдө,
Бактылуу жашайлычы.
Барыбыз бир жолдобуз,
Жаңаша басалычы!

Суктантып бүт өлкөнү,
Эң сонун жашайлычы!

## БААРЫ БИР СЕНИ СҮЙДҮРӨМ

Болсоң сен жылдыз көктөгү,
Жайнаган жердин көктөмү.
Көктөмдү дагы күйдүрөм,
Баары бир сени сүйдүрөм!

Дүйнөгө сүйүү чачылган,
Бактагы гүлдөй ачылган.
Жүрөккө аны үйдүрөм,
Баары бир сени сүйдүрөм!

Капарга албай жүрсөң да,
Кайгы-муң башка үйсөң да.
Түнт жүргөн жаның күлдүрөм,
Баары бир сени сүйдүрөм.

Бийикке учат көпөлөк,
Жүрбөгүн жаным көкөлөп.
Жүрөгүң сенин күйгүзөм,
Өзүмдү жаным сүйгүзөм!





## КАДЫРЫН БИЛГИН КАРЫНЫН

Көйгөйүң айтам, уккула мени баарыңар!
Кадыры кетип, каралбай калды карылар!
Карамак түгүл, ыйманың, арың жоголду,
Шермендe болбой бапестеп багып алыңар!

Оорутпа балам, мага бер кудай дартын деп,
Ойлонот алар, ар дайым сенин камың жеп.
А сенчи күндө, дардаңдап ойноп күлөсүң,
Артыңдан канча ээрчитип ушак, арбын кеп!

Тилемчи болуп, көчөдө калды карылар,
Болсунчу дайым аларга курман жаныңар!
Карабай бекер, чыгарып койбо эшикке,
Кайталап кийин, калбасын бекер багыңар!

## СЕНИ МЕНЕН БАКТЫЛУУ БОЛГУМ КЕЛЕТ

Ак сүйүүгө шамчырак жаккым келет,
Мен сен үчүн алоолоп жангым келет.
Сууруп алып жүрөгүң сунуштасаң,
Бир өмүргө жаныңда калгым келет.

Шоола болуп бийиктен тийгим келет,
Түбөлүккө өзүңдү сүйгүм келет.
Бирде жеңил, бирде оор болсо дагы,
Алыстабай жаныңда жүргүм келет.

Жамгыр болуп бийиктен төккүм келет,
Саамайыңдан билгизбей өпкүм келет.
Сени менен бактылуу болуу үчүн,
Өмүрүмдү сага арнап өткүм келет.

## ҮЗҮЛГӨН ҮМҮТ

Сүйөмүн дедиң... ишенген болуп, көрүнүп жүрдүм өзүңө,
А бирок дайым, сак болуу үчүн жайдары карайм көзүңө.
Канчалык сага, ишенгим келип турса да бирок антпедим,
Көңүлүң бөлүп, кунт коюп угуп маани бер менин сөзүмө.

Сүйүүгө болгон ишенич гүлү ал эчак эле соолуган,
Соолуган гүлгө суу куйдум бирок, көңүлүм катуу ооруган.
Ишенип туруп сүйөм деп өзүм канчалык сага айтсам да,
Жүрөгүм зырп дейт, анткени анын бүт жерин жалган
тооруган.

## БОЛСОҢ БОЛДУ БАКТЫЛУУ

Күндө сени көргөн кезде бир ирээт,
Сезимдерим үмүттөрдөн тирилет.
Бир асыл жан арнаса да жашоосун,
Сенин жогуң дайым мага билинет.

Тагдырыбыз бир болбосун билсем да,
Тээ бийиктен күн сыяктуу тийсем да.
Сенсиз жашоом супсак болуп баратат,
Ак сүйүүнү тон кылып мен кийсем да.

Тааныштардай кабыл алып жүрөсүң,
Таарынасың, кээ учурда күлөсүң.
Жүрөгүңдүн ээси кылып деги сен,
Ашык болуп кандай жанды сүйөсүң.





Кайда жүрбө болсоң болду бактылуу,
Менде азыр болбой калган жактыруу.
Сен сезбеген, сен билбеген андагы,
Ак сүйүүнү кереги не шат кылуу?

Махабаттан мен сезимге мас болдум,
Сендик болгон ак сүйүүмө кас болдуң.
Көөдөнүмө терең сиңип алдың да,
Көздөрүмдө көлкүлдөгөн жаш болдуң!

## ЖАЗ ЖЫТТАНГАН БАЛАЛЫК

Айылымдын таза абасы, көк шиберлүү чөптөрү,
Тунук суусу, учкан кушу, жаз айынын көктөмү.
Бал ширелүү, таттуу күндөр эстен кетпейт эч убак,
Балалыгым ушул жердин көчөсүндө өткөнү!

Чыбык менен ат чабышып, шамалдай биз жарышып,
Таңдан кечке, тыным билбей оюн менен алышып.
Нөшөр төккөн жаз жамгырын, мөндүрүн да тоготпой,
Жүрөр элек колдорубуз үшүгөнчө карышып.

Карды жиреп, жер астынан өскөн талаа гүлдөрүң,
Эстен кетпейт тоо боорунан гүл чогултуп жүргөнүм.
Терезеден көз чаптырып, ойго батам, сагынам,
Сенде калды аруу, таза, эң бактылуу күндөрүм.

**Камчыбеков Азиз Разакович**



1988-жылы Жалал-Абад обласынын Сузак районуна караштуу Барпы айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 2005-жылы №75 Нышанбай Алыкулов атындагы орто мектепти аяктаган. Үй-бүлөлүк шартына байланыштуу окуу жайга тапшыра албаган. Беш бир тууганды экинчиси, учурда үй-бүлөөлү бир уул, эки кыздын атасы. «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин айтышы боюнча жазмаларынын жетекчиси.

## АК СӨЗ

Жетсе да башың булутка,
Жерде экен бутуң унутпа.
Кемсинтип уруп, какшатып,
Жардынын шорун курутпа.

Жөө жүргөн жигит бир күнү,
Төө деле минет унутпа.
Керкейип жүрсөң тоготпой,
Каласың жалгыз туюкта.

Ойношко көзүң сүзүлтүп,
Үй-бүлөң барын унутпа.
Күнөөнүн басып балчыгын,
Кез келип өксүп, буулукпа.





Алгандан көрө берген кол,
Жогору болот унутпа.
Ашкере кылып бергениң,
Жетимдин көөнүн суутпа.

Дүркүрөп турса өмүрүң,
Өлүм да келет унутпа.
Дүрбөлөң салат кабырда,
Андыктан жолуң тунукта.

Байлыгың турса агылып,
Зекет бер, аны унутпа.
Жалынып келсе бир адам,
Сасыган оозуң чуултпа.

Акчага бакыт алмашпай,
Абийириң сакта, унутпа.
Жалжаңдап сүйлөп ар жерде,
Өзүңө бербе курук баа.

Жардамың тийсе башкага,
Атагың жетет аскага.
Ардактап кылып ар ишти,
Үлгү бол кары-жашка да.

## ПЕРИШТЕ БОЛДУМ ТӨРӨЛБӨЙ

Кечиргин мени апа, бейишке кетип жатам,
Көрбөстөн жамалыңды, дүйнөдөн өтүп жатам.
Төрөлбөй айландым мен, күнөөсүз периштеге,
Көңүлүм бөксө болду, жытыңды сезбей апам.

Жанында болбосом да, асмандан карап турам,
Бейиште бир болууну апаке, самап турам.
Өтүнөм бул катаңды кайтарба мындан кийин,
Тообо кыл апакебай, антпесең жолуң туман.

Апаке мени кечир, кайгыртып кеткен болсом,
Түн ичи тынчыңды алып, бөйрөгүң тепкен болсом.
Никесиз төрөлсөм да ак сүтүң актап апа,
Зар кылбай көтөрмөкмүн, жашоодон чөккөн болсоң.

Жараткан бүгүн сизге каарланып карап турат,
Жазасын жаадырбастан мен үчүн аяп турат.
Өтүнөм жаным апа дуба кыл Жаратканга,
Күнөөмдү кечирчи деп, акырет жайын сурап.

## КЕЛГЕНДЕ ООМАТ

Келгенде оомат, болобуз катуу болоттой,
Теңселип басып калабыз адам тоготпой.
А бирок, аттиң, ооматың кетсе башыңдан,
Калабыз жалгыз балдаксыз калган чолоктой.

Келгенде оомат, баардыгы болот жомоктой,
Керкейип сүйлөп, жардыны жанга жолотпой.
А бирок, аттиң, кеткенде оомат башыңдан,
Көз жашты төгүп калабыз ыйлап шолоктой.

Келгенде оомат, көкөлөп учуп көппөгүн,
Салам бер, ийил, көрөсүң элдин өскөнүн.
Беш күндүк бүтүп, кеткенде чындык дүйнөгө,
Артыңда калат үймөктөп байлык төккөнүң.





## ЖОЛУКЧУ КАЙРА

Салкын жел сылап саамай, чачтарыңды,
Сыйкырлап арбап алдың жаш жанымды.
Жайнаган ошондогу көз карашың,
Жан эркем, жаркыратты асманымды.

Байкатпай орун алдың жүрөгүмдөн,
Бакыттын даамын татам бир өзүңдөн.
Жай карап жан эргитип сүйлөп жатсаң,
Жан дилим муюп жатты мүнөзүңдөн.

Асыл ой багыт бербей ичте туйлап,
Баргансыйт күндөн-күнгө мени кыйнап.
Берекем ой-кырлардан терип келип,
Берсем дейм сүйүү гүлүн сага жыйнап.

Ар күнү ар кыл кыял, ойлор курчап,
Ашыктык сезимдерим жүрөк тырмап.
Мендеги сага болгон таза сүйүүм,
Мөлмөлдөй келбетиңе калды суусап.

Айлуу түн, ойлоп жатам зирегимди,
Уурданып өпкүм келет илебиңди.
Жолукчу кайра жаным бир мертебе,
Айтайын сага аппак тилегимди.

## МИГРАНТ ЫРЫ

Жүрөбүз бөтөн жерде жумуш менен,
Сыноого толо тура турмуш деген.
Сагынып, санаа тартып, саргаямын,
Апаке, аман-эсен жүрдүң бекен?

Жумуш, үй, окшош күндөр кайталанып,
Үлбүрөп үмүт өчүп, кайра жанып.
Ушинтип өтүп жатат тиричилик,
Уулуңдун эт жүрөгү бырчаланып.

Кейиймин кээде туруп келгениме,
Кошулбай той, аштарда теңдериме.
Талаалап өтүп жатат кайран жаштык,
Көз жумуп кетким келет эл жериме.

Таң азан жумуш издеп, түнү келмей,
Тоюнуп бирде жесем, бирде жебей.
Өкүмү ушул тура тагдырымдын,
Өтүүдө чиркин өмүр жай-кыш дебей.

## МУЗДАЙМЫН

Муздаймын жүрөгүмдүн табы жоктой,
Мункантып карап койсоң көңүл коштой.
Умтулам табын издеп жүрөгүңдүн,
Аттиң ай, бул турмушта багым жоктой.

Муздаймын муң ичине чөгүп барам,
Чыркырайм жүрөгүмдү оюп жарам.





Басмырлап, арман курчап ар тарабым,
Жашоомдун нугун бузуп, соолуп барам.

Муздаймын кыя чаптың, үмүтүмдү,
Кыйналдым ойлоп сени күнү-түнү.
Турмушта багыт таппай чалынсам да,
Кылгырып ичке жуттум күйүтүмдү.

## АШЫКТЫК

Арбалып сага артыңдан турам ашыгып,
Айтканы келдим ак сүйүүм бүгүн батынып.
А бирок аттиң, айта албай турам уялып,
Ай жүзүң көрсөм сүрдөнүп качам жашынып.

Көргөнү шашам чыдабай такыр сабырым,
Байланат качан сен менен менин тагдырым.
Күз демин күтөм санааркап качан келет деп,
Жүрөбүз азыр аралап сүйүү жамгырын.

Ойлосом сени оолугуп согот жүрөгүм,
Оюмдан кетпейт сүйкүмдүү сенин мүнөзүң.
Айрылгым келбейт, бир өмүр болчу жанымда,
Сен болдуң менин жашоодон тапкан чүрөгүм.

Сыйкыр күч бардай, берметтей сенин жүзүңдө,
Көп сөздөр жатат айтылбай жүрөк түбүндө.
Чыдайын мейли, убакыт келет бир күнү,
Алтыным сени аламын быйыл күзүндө.

## БОЛОТ-БОЛБОЙТ

Көп түкүрсө көл болот,
Көл толкуса сел болот.
Көгөрүп турса зоболоң,
Көтөргөн сени эл болот.

Жардамың тийсе элдерге,
Батаасы сага дем болот.
Нааразы кылып какшатсаң,
Наалатка калып жем болот.

Адамдык сапат болбосо,
Чочкого баркың тең болот.
Кызмат кылсаң эл үчүн,
Келечегиң кең болот,
Кең кылбасаң пейилди,
Эки дүйнөң кем болот.

Арам оокат аш болбойт,
Сокур көздө жаш болбойт.
Акылман айтат акылын,
Акмакта акыл, баш болбойт.

Ар нерсе айтып лакылдап,
Куу киши такыр пас болбойт.
Ак караны ылгаган,
Жакын досуң кас болбойт.

Кыштын камын жазда көр,
Бала-чакаң ач болбойт.
Келечек жайын ойлосок,
Дүүлүгүп көзгө жаш козгойт.





Жеп койду дейбиз чоңдорду,
Жегени менен аш болбойт.
Кенен таштa кадамды,
Кеңири кара ааламды.
Келечек азыр биздики,
Карыды алар, жаш болбойт.

## АДАМ ДЕГИ КӨНӨТ ЭКЕН БААРЫНА

Бурмалап туура кеткен жолубузду,
Бүдөмүк, кыска кылдык оюбузду.
Жалындап күйүп турган бактыбызга,
Көз жумуп, шилтеп койдук колубузду.

Баш ийип тагдыр койгон талабына,
Жөнөдүк жалгыздыктын аралына.
Жүрөктөн сүйүүбүздүн шамы өчтү,
Үмүт жок кайра анын жанарына.

Балкыган бактыбызды баалабадык,
Оорутуп, көңүлдөрдү жараладык.
Ортодо көктөп турган бакыт багын,
Ойлонбой так ортодон араладык.

Кошулбай, төп келишпей ойлорубуз,
Кыялап кыйшык кетти жолдорубуз.
Чынында көңүл толбос ишеничтен,
Чарчадык жалгандардан болгону биз.

## БАЛАМЫН

Түтүн улап, үй-жай күттүм карагын,
Отуз жаштан ооп кетип барамын.
Каралдым деп карек менен айланып,
Ата-энеге дагы деле баламын.

Кырктын кырын ашып кетип барамын,
Бырыш түшүп, айтып турат саламын.
Ак аралап турса дагы чачымды,
Ата-энеме баягыдай баламын.

## ОЙЛОНЧУ ЭЛИМ

Ойлончу элим, ойлонор убак, кез келди,
Антпесек кыргыз тилибиз абдан тепселди.
Өзгөнүн тилин сүйлөдүк оозду толтуруп,
Өз тилим артта өгөйдөй болуп жектелди.

Көрдүңбү өзбек кыргызча сүйлөп жатканын,
Ашыра сүйлөйт, өзүнүн айтып дастанын.
Жан кейийт көрүп, көчөдө кээ бир адамды,
Өзбекке барып, өзбекче сүйлөп жатканын.

Улутчул дебе, ырымды окуп артымдан,
Тилимди мактап көкөлөп алга талпынгам.
Улуулар бизге калтырып кеткен бул тилди,
Урпакка берүү, мойнума менин артылган.

Бөлүндү дебе билбестен туруп бекерге,
Бөлүнгөн эчак, тил менен улут эки элге.
Достукту сакта өзбекпи мейли башкабы,
Тилиңди бирок, сатпагын кыргыз чет элге.





## БАЙЛАРГА КАТ

Байлык чечсе бактылуулук чындыгын,
Пайгамбарым бермек эле буйругун.
Бактылуулук байлыкта эмес, бул динде,
Өмүрүңдү ибадатка бургунуң.

Акча үчүн бирөө менен урушпа,
Берешен бол, ач көз болбо, тырышпа!
Байлык топтоп алтын таажы кийсең да,
Бир тууганым акыретти унутпа!

Бүгүн барбыз, эртеңкини ким билет,
Ойлоп көрчү назар салып бир ирет.
Дүйнөң ашып жерге батпай жатса да,
Көзүң өтсө арзан кепин кийгизет.

Канча байлар, үстүндө бир жыртык жок,
Жашоосунда кемчилик жок, кынтык жок.
Миң чиренип, менменсинип жүрсө да,
Коркуп жашайт жүрөгүндө тынчтык жок.

Ой жүгүртүп, карап көрсөк заманга,
Кудай баарын баш ийдирген адамга.
Бирок эсте «өлүм» келет күтүлбөй,
Түркүк болуп калбайт эч ким ааламга.

Мен байларды мечит көздөп жүгүр дейм,
Мен алардай байлык үчүн жүгүрбөйм.
Оо, Жараткан миң мертебе кайталап,
Алты саным аманына шүгүр дейм.

Оо, Жараткан миң мертебе кайталап,
Алтын башым аманына шүгүр дейм!

## САГЫНДЫМ КЫЗЫМ

Сагындым кызым, кусадан төктүм жашымды,
Айламды таппай ар жерге урдум башымды.
Кылыгың сенин көзүмдө турат элестеп,
Кыйналып жаман эт жүрөк эзип, жанчылды.

Сагындым кызым, садагам менин асылым,
Уксам дейм үнүң «ата» деп айткан акырын.
Турмуштун татаал запкысы бөлүп экиге,
Тушалып турат ой-максат менен акылым.

Сагындым кызым, садагам Аруузатымды,
Кудайдан тилейм өмүрүң, ыйман, баркыңды.
Оорубай жүрчү, өмүрдө жолуң ак болуп,
«Ата» – деп келип, көтөрчү көңүл жарпымды.

Сагындым кызым ширинима менин данегим,
Саргайып карайт сүрөтүң күндө карегим.
Ишенем бир күн келерсиң издеп «ата» деп,
Амалын таап апаңдан алып дарегим.

Сагындым кызым Кудайга кылдым аманат,
Болсом да мейли ким үчүн мен бир жаман ат.
Жараткан өзүң жардам бер бирге болууга,
Жалбарып калам жалооруп тынбай далалат.

Сагындым кызым, каректе ачуу жаш турат,
Азыр да тынбай көзүмдө турат жаш кулап.
Сабыр кыл деймин өзүмө өзүм дем берип,
Жеңимди кармап, жакамды тиштеп тарткылап.





Сагындым кызым бере албай ата мээримим,
Жек көрүп жаман өзүмө өзүм кейидим.
Убагы келет сен менен чогуу болууга,
Түз болсун мага ак ниет оюң, пейилиң.

## КАРА КӨЗҮМ

Тиктеп койсом кашың серпип карадың,
Кара көзүм бир жылмайып карагын.
Жаркыраган чырайыңа тигилип,
Кыялымда сен деп күйүп, жанамын.

Күлүп койсом наздуу тиктеп карадың,
ага деген ачтым сүйүү барагын.
Сырдашканы жакын барсам жаныңа,
Уяңсырап сылык сөзүң аядың.

Кара, кундуз, тармал чачың өрүлгөн,
Көрөр замат түркүн ойго чөмүлгөм.
Күлүп турсаң жүрөгүмдү багынтып,
Кантип сени сүйбөй өтөм өмүрдөн?

Башка жигит карек салып караса,
Кызганамын токтоно элек балача.
Томсоромун сырттан карап буулугуп,
Бирөө эгер жүрсө сага жанаша.

Жол бербеймин колдон келсе андайга,
Жагынууга жаным сага барбы айла?
Жароокерим бир болоорбуз өмүрдө,
Жаратканым жазган болсо маңдайга.

## АТА-АПА

Аска-Зоо, арка жөлөк тиреп турган,
Ар дайым амандыгым тилек кылган.
Көз талып, кирпик какпай карайлаган,
Ата-Апа, сиздер үчүн жаным курман.

Бириң Күн, бириң Айсың жарык берген,
Жол таптым акыл-насаат кебиңерден.
Дөөлөтүм өзүңүздөр өргө чапчу,
Карызмын эч кутулгус мен силерден.

Чоңойдум мээримиңер кучагында,
Ааламга канат жайып учамын да.
Эгиз тал, асман тирер апам-атам,
Эркелеп ойноочу мен, бутагың да.







**Абдиназар кызы Нургиза**

1998-жылы 15-январда Жалал-Абад облусунун Чаткал районуна караштуу Кызыл-Токой айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 2005-жылы Алике Айымбетов атындагы толук эмес орто мектептин 1-классына кабыл алынган. 2006-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Булутбек Камчыбеков атындагы орто мектепке которулган. 2016-жылы аталган мектепти ийгиликтүү аяктап, ошол жылы Ош Мамлекеттик Социалдык Университетинин Тарых-Филология факультетине тапшырган. Учурда аталган окуу жайдын Англис тили бөлүмүндө 3-курста окуйт.

Токтогул Сатылганов атындагы мектептер аралык кароо сынакта 1-орун, Таттыбүбү Турсунбаевага арналган Республикалык кароо сынакта 3-орун, Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдык юбилейине арналган окуу жайлар аралык кароо сынакта 3-орунду ээлеген. Үй-бүлөдө үч бир тууган-дын экинчиси. «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин уюштуруучусу.

## САГЫНЫЧ КАНДАЙ СЕЗИМ

Сагыныч кандай сезим?
Ал бир «дарт» жүрөктөрдү канатуучу,
Жүзүңдөн жылмаюуну таратуучу.
Ай, күнү мында турсун, саат карап,
Ар өткөн мүнөттөрдү санатуучу.

Сагыныч кандай сезим?
Ал «санаа», жан-дүйнөңдө тынчыбаган,
Ээ бербей бүт оюңду чымчылаган.
Азгырып кыялдарды алып учуп,
Таштаган түпсүз жерге тунжураган.

Сагыныч кандай сезим?
Ал «сезим», өрт сыяктуу жалындаган,
Жан болбос ал сезимге кабылбаган?
Сагыныч алоосунун арты менен,
Канчалап ыр-дастандар жазылбаган.

## ТАБИЯТ

Кайгы-азапты үйүп алган булуттар,
Кең дүйнө алар үчүн болуп тар.
Издегенсийт жылуу сөздү ар жактан,
Тоңуп калган жүрөктөрдү жылытаар.

Сыртта жамгыр, алай-дүлөй чар тарап,
Турган өңдүү тынч сезимди талкалап.
Жарыгындай, чагылгандын «жарк» эткен,
Жүрөк турат миң жеринен канталап.

Сыртта мөндүр, тынчым алган бурганак,
Жылуулук да менден качып уурданат.
Уйкум келбей таң агарып атканча,
Болдум чиркин, түнкү учкан «жарганат».

Карга айланды нөшөрлөгөн жамгырлар,
Мен да алардай жашым төгүп алгым бар.
«Келе гой!» – деп кулач жайса, сүйүнүп,
Ал ак кардын кучагында калгым бар.





Алгач жамгыр, а кийин кар өпкөлөп,
Жаратылыш жашын тыйбайт өңдөнөт.
Табияттын так эмес, бул сырындай,
Адамзат да көз ирмемде өзгөрөт.

## СЫР

Жалгыздап калган дарактай жүрөм,
Жазылбай калган барактай жүрөм.
Жүрөктө калган жараттай болуп,
Жүзүмөн ыйым таратпай жүрөм.

Сүйүүгө нурум себе албай жүрөм,
Сагынычтардан кете албай жүрөм.
Сезимге таза бере албай азык,
Сиздей бир жанга жете албай жүрөм.

Арзуумду сизге айта албай жүрөм,
Адашкан жолдон кайта албай жүрөм.
Ашыктык оту байкалбай, сизден,
Алыстан көрсөм тайсалдай жүрөм.

## КҮТӨ БЕРЕМ

Минип алып кыялдардын кемесин,
Күтө берем, бир адамдын элесин.
Эгиздердей жүрсөк деймин ээрчишип,
Түбөлүктүү сүйүүм качан келесиң?

Издегендей баласы өз энесин,
Мен да издейм, бир адамдын элесин.

Кол кармашып жүрсөк арман жок эле,
Чексиз сүйүү, мага качан келесиң?

Арнап ага өмүрүмдүн сересин,
Жайып коюп күтүүнүн тор желесин.
Жүрөм аста үмүт үзбөй жол карап,
Түбөлүктүү сүйүүм бир күн келээрсиң...

## БЕРЧИ АТА БАТАҢДЫ

Берчи ата, берчи ата батаңды,
Кыз узатып, өстүрдүм уул баламды.
Күлсө күлүп, ыйласа да кошо ыйлап,
Балдарыма арнадым ой-санаамды.
Эми минтип эрезеге жеткенде,
Бар бакытты балдарымдан табамбы?

Кечирчи ата, ар бир кылган катамды,
Кечир ата, эрке мүнөз балаңды.
Билбейм азыр, сиз ойлогон уул болуп,
Туура жолдо кадам таштап жатамбы?
Эркелигим эске түшүп, а балким,
Байкабастан орой сүйлөп аламбы?

Билем ата, эмгегиңиз чоң менде,
Ыңаалап мен бул дүйнөгө келгенде.
Аалам сыйгыс сүйүнүчтүн көз жашын,
Көздөн эмес, жүрөктөрдөн тергенде.
Кубангансыз бул жарыкка келди деп,
Аруу, таза бир наристе, бир пенде.





Эстейм ата, кетирген бүт катамды,
Кечирчүсүң, шок болсо да балаңды.
Ойлоп көрсөм, кең болбойт экен сенчелик,
Кошсо дагы ай, күн, жер, бүт ааламды.
Бакытыңа бөлөп дайым жыргалда,
Оо Жараткан, колдоп жүрчү атамды.

## АПАКЕБАЙ

Бактылуубуз сиз бар кезде жаныбызда,
Ыраактасак кетет бизден алыбыз да.
Жашообузду шаңга бөлөп, дем-күч берген,
Апакебай, шүгүр сиздин барыңызга!

Күндүн жылуу нуру болуп төгүлүңүз!
Сынбасын эч гүлдөй назик көңүлүңүз.
Ажал менен бет келишип бизди тапкан,
Апакебай, узун болсун өмүрүңүз!

Жыпар чачкан бейиш жытын себиниңиз,
Чоң бакытка балкып жүрсүн сезимиңиз.
Баарысына берсе дагы бөксөрбөгөн,
Апакебай, аалам сыйгыс мээримиңиз!

Биз деп канча азап тартып оорудуңуз,
Чаң жугузбай чымындан да корудуңуз.
Бар бакытым, бар байлыгым, бар тилегим
Апакебай, сиздин аман-соолугуңуз!

Жашооңузду биз үчүн деп арнадыңыз,
Жан тынбаган ак эмгектен талбадыңыз.
Ооруңузду колдон алат эми сиздин,
Апакебай, сиз чоңойткон балдарыңыз!

Сездирбейбиз эч убакта кайгыны биз,
Сизсиз биздин бейишибиз, жалгызыбыз.
Жеңилиңиз жерден алат эми сиздин,
Апакебай, бөпөлөгөн жан кызыңыз!

Сүйүү толгон кубанычка байладыңыз,
Мээрим менен капалыкты айдадыңыз.
Он сегиз миң ааламдан да кеңдик кылат,
Апакебай, сиздин кучак жайганыңыз!

Сиз бар үчүн, дүйнө бүтүн, аалам жарык,
Апакебай, куттуу болсун майрамыңыз!

## СИЗ ДЕЙМИН

Махабаттын баркын сезбей, жүргөн канча билбеймин,
Сүйүү үчүн курман болгон, угам жандын миңдейин.
Башкалары мен жөнүндө эмне айтса мейличи,
Анткени мен сизди сүйүп, жалгыз гана сиз деймин.

Баалап алгыс бакытым бар, аны эч кимге бербеймин,
Башкалардын жүрөгүнө «кир!» – десе да кирбеймин.
Башкалардын жүрөгүнө «кир!» – десе да кирбеймин.
Өзгөлөрдүн оюу мени кызыктырбайт, себеби,
Сиз мен үчүн жаралгансыз, а мен жалгыз сиз деймин!

Сүйүүгө зар болгон канча, назарыма илбепмин,
«Менин сүйүүм кайдасың?» – деп бир адамды издедим.
Издеп жүрүп, бүгүн мына, таптым махабатымды,
Ошол чексиз сүйүүм сизсиз, жалгыз гана сиз деймин!





## БАЛДАЙ ТАТТУУ БАЛАЛЫК

Эсиңдеби, досум анда, алты жашар кез элек?
Турмуш, түйшүк, кайгы-капа, эч нерсени сезе элек.
Ылайдан үй жасап алып, конок тосуп ар күнү,
Жалбырактан тамак жасап, таттуу көрүп жечү элек.

Эсиңдеби, досум анда, жети жашка чыкканбыз?
Чоң энебиз айтып берген көп жомогун укканбыз.
Жомоктордо жашап жүрүп, кыял менен ар күнү,
Арыктагы көлчүктөн биз, «алтын балык» тутканбыз!

Эсиңдеби, досум анда, сегиз жашар кезибиз?
Бир урушсак кайра унутуп, бир чыкчу эле сөзүбүз.
Сахнадагы жылдыз сезип, ырдап, бийлеп ар күнү,
Концерт коюп кубантчу элек өзүбүздү өзүбүз.

Эсиңдеби, досум анда, тогуз-онго толгонбуз?
Кайгысы жок күндө ойноп, биз бактылуу болгонбуз.
Көздү жумуп, бал уйкуда, жыргап уктай бермекмин,
Баркы чексиз балалыгым түш болгондо ойгонгус.

Жүрчү досум, кайталычы, балалыкка кайрадан,
Тоону ашып, керек болсо, сүзүп өтүп дайрадан.
Кубалашып жетеличи, куса толгон жаштыкка,
Көргүм келет, таттуу күнүм, аруу сезим жайнаган.

## КУРМАНЖАНЫМ
*(акро ыр)*

Кусалыктан жабыркап, ооруйт денем,
Көргөн түшүм сан миңге жоруйт элем.
Курманжаным, сыздатып баарыбызды,
Көп жашабай беш күндө соолуйт белең?

Уулап турмуш, өмүрүң калды куурап,
Улутунам карекке жашты суулап.
Учурунда коштошпой калганыма,
Уу жутамын өкүнүп, баш ургулап.

Раазы болуп шартына калыстыктын,
Рахатын да көрбөдүң жарыктыктын.
Роза сымал ачылган нур жүзүңдү,
Романыма келүүдө жазып чыккым.

Мээрим эмне билбестен кеттиң эрте,
Мени кыял бакытка жеткирерде.
Мен жоготтум өзүңдү түбөлүккө,
Мезгил кышта, түнкү саат экилерде...

Ажал деген оорудан алсырадың,
«Ая!» дедиң, Жалооруп жан сурадың.
Алыс сапар алганда билдиң бекен,
Айрылуудан бүт дүйнөм жанчыларын?

Нар отундай күйүүдө алсыз денем,
Назик күлкүң жаңырат сансыз, дегем.
Назарыма албапмын оору күчүн,
Наристеңде коюлду жансыз денең.





Жалдыраган көзүңдүн күчү калбай,
Жарыгым ай, кыйналдың үзүлө албай.
«Жашай албайт» – дешкенин угуп калып,
Жапжашмын да, турганмын түшүнө албай.

Арман менен өмүрүм уланууда,
Ар бир күнүм аттиңден куралууда.
Алат элем мен сени баарын берип,
Акым болсо, кайра жан сурануунга.

Неге ошондо кучактап койбогонмун?
Неге искеп, жытыңа тойбогонмун?
«Неге?» деген суроонун себебине,
Негиздүү жооп таба албай ойлономун.

Ырыскыңды Кудайым аз бериптир,
Ыроологон күңдү да саз бериптир.
Ысыгына жылынбай калсаң дагы,
Ырларымда жашап сен, жаз берип тур.

Мээрим чачкан бир тууган сиңдим болуп,
Мен жараткан ырларда жаз болуп тур.

## ДЕГИ КИМБИЗ АСТЫНДА ЖАРАТКАНДЫН

Чындык көрсөк жүз буруп буйдалабыз,
Чымындай бир иш үчүн кыйналабыз,
«Чырт» этсе эле ушак кууп жыйналабыз.
Деги кимбиз астында Жаратқандын?

Минип кымбат машине, там салабыз,
Министрлер жөө жүрсө таң калабыз,

Миллиондун башын жейт «таңданабыз»
Деги кимбиз астында Жараткандын?

Ар-намысты тебелеп таштаганбыз,
Арам суудан ыраактап качпаганбыз,
Аруулуктун эшигин ачпаганбыз,
Деги кимбиз астында Жараткандын?

Жаныбызды акчага байлаганбыз,
Жаак этибиз сынганча сайраганбыз,
Жалкоолукка жашоону кайраганбыз,
Деги кимбиз астында Жараткандын?

Көчөгө миң жасанып, түрлөнөбүз,
Көр дүйнөгө жетүүнү үйрөнөбүз,
Көсөмдөргө «тантык» деп сүйлөнөбүз,
Деги кимбиз астында Жараткандын?

Жардылыктан ич өрттөп арданабыз,
Жаза басса кээ бирөө, карганабыз,
Жакшы ишти баштоодон жалтанабыз,
Деги кимбиз астында Жараткандын?

Оорулуудан бир кабар ала албасак,
Окшош күндөн бир майнап таба албасак,
О дүйнөгө сооп менен бара албасак,
Ким болобуз астында Жараткандын?

Саламына алик жооп бере албасак,
Самап турган напсини жеңе албасак,
Сан миң соопту жүрөккө тере албасак,
Ким болобуз астында Жараткандын?





Жумшак мүнөз, жөнөкөй боло албасак,
Жумурай–журт көөнүнө толо албасак,
Жуурулушуп ыйманга жол албасак,
Ким болобуз астында Жараткандын?

## ЖАКШЫЛЫГЫМ

*(Авиакырсыкта ата-энесинен
ажыраган Жакшылыкка)*

Жарыгым ай, жүзүңдүн катчы муңун,
Жалдыраган көзүңдүн чаччы нурун.
Жаның сыздап, зыркырайт, сезип турам,
Жалганынан дүйнөнүн, Жакшылыгым.

Алып келип замана каатчылыгын,
Арман тапты күлгүндөй жашчылыгың.
Азап уусун ичесиң күндө, билем,
Ачуусунан дүйнөнүн, Жакшылыгым.

Өзөк өрттөп күйүүдөн каччы нурум,
Өмүрүңдүн, жашооңдун тапчы нугун,
Өжөр бол да, күчтүү бол, жеңип баарын,
Өкүнүчкө батпастан Жакшылыгым.

Сыздап жүрөк, ый менен жаздым ырым.
Сыноолорго сынбачы, Жакшылыгым!

## АЙТМАТОВ ААЛАМЫНДАГЫ СҮЙҮҮ

Өтсө да мезгил куштай канат кагып,
Өмүрлөр калат мында барakталып.
Өкүнүч болбос үчүн бул турмушта,
Өтөлү жашообузга канааттанып.

Кандырып суусап турган көксөөбүздү,
Калтырып аркасынан өчпөс изди.
Таланты таң каларлык жазуучубуз,
Тааныты бүт ааламга өлкөбүздү.

Символун махабаттын ачып берген,
Сүйүү деп нечен ирет жашып келген.
Жараттың Жамиланын ак сүйүүсүн,
Жакшысын жанынан да ашык көргөн.

Сезимин башкалардай жашырбаган,
Секелек келин болчу жаркылдаган.
Өзгөчө шайыр эле шаң-күлкүлүү,
Өзгөлөрдөн кылчактап тартынбаган.

Күрөшүп өзү тапкан сүйүү менен,
Күн көрдү сагынычта жүрүү менен.
Баш ийбей кур сөздөргө, алда-канча,
Бак тапты Даниярдан «сүйүү» деген.

Чыңгыздай махабатты даңктады ким?
Чын сүйүү кереметин сактады ким?
Жамийла, Даниярдын сүйүүсүнө,
Жан үрөп, ой-кыялга батпады ким?





Бактылуу болсо дагы каармандары,
Бар анын ичке толгон армандары.
Ашыгы-колуктусу болбой калган,
Аттиң ай, бул дүйнөнүн жалгандары.

Сүйүүнү баарысынан бийик койгон,
Сүйүүгө жүрөктөрдү ийип койгон.
Айтматов даңктап өткөн бул махабат,
Азыр да даражасы бийик бойдон.

## БҮГҮН МЕН

Бүгүн мен баарын таштап кетким келди,
Бүркөлгөн булуттарга жетким келди.
Көлкүлдөп толуп турган тамчысына,
Көз жашым кошуп, кошуп төккүм келди.

Бүгүн мен чөгүп барам кайгы-муңга,
Бүк түшүп бүт жан дүйнөм кайгырууда.
Чыр салып, жүрөк булкуп ыйлап алды,
Чыдамы жетпей такыр айрылууга.

Бүгүн мен ыйлап турам жашым тыйбайм,
Бүдөмүк ойлорумду чачып, жыйбайм.
Баарысын берсем дагы, ыраазымын,
Башкага сени эч бир жаным кыйбайм.

Бүгүн мен барым-жогум, билбей турам...
Бүгүлгөн жүрөгүмө кирбей турам.
Өрт болуп күйүп жанып турган менен,
Өзгөнү назарыма илбей турам.

Мен бүгүн кең дүйнөгө батпай турам,
Мээлеген кыял жебем таппай турам.
Өксүк үн жаңыргансып кулагыма,
Өзүмө өзүм билбейм, жакпай турам.

Мен бүгүн жалгандардан куурап турам,
Мерездик жан дүйнөмдү уулап улам.
Баарысы жакшы болот деп өзүмдү,
Бир азга көңүлүмдү кубандырам.

Мен бүгүн өзүмдү өзүм жектеп турам,
Мээримсиз жүрөгүмдү кектеп турам.
Түгөнбөс ойлор сени жүдөтпөсүн,
Түбөлүк андан көрө «кет!» деп турам.

## ТАТТЫБУБУ ТУРСУНБАЕВАНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Элибиздин эң бир сулуу ак куусу,
Эңсеп жүргөн нечен жандын бактысы.
Келбетиңе суктанышкан далайлар,
Келет азыр кайра сени тапкысы.

Кызгалдактай ачып турган гүл өңү,
Кыргызымдын кайталангыс чүрөгү.
Турат азыр, кабыргабыз кайышып,
Таттыбүбүм, сокпой аттиң жүрөгүң.

Сансыз тамга басып коюп ташыңа,
Сапар алдың отуз жети жашыңда.
Өзүң жокто, жоктугуңду билгизбей,
Өчпөс изиң калды минтип артыңда.





Карабастан кырчын курак жашыңдын,
Келбес жакка неге мынча шашылдың?
Эч жаныңдан көрбөсөм да өзүңдү,
Элесиңди ырларыма жашырдым.

Айрым кезде көрүп алып сүрөттөн,
Аттиң чексиз ойлор мени жүдөткөн.
Кетсең дагы кайра келбес сапарга,
Кеткен жоксуң, сени сүйгөн жүрөктөн.

«Кызыл алма»... Сен баскан из... Кең талаа,
Кең талаада баратасың жай гана.
Көрктүү сендей перизатка бейтааныш,
Калды жигит жипсиз гана байлана.

Сен өлбөйсүң! Сени көрөм бүт жактан,
Сен баатырсың, нечендеген тоону ашкан.
«Саманчынын жолун» карап ар күнү,
Сен ошолсуң, жаш Толгонай муң баскан.

Сен тирүүсүң, азыр жашап жүрөсүң,
Сыйлуу болгон көпчүлүккө мүнөзүң.
Улуу инсан, өрттө калган себепсиз,
Уркуядай аялга тең бир өзүң.

Театрдын ханышасы болуп сен,
Талантыңды элге арнап коюпсуң.
Жаш болсоң да, мээнет менен баарынын,
Жүрөгүнө түнөк салып болупсуң.

Өзүң жоксуң, а бирок сен тирүүсүң,
Өмүрүңдүн ачыла элек гүлүсүң.

Сага окшобойт, эч бир аял аттуулар,
Себеби сен – өлбөс Таттыбүбүсүң!

Ал анткени өзгөчө бир аялсың,
Арман кылган нечен жандын сүйүүсүн!

## КАДЫРЫН БИЛГИН КАРЫНЫН

*(Күндүн темасына)*

Уккула мени калың журт,
Учурдук куттун баарын бүт.
Улгайган кезде карабай,
Уулдук ишке жарабай,
Урматты жерге тепселеп,
Уят-сыйыт кетти, арың бүт!

Кулак сал элим баарыңар!
Кулаган дүйнө табылаар.
Кулачын жайып кеп айткан,
«Курч болгун балам!» – деп айткан,
Кучагы толуп кусага,
Куурады бүгүн карылар.

Көңүл бур мага жалпыңар,
Көп сөзүм турат айтылар.
Көчөгө таштап атасын,
Көксөбөй мээрим, батасын,
Көңүлүн койду калтырып,
Көзү көр, акыл тайкылар.





Тыңдагын мени замандаш!
Тынчым жок, көзгө алам жаш.
Таштаба эне-атаңды,
Таш сымал өчпөс катаң бу...
Таяныч болчу ата-эне,
Турмушта кайра жаралбас.

Каргышын албай баарынын,
Кадырын билгин карынын!



**Токтобаева Надира**

2001-жылы Ош областынын Кара-Суу районуна караштуу Кызыл-Кошчу айылында жетишкен үй бүлөдө жарык дүйнөгө келген. 2008-жылы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектептин 1-классына кабыл алынган. 2017-жылы аталган мектептен 9-классты ийгиликтүү аяктап, ошол жылы Ош Мамлекеттик Университетинин Индустриялык Педагогика колледжине тапшырган. Учурда аталган окуу жайдын «Башталгыч класстарга билим берүү» бөлүмүндө 2-курстун студенти.

Үй-бүлөдө беш бир тууганДЫН төртүнчүсү. Поэзия жаатына 2015-жылдан кызыга баштайт. 2017-жылдан поэзия дүйнөсүнө аралашып, чөйрөсүн кеңейтүү максатында “Өрнөк-Башат” Адабий Бирикмесине мүчө болгон. 2018-жылдын күз айында Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун адабий чеберчилик окуу мектебинен окуп, сертификатка ээ болгон. Учурда «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин уюштуруучусу.

## БУЛУТТАР

Асмандан жерди карап, булуттар жашын төгөт,
Асмандан кошуп сыйкыр, жер жүзүн тазарткандай.
Жашына кошуп сыйкыр, жер жүзүн тазарткандай.
Себелеп төгө бергин, жолуңдан тоспойбуз эч,
Антпесе адамзат да, бузулуп бараткандай.

Асмандан жерди карап, булуттар ыйлап жатат,
Ыйына кошуп белги, ааламга тараткандай.





Токтотпо, ачууланба, токтобой төгө берсин,
Ансыз да биз пенделер бузулуп бараткандай.

Асмандан жерди карап, булуттар күбүрөнөт,
Үнүндө ачуусу бар, көп сөздү айткан сындуу.
Каарданба, айта берсин, катылган бүт сөздөрү,
Адамзат өзгөрүүсүн белгилеп жаткан сындуу.

## «АПА» ДЕГЕН АЯР ЗАТ

Теңей албайм, сөзүм жетпей, алсыз жаным күймөнө,
Теңдеши жок жалгыз адам, бул жарыкта, дүйнөдө.
Тоо койнундай кенен анын мээрим толгон жүрөгү,
Тирек болот, жөлөйт, таяйт, жол көрсөтөт дүйнөмө.

Өзү жебей, кызыма деп, катып коёт баарысын,
Билгин апа, жалгыз менин жүрөгүмө дарысың.
Баа жетпеген өмүрүмдө бактым сенсиң баа жеткис,
Билбейм кантип төлөөрүмдү, мойнумдагы карызым?

Санааркайсың сан миң ойдо, кечте үйгө кечиксем,
Саамайымдан сылап сүйүп, кирип келсем эшиктен.
Сыркоолосом кошо ооруп, кыйналасың мени деп,
Сенден бөлөк барбы апа, мени таңдап, эшиткен?

Ааламдын жок апа сендей, жөнөкөйү, мээримдүү,
Айтчы, кимден таба алам, сенден алган мээримди?
Айланамды жарык кылган өчпөс менин чырагым,
Айым, Күнүм, ар убакта ток кыласың көөнүмдү.

Менден эрте туруп алып, тамагымды даярдап,
Окуума да узатасың «жакшы бар» – деп аярлап.

Мээриминдин чексиздигин сездим бүгүн, апаке,
Мен түшүндүм «апа» деген ушунчалык аяр зат!

Мээриминдин чексиздигин сездим бүгүн апаке,
Мен түшүндүм демек «апа» ушунчалык аяр зат!

## КАЙТПА

Кайтпа болду! Мен да кайтпайм кайрылып,
Көз жашымды төкпөйм эми кайгырып.
Сенден калган азаптарды унутуп,
Алмаштырдым, кыш күнүмдү жай кылып.

Кайтпа болду! Керек эмес убадаң,
Эски күндү эске салба, суранам!
Сенин берген азабыңдан арылтып,
Ээлеп алган жүрөгүмдү бир адам.

Кайтпа болду! Эми мага баары бир,
Каректерим чачып калган жаңы нур.
Жолукканмын аздектеген мырзага,
Ал жан менин таалайымдын таңыдыр...

Кайтпа болду! Бөлөк өтөт өмүрлөр,
Эбак эле алысташкан көңүлдөр.
Сезимиңдин чын-жалганын сезбестен,
Болгон экен ошол кезде көзүм көр.

Кайтпа болду! Жолдорумду бөгөп миң,
Калпты сүйлөп өзүңдү-өзүң түгөттүң.
Кайра келип тынч жашоомду бузбагын,
Сенсиз деле жыргап жашап өтөт күн.





## ЫРЛАРЫМА КЕРЕКМИН

Тарый түшөт заар тилиңе бүт аалам,
Мен өзүмдү ырым менен сугарам.
Купулуңа толбосо да төрт сабым,
Калемиме тоскоол болбо, суранам!

Айтчы өзүң, ырсыз кантип түтө алам?
Калемден мен бир башкача күч алам.
Жакпаса да ырга толгон дептерим,
Жазганыма тоскоол болбо, суранам!

Сыйкыры күч сыры толгон бул аалам,
Кантип ага ыр жазбай тура алам?
Сыйкыр менен жазган ар бир саптарым,
Сын такпагын сен аларга суранам!

Саптар жазып, акын болом дебесмин,
Ырым сатып, акча таап жебесмин.
Жазба муну, өчүр баарын дебегин,
Ырлар мага, мен ырларга керекмин!

## СИЗДЕР БАРДА МЕН ЖАШООНУ СҮЙӨМҮН

Жарыктыкта таянаарым, мүдөрүм,
Алыс кетсем сагынаарым, күтөрүм.
Жашоо берген жалгыз гана ата-энем,
Бир мен үчүн өмүр бою түтөрүм.

Жакшылыкка жооруй калса түштөрүм,
Тынч уйкуда өтөт экен түндөрүм.

Сиздер жарык болгон үчүн өмүрдө,
Жамандыксыз өтүп жатат күндөрүм.

Ойноп күлүп мен бактылуу жүрөмүн,
Сиздер үчүн согуп турат жүрөгүм.
Ошондуктан санаам да жок, кайгым жок,
Сиздер барда мен жашоону сүйөмүн!

Көбү ачат сүйүү арнап жүрөгүн,
Ырасында мен алардан жүдөдүм.
Бала бойдон өзүңөргө эркелеп,
Ата, апа, мен силерди сүйөмүн!

Өмүр бою өзүңөргө эркелеп,
Өмүр бою өзүңөрдү сүйөмүн!

## БАЛАЛЫКТАН ЭЛЕСТЕР

Көөдөнүмдү көп көрүнүш баяндап,
Көрсөм азыр чоң турмуштуу күндөмүн.
Күн нурунан аптап алып карарган,
Кайда калды оюнкараак күндөрүм?

Чырпык минип, чуркап келсем көчөдөн,
Айран баштык турган экен илинип.
Колум жетпей кол булгалап секирсем,
Калган эле ал башыма кийилип.

Куурчагымды жерден ала ыргытып,
Көчө таптап балдар менен ойногом.
Апам илген айран баштык эмчүү кез,
Эң бактылуу күндөр экен ойлосом.





Сүт тартаарда жандай калып, олтуруп,
Каймак чыкчуу тешигинен карагам.
Агамдардан алда өтүп аптыгып,
Жан талашып каймак идиш жалагам.

Мактоо сөзгө жибип, кээде сүйүнүп,
Суу чакамды алып барчум эртелеп.
Суу алалбай кулаганым арыкка,
Баягыдай эч эсимден кете элек.

Куурчак эмес, кылычташып ойношуп,
«Жумонгмун» деп кыйынсына кердейгем.
Чырпык минип, атым бул деп ойногон,
Кайтаар беле ошол күндөр «кел» десем?

Мейман үчүн бекитилген таттууну,
Таап алсам, менден артып калчу эмес.
Ошол себеп апам келтектегени,
Ушул күндө болуп калды бир элес.

Чаң көчөдө топурашып ойногон,
Балалыктын таттуулугу ушунда.
Ошол күнкү балалыктан алыстап,
Турам азыр он жети жаш тушунда.

## ҮЧӨӨБҮЗ

*(Элнура, Нуриза, Надира)*

Кайда болсун бөлүнбөстөн жүрөбүз,
Жасалмасыз, чын жүрөктөн күлөбүз.
Жүргөн жердин баарын шаңга бөлөгөн,
Баягы эле биз тентектер үчөөбүз.

Ажыралгыс бекем достук мүдөөбүз,
Талашабыз, жарашабыз күндө биз.
Бир-бирибиз жандай көргөн дайыма,
Жанагы эле ошол достор үчөөбүз.

Ар убакта баарына тең түтөбүз,
Үчөөлөшүп, баарын жасап бүтөбүз.
Эң жөнөкөй касиетти ээлеген,
Биз жакшылар ошондогу үчөөбүз.

Кемтиги жок болсо экен деп тилейм,
Келечекте биздин курчу бүлөбүз!

## БИР ТУУГАНДАР

Карегимдей сактоочу ыйыктарым,
Көтөрүшкөн миң түркүн кылыктарым.
Бар болсоңор бактылуу өтөмүн го,
Бир туугандар силерди сүйүп дайым.

Балбылдаган каректер нурдай жанар,
Баарысынан силерди жалгыз санаар.
Баригиңе баш коюп өтөмүн го,
Бакта турган гүл болуп ачылсаңар.

Топтолгондо ар кечте ошол үйдө,
Кут береке толгондой болот күндө.
Азыр бирге аттиң ай, бирок эртең,
Кетебиз го таралып бөлөк үйгө.

Жарык болуп ар убак жолдоруңар,
Ишке ашсын ак тилек ойлоруңар.





Барлык болуп бир мага сезилет го,
Ар бириңер бактылуу болгонуңар.

## СИЗДИ СҮЙДҮМ, СҮЙҮП ӨТӨМ ТҮБӨЛҮК

Эртеңки күн бизге болот бүдөмүк,
Элестетип калса экен деп гүл өнүп.
Сезимимди сизге арнап андыктан,
Сизди сүйдүм, сүйүп өтөм түбөлүк.

Айрылууга себеп барбы жүйөөлүк?
Айрылышпас эгиздердей жүрөлүк.
Тагдыр мага башка жанды сунса да,
Сизди сүйдүм, сүйүп өтөм түбөлүк.

Кош тагдырлар болор бизге күбөлүк,
«Кош» дебестен, арзышалык, сүйөлүк.
Бул жашоодо ичер суум бүтсө да,
Сизди сүйдүм, сүйүп өтөм түбөлүк!

Бул жашоодон мен арманда өтсөм да,
Сиз деп жүрүп, сиз деп өтөм түбөлүк!

* * *

Көргөнсүз качан мындайды?
Кийгендер муну жыргайбы?
Согуштан калган кийимдей,
Ушуну тапкан турбайбы?

Ыйманды коюп унутуп,
«Мода» деп кеттик куушуп.

«Андайды кызым кийбе!» – деп,
Айтпайбы энең урушуп?

Киндигиң турат көрүнүп,
Калгандай шымың сөгүлүп.
Карылар көрсө эмне дейт?
Каректен жашы төгүлүп.

«Хиджабчан» көрсөк сүйлөйбүз,
Жоолукту такыр сүйбөйбүз.
Ыймандын сыры хиджапта,
Биз неге кийип жүрбөйбүз?

Учурдун ушул талабы,
Уул-кызга тийди сабагы.
Көрсөтүп жүрүп киндигин,
Көөдөндө ыйман калабы?

Эжеби, сиңдим угуп тур,
Көңүлүң бир аз буруп тур.
«Еврейдин» жыртык шымынан,
Улуттук кийим улуктур!

## АТАКЕБАЙ

Атооу.., Атакебай! Атайын сизди кантип?
Кызың жок баштагыдай эркелей берчү антип.
Бооруңа кысчы мени бакытка бөлөнөйүн,
Бой жеттим, эми башка чачыма такпайм бантик.

Жан дүйнөм кубат алат, көргөндө көздөрүңүз,
Жылуулук каптайт мени, укканда сөздөрүңүз.





Бактылуу күндөрүмдүн сиз болуп себепчиси,
Баа жеткис бийиктикте, далилдейм өскөнүбүз.

Алыстап кетсем эгер, мен сизди сагынамын,
Күн эмес ар мүнөттө, сиз тарап агыламын.
Жүрсөм да алыс жерде, жүрөгүм сиздер менен,
Мезгилдин талабына айласыз багынамын.

Атооу.., Атакебай! Ыйыгым карегимден,
Жаралды ырым сизге, сыялуу калемимден.
Жылмайган жүзүңүздү түбөлүк көрүп турсам,
Адашпайм эч убакта, бактылуу дарегимден.

Жылмайган жүзүңүздү ар мүнөт көрүп турсам,
Адашпас болуп жашайм, бактылуу дарегимдин.

## КЫРГЫЗСТАНЫМ

Өзүңсүң тамган жери киндик каным,
Өмүрдөн өткөнүмчө сендик жаным.
Ыйык деп жүрөгүмө бек тутканым,
Ырыстуу Ата-Журтум, Кыргызстаным.

Кооздугу көз уялткан бейиш багым,
Өзүңдөн татам ар күн өмүр даамын.
Кемтиксиз жаралгандай түрдүү жагың,
Келечек үмүтүмсүң Кыргызстаным.

Күн дагы чыгаар замат сени беттейт,
Жай-кышы тоолоруңдан мөңгү кетпейт.
Айтылып бүткүс сага мактоо ырым,
Калемим сүрөттөөгө сөзү жетпейт.

Түбөлүк сүйөм сени жүрөгүмдөн,
Бир өмүр байырлоочу түнөгүм сен.
Мекеним ыйыгымсың Кыргызстаным,
Көз тоюп бүтпөйт сенин гүл өңүңдөн!

## ТАК КАЛБАЙ

Күз күнүмдө жашылданды бак бүгүн,
Кошо тердик жайнап турган бак гүлүн.
Жыл айланып кайтып күзүм келгиче,
Аягына чыгып бүттү ал күнүм.

Балким жоктур арүү-таза өзүңдөй,
Бир да жандан сендей бакыт сезилбей.
Түбөлүктүү жарың болчу тапканың,
Жүрөгүңдү булгабасын өзүмдөй.

Жүдөө кылып учурдагы жашоонду,
Жүрөгүңө бүлүк салып жатамбы?
Жарың кылып алар кызың кайрадан,
Жасабасын менин кылган катамды.

Сен ишенген ишеничиң акталбай,
Калдым мына, жүрөгүңдө сакталбай.
Сүйүп турса сенин алган сүйгөнүң,
Калар эми карегиңден жаш тамбай.

Кадырласа балдарыңдын апасы,
Калат балким жүрөгүңдө так калбай...





## АТА-ЖУРТ

Кен байлыгың башкалардан катайын,
Кучагыңа эркин ойноп батайын.
Кереметтүү ыйык жерим өзүңдү,
Көздөрүмдүн «кареги» деп атайын.

Коoздугуңа бүтүн аалам багынат,
Кыраандарың бир сен үчүн жан урат.
Караанынды сүрөттөсөм Ата-Журт,
Калемимдин сыясынан агылат.

Кайсыл жерден мына ушулар табылат?
Көзүң болуп тоо таштарың тагылат.
Карасаңчы, чыгышыңдан жымыңдап,
Күн да сага ар бир таңда жагынат.

**Байташова Чынара Арстанбековна**

1977-жылы 4-августа Ош областынын Алай районуна караштуу Корул айылында дарыгердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1984-жыл Тогуз-Булак орто мектебине кирп 1994-жылы окууну аяктаган. 1997-2002-жылдары Ош Мамлекеттик Университетинин Табият таануу факультетинде окуган. Кесиби педагог химик.

Азыркы учурда Ош шаарында жашайт жана эмгектенет. Үч баланын бактылуу энеси.

"Өрнөк-Башат" адабий бирикмесинин мүчөсү.

## КЕЧИР МЕНИ

Кечир мени байкабасам сүйүүңдү,
Салдым окшойт жүрөгүңө күйүттү.
Кечир жаным, сезбей кетип калыпмын,
Мага болгон арашандай үмүттү...

Кечир мени капарыма албасам,
Кечир мени жат адамды жандасам.
Катачылык болуп биздин тагдырда,
Кечир жаным сүйөмүн деп арбасам.

Арылбасмын алыстабас армандан...
Алгач сүйүүм жүрөгүмө жалданган.
Канаат кылып бул сүйүүмө кечир деп,
Сүйбөй эми өтсөм керек жалгандан.





## ЖҮРӨ АЛБАДЫҢ

Оргуп чыгып көкүрөктүн баяны,
Оттой күйүп бүткөн сүйүү аягы.
Күз күнүндө айтып ички сырымды,
Күндө келем суу боюна баягы.

Кайран гана сезимдерим уяттуу,
Карга сымал тоодон мени кулатты.
Карааныңды көрсөтпөстөн кет эми,
Кайкып учкан каркыралар сыяктуу.

Өчпөй турган такты салдың көңүлгө,
Өчөгүшүп кайра мага көрүнбө.
Жолдорубуз кесилишпей жашоодо,
Жолдош болуп жүрө албадың төрүмдө.

## ТАНЫШ СЕЗИМ

Тааныш сезим ошондогу болуп өткөн,
Үшүтпөй, күтүүсүздөн келсе экен.
Кош колдоп чын жүрөктөн тосуп алып,
Кош чынар калемчесин эксем экен.

Эх чиркин, ошондогу жаштык кезим,
Кытыгылап жан дүйнөмдү, жакты сөзүң.
Мөлтүрөп каректерде жанган оттой,
Күлүңдөп карегимде жанчы сезим.

Тааныш сезим ошондогу жалын көктөм,
Жалыныңа күйчүмүн жаным өпсөң.

Ошондогу сезимдер кайра келсе,
Жүрөгүмдө ачылар жаңы көктөм...

Тааныш сезим мурда да болуп өчкөн,
Табылсынчы кайрадан оо бул көктөм!
Тумар кылып тагамын түбөлүккө,
Так жылдырбай жанымдан мобул өткөн.

Тааныш сезим ошондогу жытың эстеп,
Көөдөнүм бир башкача, мени кектеп...
Эстен чыкпайт, эч эле эстен чыкпайт,
Эзилтип эбедеңди кетирген чек.

Тааныш сезим ошондогу бетти өпкөн,
Келсе экен биз жолукчу кечки көктөм.
Кайрылып кайтсаң боло өмүрүмө,
Кош жүрөк арзуусунда бирге чөккөн.

## ЖАКШЫ АДАМ

Эт жүрөктө мааниси чоң башкы адам,
Эч эсимден чыкпай койдуң жакшы адам.
Элестетүүм пайда бербей таптакыр,
Эрксиздиктен мончок-мончок жашты алам.

Эстен кетпей чырай жүзүң нурданган,
Элесиңди эстеп далай чыйралгам.
Энчиң болуп кала албай өмүрдө,
Эссиз жаным, эки эселеп кыйналган.

Кыйноо салган кыйкырыктан таш жарам,
Кыял өлбөйт. Кайра сага баш багам.





Жүз жыл мейли азабыңа түтөйүн,
Жүрөгүмдө жашай бергин жакшы адам.

## ӨЗҮҢДӨГҮ

Ак кардын майда-майда бүртүгүндөй,
Бөлүнөт сансыз ойлор бириге албай.
Өзүңдү сагынгандан ушунчалык,
Турамын кар үстүндө үшүк албай.

Сен деген сезимдерим таза болчу,
Ак кардай аппак, назик үлпүлдөгөн.
Аралык канча алыс болсо дагы,
Өзүңө талпынчу эле бүткүл денем.

Аяздын кара суугу сезилчү эмес,
Сен менен жолугушчу кезимдеги.
Суук эмне? Муздак эмне? Билинчү эмес...
Жылытып турса отуң, көзүңдөгү.

Өчпөстөн жан дүйнөмдө жашап келет,
Өзгөчө жылуу сезим, өзүңдөгү.

## КҮЗГҮ КҮН

Кызыл-сары жалбырагын жамынып,
Күз күнүнө эркелейин табынып.
Күндө келчү жолдоруңа тигилип,
Күттүм жаным, мен өзүңдү сагынып.

Ойку-кайкы ойлорумду жыйнадым,
Оту өчпөгөн үмүтүмдү кыйбадым.
Оргуштаган сезимиме баш ийип,
Оолак калган дүйнөмө сыйбадым.

Айлуу кечке айтып ички сырымды,
Ак баракка жазып жаттым ырымды.
Атың менен ыр дептерим толтуруп,
Арман, ыза жаздым жалаң чынымды.

Аралаймын саргайыңкы күзүмдү,
Асыл эркем, унута албай өзүңдү.
Күзгү ушул жалбырактай кубулгөн,
Күттүм бүгүн табы кайтпас сүйүүңдү.

## ЖАМАНДАРГА

Жагымсыз сөздөрүнө күйүп алып,
Жан дүйнө чордонуна түйүп алып.
Жашымды эмне үчүн карытамын?
Жаныма жамандарды үйүп алып...

Мен кантип андайларга окшошоюн,
Мезгилге багынбастан ок тосоюн.
Өзүмдү тепселетпей жамандарга,
Кол үзүп андан көрө коштошоюн.

Өзгөртүп калыптанган мүнөзүмдү,
Өйүтүп алгым келбейт жүрөгүмдү.
Теңелип кылыгы суук адамдарга,
Тек бузуп алгым келбейт гүл өңүмдү.





## ЭРКЕКТЕР

Азгырык, жаман жолдон кайткылачы,
Арактан пайда барбы, айткылачы?
Ата-эне, үй-бүлөнү ойлоп бүгүн,
Эркектер туура жолдо баскылачы.

Эр жигит ар-намысын сезбейсиңер,
Эмне үчүн эс-акылга келбейсиңер?
Эненин таман асты бейиш болот,
Эркектер муну эмне билбейсиңер?

## АКЫНДАР

Жүрөктөн жакшы ырларын арнап турган,
Жан дүйнө сагынычын айдап турган.
Асылжан акындарга таазим этем,
Ар күндү кубанычка байлап турган.

Көөдөндү толгоп окуп, сыйлап турам,
Күч алып өзүмдү–өзүм чыңдап турам.
Саат сайын ыр жаадырып турсаңыздар,
Саамалуу сезимдерди жыйнап турам.

## ЭСКЕРҮҮЛӨР

Көчөдө кар. Терезеге термелем мен.
Күттүрүп канча жылдар, келбеген сен.
Алгачкы жолуктурган керемет кыш,
Ак карын дал ушундай себелеткен.

Эсимде кар үстүндө ойногон кез,
Белгилеп келер күндү болжогон кез.
Атайын мага эстелик кылууң үчүн,
Ак кардан белек жасап коздогон кез.

Орунсуз болсо дагы бет келүүлөр,
Ортодо болбой такыр жек көрүүлөр.
Эсимден чыкпай дале жашап келет,
Элесте калган ошол эскерүүлөр.

Эсимден чыкпай дале жашап келет,
Элесте калган ширин эскерүүлөр.

## КЫЙБАСЫМ БОЛ

Жагымдуу сүйлөп, жамалым сылап өтчү,
Жанымды жагым кумарга чылап өтчү.
Жашымды тыйып, кусадан арылайын,
Жан дүйнө муңун жыргалга улап өтчү.

Көзүмө толо көл кылып, чыгарба жаш,
Кусага батып турамын кумарга мас.
Койнуңа кысып, кемтигим бүтөп кетчи,
Кыйбасым болуп, сүйөнүп турарга баш.

## СҮЙҮҮМ ЖАШАЙТ

Асманда чолпон жылдыз жанат жалгыз,
А жерде мен бир ак куу, канат каккыс.
Жүз сүйүп, миң азапты кечип өтүп,
Жүрөктөр эмнеликтен калат жалгыз?





Күлүңдөп чолпон жылдыз жанып турса ,
Алсырап арсыз жүрөк кагып турса.
Сүйүүгө символ болуп өтөрүм чын,
Токтобой эргүүлөрүм агып турса.

Мен жалгыз жүргөнүмө өкүнбөдүм,
Сүйүүнүн бал көлүнө чөмүлбөдүм.
Символу болуп тунук махабаттын,
Сүрөмүн жүрүп жаткан өмүр көчүн.

Жашоомдо калгычакты түгөнүп суу,
Далилдейм жалгыз сени сүйөөрүмдү.
Өкүнүч биреөлөргө бул жүрүшүм,
А бирок, сүйүүм жашайт түбөлүктүү.

Өкүнүч биреөлөргө бул жүрүшүм,
А бирок, мага сүйүүм түбөлүктүү.

## ЖАНЫМ

Шурудан мончок тагайын жаным,
Шыбырап кулак кагайын жаным .
Шашылып сага жол алып бүгүн,
Шаркырап суудай агайын жаным.

Шам болуп өмүр улайын жаным,
Шапар тээп, шаңга тунайын жаным.
Шибердей өскөн чачыңдан сенин,
Шамалдай болуп сылайын жаным.
Өмүрдүн баарын өзүңө арнап,
Өмүрлүк бактым кылайын жаным.

## МЕН СЕНИ КӨРГӨНҮМДӨ

Мен сени көргөнүмдө, айтчуу сөз таппай калам,
Сүрдөнүп карегиңден, сүйрөлүп баспай калам.
«Соо-аман жүрдүңбү» – деп, соболум узата албай,
Соолуган гүлдөй болуп, өзүмө жакпай калам.

Мен сени көргөнүмдө, кирпигим какпай калам,
Мээм токтоп калган өңдүү, дүйнөгө батпай калам.
Жоодурап карап турган, жалындуу көздөрүңдөн,
Жоготуп акылымды, жолумду таппай калам.

Мен сени көргөнүмдө, чуурулуп кетет жаным,
Жан дүйнөм куйкаланып, куурулуп кетет жаным.
От сымал илебиңдин, отуна тап бере албай,
Олдоксон болуп чыгып, суурулуп кетет жаным.

Мен сени көргөнүмдө, чыйрыгып чыгат денем,
Чый чыгып жүрөгүмдөн, сыйрылып турат денем.
Ыр кылып жаза албай, ыдырап сезимдерим,
Ый чыгып көөдөнүмдөн, кыйкырык кылат денем.

## ӨЗҮҢСҮЗ

Өзүңсүз күн да суук саратанда,
Өкүнүч ырын «сен» деп жаратам да.
Өзгөнү окшото албай бир өзүңө,
Өксүгөн өмүр жолдо баратам да.

Өзүңсүз күн да жылат улам кечтеп,
Ордумдан жылгым келбей, жылам эптеп.
Сен менен өткөн ошол күндөрүмдү,
Керемет көл жээгинде турам эстеп.







**Султанбек уулу Жолболду**

1992-жылы 27-июлда Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районуна караштуу Карача айылында туулган. 1999-2010-ж.ж. «КАРАЧА» орто мектебинде билим алып, аяктаган.

Республикалык жаштар арасындагы «Кыздарыбызды аздектейли» конкурсунун жеңүүчүсү.

"Өрнөк-Башат" адабий бирикмесин мүчөсү.

## ЖУМАГҮЛ

Башыңдан кетпес бак тапкын гүлүм,
Бакыттын гүлүн бат тапкын гүлүм.
«Таш түшкөн жерде оор болот» дешет,
Таштанда бекем так тапкын гүлүм.

Жашоодо жыргап ойногун гүлүм,
Жашыгып ыйлап солбогун гүлүм.
Топ элден мактоо, алкыш ал бирок,
«Тойдогу кыздан» болбогун гүлүм.

Каралдым баарын сыйлап жүр гүлүм,
Каарысын дайым урмат кыл гүлүм.
«Кызы бар үйдө кыл жатпайт» дешет,
Кызындай болуп кызмат кыл гүлүм.

Жакшылык сага чуркаса экен,
Жаманды кулак укпаса экен.

Кыргызда «кызды кырк үйдөн тыят»,
Кырк үйгө атың чыкпаса экен.

Көңүлдөн кетпес ыр болуп жүргүн,
Көкүрөк жарган сыр болуп жүргүн.
Кызарган күндүн нурундай жанып,
«Кырк чачы улуу» кыз болуп жүргүн.

Түз баскан жаным түңүлдүм жолдон,
Түйшүктүү оорум түзөлгүс болгон.
Өзөктөн күйүп, өрттөнүп жүрүп,
Өзүңдү бүгүн учурдум колдон.

Кантейин көңүл чөкпөшү үчүн,
Каректер жашын төкпөшү үчүн.
Жүрөктөн ырлар жаратып турам,
Жумагүл атың өчпөшү үчүн.

Кубанткан сүйүүм боло албайт эч ким,
Купулга эми толо албайт эч ким.
Жып-жылуу мээрим төгүшсө дагы,
Жумагүл сендей боло албайт эч ким.

Жалындап сендей күйө албайт эч ким,
Жанашып бирге жүрө албайт эч ким.
Жүрөгүм жулуп бере алсам дагы,
Жумагүл сендей сүйө албайт эч ким.

Ордуңа сендей табылбайт эч ким,
Обонум болуп жаңырбайт эч ким.
Жолболдуң үчүн көз жашын төгүп,
Жумагүл сендей сагынбайт эч ким.





Буйруган сүйүү бактысы барбы,
Биз түшкөн жолдун тактысы барбы?
Жүрөктүн музун ээрите алаар,
Жумагүл сенден жакшысы барбы?

Жоготкум келбейт айласы барбы,
Жолуккум келет аргасы барбы?
Сен түшкөн ошол сүрөттүн баарын,
Сактагым келет пайдасы барбы?

Бактымдан узап мен кетейинби,
Бакыттын көлүн жээктебейинби?
Жумагүл сени унутуу үчүн,
Жалал-Абад кечин эстебейинби?

Таарынган көзүң тиктебейинби,
Тагдырга бүгүн жинденейинби?
Томсоруп көздөн жаш акпаш үчүн,
Токтогул паркты эстебейинби?

Жамалың сылап төгүлөйүнбү,
Жалынып ыйлап өтүнөйүнбү?
Тагдырлар бизди кошпогон экен,
Таанышкан түнгө өкүнөйүнбү?

Көзүңдү тиктеп көрүнөйүнбү,
Көз жашың болуп төгүлөйүнбү?
Бул жашоо бизди кошпогон экен
Бактылуу күнгө өкүнөйүнбү?

Бактылуу кезден арылайынбы,
Бактысыз күзгө багынайынбы?

Жаз келсе кайра түшөөрсүң эске,
Жаз келбес жакка агылайынбы?

Ынагым сенден арылайынбы,
Ызгаардуу кышка багынайынбы?
Жай келсе кайра түшөөрсүң эске,
Жай келбес жакка жашынайынбы?

Тик туруп сынып, бүгүлөйүнбү,
Тагдырга бүгүн түңүлөйүнбү?
Тиш кайрап турам айрылгым келбей,
Тирүүлүк курсун, үзүлөйүнбү?

Жанымдан кечип бүгүлөйүнбү,
Жашоого жаным түңүлөйүнбү?
Сүйүүдөн бийик намысты койгон,
Сезимдер курсун, үзүлөйүнбү?

Кымбатым элең жат болдуң секет,
Көзүмдөн аккан жаш болдуң секет.
Жараткан буйруп уул берсе сага,
Жолболду деген ат койгун секет.

Жалгызың элем жат болом секет,
Жалындуу көзгө жаш болом секет.
Жараткан буйруп кыз берсе мага,
Жумагүл деген ат коём секет.

Кездешкен күндү унутпа жаным,
Калбасын ал кез унутта жаным.
Айтмакмын эгер колумдан келсе,
Арзуумду жазып булутка жаным.





Жолуккан күндү унутпа жаным,
Жүрбөсүн ал кез унутта жаным.
Жүрөгүм калат сагынган бойдон,
Жүдөдүм болду, курутпа жаным.

Ак куудай болуп жайкалат гүлүм,
Алыстан бүгүн жай табат гүлүм.
Жүрөгүм сокпой калганга чейин,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

Көгүчкөн болуп жайкалат гүлүм,
Көңүлдүү жерден жай табат гүлүм.
Жүрөгүм сокпой калганга чейин,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

Күн сайын күчөп кыйноодо дартым,
Күмүштөй кезден күйүттү таптым.
Каралдым сени сагынып бүгүн,
Кан жуткан кезде билинди баркың.

Жамгырлар жааса күчөтүп дартым,
Жек көрүп барам сүйүүнүн шартын.
Заманам кууруп кыйналып бүгүн,
Заар жуткан кезде билинди баркың.

Өкүнбөйм кантип, көз көрүп турса,
Өзүмдүк сүйүүм өзгөрүп турса.
Арманга кантип батпайын анан,
Айрылуу деген кез келип турса.

Ыйлабайм кантип көз көрүп турса,
Ыңгайсыз өмүр термелип турса.

Жаз келсе кайра түшөөрсүң эске,
Жаз келбес жакка агылайынбы?

Ынагым сенден арылайынбы,
Ызгаардуу кышка багынайынбы?
Жай келсе кайра түшөөрсүң эске,
Жай келбес жакка жашынайынбы?

Тик туруп сынып, бүгүлөйүнбү,
Тагдырга бүгүн түңүлөйүнбү?
Тиш кайрап турам айрылгым келбей,
Тирүүлүк курсун, үзүлөйүнбү?

Жанымдан кечип бүгүлөйүнбү,
Жашоого жаным түңүлөйүнбү?
Сүйүүдөн бийик намысты койгон,
Сезимдер курсун, үзүлөйүнбү?

Кымбатым элең жат болдуң секет,
Көзүмдөн аккан жаш болдуң секет.
Жараткан буйруп уул берсе сага,
Жолболду деген ат койгун секет.

Жалгызың элем жат болом секет,
Жалындуу көзгө жаш болом секет.
Жараткан буйруп кыз берсе мага,
Жумагүл деген ат коём секет.

Кездешкен күндү унутпа жаным,
Калбасын ал кез унутта жаным.
Айтмакмын эгер колумдан келсе,
Арзуумду жазып булутка жаным.





Жолуккан күндү унутпа жаным,
Жүрбөсүн ал кез унутта жаным.
Жүрөгүм калат сагынган бойдон,
Жүдөдүм болду, курутпа жаным.

Ак куудай болуп жайкалат гүлүм,
Алыстан бүгүн жай табат гүлүм.
Жүрөгүм сокпой калганга чейин,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

Көгүчкөн болуп жайкалат гүлүм,
Көңүлдүү жерден жай табат гүлүм.
Жүрөгүм сокпой калганга чейин,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

Күн сайын күчөп кыйноодо дартым,
Күмүштөй кезден күйүттү таптым.
Каралдым сени сагынып бүгүн,
Кан жуткан кезде билинди баркың.

Жамгырлар жааса күчөтүп дартым,
Жек көрүп барам сүйүүнүн шартын.
Заманам кууруп кыйналып бүгүн,
Заар жуткан кезде билинди баркың.

Өкүнбөйм кантип, көз көрүп турса,
Өзүмдүк сүйүүм өзгөрүп турса.
Арманга кантип батпайын анан,
Айрылуу деген кез келип турса.

Ыйлабайм кантип көз көрүп турса,
Ыңгайсыз өмүр термелип турса.

Таарынбай анан жашайын кантип?
Тагдырлар бизди тең бөлүп турса.

Кыйкырып сага үн салайынбы,
Кайгыдан кайра күч алайынбы?
«Токтогул» деген акындай ырдап,
Тоюңа барып күү чалайынбы?

Жол алып бүгүн камданайынбы,
Жоругум менен мактанайынбы?
«Олжобай» деген баатырдай болуп,
Ордоңо барып чаң салайынбы?

Мардайып көөнүм шат кылайынбы,
«Маңкурттай» болуп каткырайынбы?
Бактылуу жазды унутуу үчүн,
Башыма тээри жаптырайынбы?

Кабагым салып бүркөлөйүнбү,
Каалаган кызга үйлөнөйүнбү?
Кашыма жазган «Багдагүл» менен
«Кемчонтой» сымал күн көрөйүнбү?

Убакыт менен термелейинби,
Уйкусуз көздү ирмебейинби?
«Телибай тентек» сыяктуу анан,
Таш кармап алып жан берейинби?

Армандуу көзгө сыр катайынбы,
Ашыктык ырын ырдабайынбы?
Жашоомдун токсон пайызы элең,
Жашоодо эми жыргабайынбы?





Каректи жашка суулабайынбы,
Каралдым сени кыйнабайынбы?
Жолболдуң үчүн чоң бакыт элең,
Жумагүл эми жыргабайынбы?

Кайгылар менен алмашып түнүм,
Кубанып кантип жашайын бүгүн?
Биз күткөн куттуу көшөгө жиби,
Башка бир үйгө тартылса гүлүм.

Азаптар менен алмашып күнүм,
Ачуудан кантип сактанам бүгүн?
Биз күткөн ширин наристе үнү,
Башка бир үйдө жаңырса гүлүм.

Томсоруп турам айла жок башка,
Толбосун кантип көздөрүм жашка?
Биздин үй күткөн бактылуу келин,
Башка бир үйдө чай куюп жатса.

Амалын кайдан табамын башка,
Алдырбайм кантип армандуу жашка?
Ата-энем күткөн ажарлуу келин,
Адашкан үйдө чай сунуп жатса.

Жалганга жаным сыйбадың билем,
Жашоонун чынын туйбадың билем.
Эңсеген багың кыйылса дагы,
Энеңдин сөзүн кыйбадың билем.

Эртеңиң өзүң чечпедиң билем,
Ээн баштык кылып кетпедиң билем.

Арзууңду кечип сыздасаң дагы,
Апаңдын сөзүн кечпедиң билем.

Көңүлсүз мага ар тарап гүлүм,
Көңүлүм дегдеп кашкаят гүлүм.
Жылдарды сенсиз өткөрсөм дагы,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

Маанисиз мага ар тарап гүлүм,
Мамилең мынча кашкаят гүлүм?
Жашоону сенсиз өткөрсөм дагы,
Жумагүл атың сакталат гүлүм.

## ЖЫРТЫК ШЫМ

Жыртылып, түлөп калган шымды кийип.
Сөгүлгөн жемпирдеги жеңди түрүп.
Ичимден кедеймин деп кейигенмин
Жыртыгын кайра жамап, кайра тигип.

Оо анда онго деле толбогонмун,
Ошентип бүтүн кийип оңбогонмун.
Чоңойсом жыртык кийбей калаармын деп,
Чыркырап канча ирет шорлогонмун.

Чоңойдум жоро-доско тең жүрүп мен,
Канча ирет уялганмын көпчүлүктөн.
Өтүк май көргөн эмес бут кийимим,
Өйдө-ылдый турмуштагы кемчиликтен.

Араздап, намыстанып ыйлаганмын,
Атамдын кыйналганын туйбаганмын.





Акчасы жок экенин билсем дагы,
Апамды алып бер деп кыйнаганмын.

Көз көрүп жакырчылык, кесепетти,
Көздөгөм кийим үчүн келечекти.
А көрсө бай экенмин ошол кезде,
Башкалар жыртык шымга кечээ жетти.

Мезгилдер кыйла жылып, алмашыптыр,
Мен көрдүм, көптүн көзүн май басыптыр.
Жыртылып жынсылары улам-улам,
Жыныстык мүчөсүнө аз калыптыр.

Албайт деп көңүлүнө жыртыктыгын,
Апакем сатып берген кымтып тыйын.
Булардан алда канча бүтүн экен,
Мен кийген ошондогу жыртык шымым.

Мен азыр ашып-ташып кеткеним жок,
Турмушту кейип-кепчип сөккөнүм жок.
Кудайга шүгүр кылам үстүм бүтүн,
Мода деп жыртык кийип, көпкөнүм жок.

Жашоону чаташтырып алгандайбыз,
Жан дүйнө ачтыгынан арданбайбыз,
Көкүрөк, киндик тургай кыздар эртең,
Көчүгүн ачып чыкса таң калбайбыз.

Көпчүлүк көрчүлүккө көнгөн экен,
Тирүүлөй башын көргө көмгөн экен.
Бүтүнгө алымсынбай жыртык кийген,
Балдардын ар-намысы өлгөн экен.

Арбагы бабалардын күйбөшү үчүн,
Азары ата-журтка тийбеши үчүн.
Азыртан чоң аракет жасоо керек,
Урпактын жып-жыңалач жүрбөшү үчүн.

## ЖАШ КЕЗДЕГИ АШЫКТЫК

Бах чиркин ай, жаш кездеги ашыктык,
Каректерди канча ирет жашыттык.
Энчилетип албасак да сезимди,
Эртең келчү сүйүү үчүн машыктык.

Кыялдарда чоoң той жасап үйлөндүк,
Кыйла жашап, уул көрдүк да үй бөлдүк.
Бүгүнкүнүн алып жатып сабагын,
Бүрсүгүнкү турмуш жолун үйрөндүк.

Таза, тунук сүйүү менен жасанып,
Күлүк ойдо, кылым улап жашадык.
Эч бир аалым жасабаган сүйүүгө,
Сен экөөбүз чоң ачылыш жасадык.

Ооба азыр калган жокмун кор болуп,
Жашап жүрөм кээ бирлерден зор болуп.
Сүйгөнүмө жасап жатам мамиле,
Биз үйрөнгөн "тактиканы" колдонуп.

Сени эстесем, унутулат муң-кайгы,
Сен болбосоң ким үйрөтмөк мындайды?!
Таалим алсаң, өткөн ар-бир күнүңдөн,
Тарых бизге, сабак болот турбайбы.





Бах чиркин ай, жаш кездеги ашыктык,
Эртең келчү, сүйүү үчүн машыктык.

## БИРИМДИК

Биримдик менен баарына жетсе болот,
Биримдик менен бийиктеп кетсе болот!
Бир муштум болуп түйүлүп, ажырабай,
Биримдик менен булуттан өтсө болот!

Бириккен колдор, бир жеңден чыкса болот,
Биримдик менен дөөнү да жыкса болот!
Биринин кемин толуктап турса бири,
Бир канат болуп бүркүттөй учса болот!

Ырыскы, кутту жайнатып төксө болот,
Ыркы жок элдин кадыры бөксө болот!
Ыдырап улам, чачылып, бөлүнгөнчө,
Ынтымак болуп ар ишти чечсе болот!

Улуу журт үчүн баарысын кылса болот,
Улуттун жүзүн таанытып турса болот!
Урпакка калаар унуткус тарых жасап,
Урабас кылып пайдубал курса болот!

Биримдик менен баарына жетсе болот!
Бийиктеп улам, булуттан өтсө болот!

## АДАМ БОЙДОН КАЛАЛЫЧЫ

Кел досум түз агымда агалычы,
Түз басып түп максатка баралычы.
Башкалар баса берсин өз изинде,
Экөөбүз адам бойдон калалычы?

Кел байке, көңүлдү кең жайалычы,
Кечикпей чын бакытты табалычы.
Ээн баштар ээн баштыгын кылсын мейли,
Экөөбүз адам бойдон калалычы?

Кел иним жаш канатты кагалычы,
Жашоого жарык күнүн жагалычы.
Өзгөрүп кетсин мейли бүтүн аалам,
Экөөбүз адам бойдон калалычы?

Кел тууган кем дүйнөнү таналычы,
Кең болуп көңүл черин жазалычы.
Адилет тайсын мейли адамзаттан,
Экөөбүз адам бойдон калалычы?

## БАКТЫЛУУМУН

Өчпөсүн биликтери,
Өзүң деп талпынуунун.
Чыңалсын үмүттөрү,
Чын сүйүп жактыруунун.
Сезимтал жигит көөнү,
Сезбесин кайгы-муңун.
Бар болсун үмүт көлү,





Бакытка тартылуунун.
Жолдорун ачтың гүлүм,
Жүрөктү шат кылуунун.
Жалгызым сен бар үчүн,
Жашоодо бактылуумун.

Сагынбай койом кантип,
Суйкайган жамалыңды.
Каралдым жүрөк жанчып,
Кайтарба кадамымды.
Көздөрүм турат айтып,
Көшөргөн талабымды.
Кыялым учат кайкып,
Кыдырып караанынды.
Ширин сөз терип жазып,
Шилтейин каламымды.
Жок дебе! Айтпа антип!
Жоготпо амалымды.

Жалындуу көздөрүңдү,
Жүрөктө сактап өтөм.
Жалжалым бир өзүңдү,
Жар салып мактап өтөм.
Секетим бүт өмүрдү,
Сен үчүн арнап өтөм.
Баш катчу түнөгүмдү,
Бакытка жалгап өтөм.
Каткырып күлгөнүңдү,
Көңүлгө түйүп өтөм.
Тартуулап гүлдөрүмдү,
Талыкпай сүйүп өтөм.

Карааның көздөн учат,
Карабайын кай тарапты.
Сагынчым, жайчы кучак,
Сакайтып бүт жаратты.
Шербеттей ойлор курчап.
Шаңданган таңдар атты.
Гүлзарым жайнап турат,
Гүл бөлөп чар тарапты.
Кадимки жанган чырак,
Көздөрүң кайсалатты.
Дүйнөдө сен бар үчүн,
Дүнүйөм салтанаттуу.

Сөзүмдүн таппайм бирин,
Сүрүнөн жаш сулуунун.
Толукшуп дүйнөм бүтүн,
Төгөйүн арзуу ырын.
Жароокер сезчи гүлүм,
Жан дүйнөм жактыруусун.
Өбөгүм сен бар үчүн,
Өмүрдө бактылуумун.

Жалгызым сен бар үчүн,
Жашоодо бактылуумун.

...

**ЖЕҢИШ КҮНҮ**

Биримдик, ынтымакта,
Жашаган жай турмушта.
Бей капар, бей кыжаалат,
Берешен бай турмушта.
Чаң чачкан согуш үнү,
Чаңырык чакыргандай.





Тынчтыктын куну учуп,
Тушукту кай турмушка.

Аттанып кетти ата,
Балдарын таштап коюп.
Коштошуп калды апа,
Көздөрүн жаштап коюп.
Кадимки Нил дайрадай,
Кандары аккан кезде,
Моокумдан чыкты кимдер,
Согушту баштап коюп.

Орундуу ишке ашпай,
Ой-максат, кыял калган.
Коштошуп түгөй менен,
Кош бойлуу аял калган.
Сүйгөнүн таштап коюп,
Сүйүктүү жигит кетип.
Тоз–топур калды үйдө,
Тойго деп даярдалган.

Жыргалда жашап баары,
Бутунан сыз өтпөгөн.
Бактылуу жазды көрүп,
Башынан куз өтпөгөн.
Жан алгыч келген кезде,
Жарылган "ДЗОТ" менен.
Бойдоктор кетти канча,
Бетинен кыз өппөгөн.

Алаамат согуш кезде,
Асманга түтүн калкып.

Энелер олтурган жок,
Ээн үйдө күлүп, балкып.
Эмсем деп сүт издеген,
Эркесин үйгө таштап.
Оор ишти кылган алар,
Оронун жүгүн артып.

Төгүлгөн кан сыяктуу,
Төгүлгөн арман, ызаа.
Кайтпады канча улан,
Ата-эне маңдайына.
Кырчындай өмүрлөрүн,
Кыйышып тынчтык үчүн,
Алып келген ушул күндү,
Алмашып жандарына.

Жазылып калды алар,
Ырында акындардын.
Көл болуп акты жаштар,
Көзүнөн жакындардын.
Ар жылы ''ЖЕҢИШ'' күнү,
Аянтка чыгып алып.
Майрамдап турса керек,
Рухтары баатырлардын.

Ар жылы "ЖЕҢИШ" күнү,
Аянтка чыгып алып.
Майрамдап турса керек,
Рухтары "БААТЫРЛАРДЫН".





## АПАКЕ
*(обондуу ыр)*

Алдейлеп койнуңа алып жүрчү,
Ак сүтүң эмизип багып жүрчү.
Күнөөкөр дүйнөдөн аарылайын,
Кайрадан кардыңа салып жүрчү.

Кайырма:
Тай-тайлап бастырып жөлө мени,
Алдейлеп бешикке бөлө мени?
Жан дүйнөм тазарсын жаңыланып,
Апаке кайрадан төрө мени?

Мен сенсиз ыйманга толо албаймын,
Мээримиң эңсебей коё албаймын.
Меккеге күндө миң барсам дагы,
Мен сенден туулгандай боло албаймын.

Кайырма:
Тай-тайлап бастырып жөлө мени,
Алдейлеп бешикке бөлө мени?
Кир дүйнөм тазарсын арууланып,
Апаке кайрадан төрө мени?

Жүзүңдөн капаңды кетир апа,
Жүз кылган катамды кечир апа.
Байкабай таарынткан күндөрүм көп,
Баарысын көөнүңдөн өчүр апа.

Кайырма:
Тай-тайлап бастырып жөлө мени,
Алдейлеп бешикке бөлө мени?
Жан дүйнөм тазарсын жаңыланып,
Апаке кайрадан төрө мени?

Тай-тайлап бастырып жөлө мени,
Алдейлеп бешикке бөлө мени?
Кир дүйнөм тазарсын арууланып,
Апаке кайрадан төрө мени?

## АТАКЕМ

Батасы жок жолумду ачамбы кең,
Батасы жок эл менен басамбы тең?
Орундалып турган соң ак батасы,
Олуяга теңеймин атамды мен.

Түйшүк басты, карасы агынан көп,
Түңүлбөдү турмуштун багынан деп.
Мендей төрт уул, төрт кызды бапестеген,
Мен атамды билемин падышам деп.

Мен себептүү атакем жалкыган миң,
А мен аны сезбестен калкыганмын.
Жашообузду түгөлдөп турган инсан,
Жаңырган ай, тунук көл, чалкыган күн.





## СЫЙ ЖОГОЛДУ

Кыргызда, кызга болгон сый жоголду,
Курманжан Датка баскан из жоголду.
Кылымдан кымбат болуп келген эле,
Кымча бел, кырк өрүм чач, кыз жоголду.

Келечек энелерди коргойлубу!
Же эмне, залымдарча кордойлубу?
Ардактуу аял деген статусун,
Аярлап өз жайына койбойлубу?

Кыз деген үйдүн көркү, төрдүн көркү,
Киндик кан тамып өскөн жердин көркү.
Кыргыздын урпактарын улап келген,
Кыз деген элдин көркү, эрдин көркү.

Назиктин назиктигин билбейлиби,
Таянар тоосу болуп жүрбөйлүбү?
Кыз сенин арың менен намысың дейт,
Ар-намыс күчү менен сүйбөйлүбү..?

Көр турмуш ушул күнгө себеп беле?
Кыздардын кор болушу керек беле?
Айчүрөк, Каныкейлер сыяктанып,
Баатырды аял төрөйт эмес беле?

Кыргызда кызга болгон сый жоголду,
Кымча бел, кырк өрүм чач, кыз жоголду.

## ӨМҮРЛҮК ЖАР КЫЛАЙЫНЧЫ

Өзүңдөн алыс такыр качпайынчы,
Өзгөгө көз нурумду чачпайынчы?!
Ар-дайым бактылуулук коштоп жүрүп,
Армандуу ырым такыр жазбайынчы?!

Түбөлүк кучагыңдан чыкпайынчы,
Сен менен өмүр сүрүп жыргайынчы?!
Кадырлап Жараткандын чоң белегин,
Тап-такыр кыянаттык кылбайынчы?!

Тескери, жаман жолго баспайынчы,
Турмуштун тетир жолун ашпайынчы?!
Тартуулап берген сенин ак сүйүүңдү,
Түбөлүк аздек тутуп, сактайынчы?!

Башканын көңүлүнө түшпөйүнчү,
Башканын тагдырына бүтпөйүнчү?!
Бапестеп сенин аппак сезимиңди,
Бакыттын пайдубалын түптөйүнчү?!

Каршылык жолдун баарын жеңейинчи,
Бактыма жалгыз сени теңейинчи?!
Апакем көптөн бери күтүп жүргөн,
Өзүңдү келин кылып берейинчи?!

Булактай тунук сүйүү сунайынчы,
Мөлтүрөп мээримиңе тунайынчы?!
Өмүрдүн жыргалында жашоо үчүн,
Өзүңдү өмүрлүк жар кылайынчы?!

Жашоонун жыргалында жашоо үчүн,
Жалгызым жан шеригим кылайынчы?!





## КЫЗЫМ

Чакырып бакыт жарчысын,
Өмүрдүн сурап жакшысын.
Акылдуу жанга жар бол деп,
Ак тилек айттым жан кызым.

Жакшылык сени ээрчисин,
Жайнаган багың өрчүсүн.
Кайын ата кайын энеңди,
Ата-эне сыңар көр кызым.

Кем көрбөй сыйла жалпысын,
Калың журт берсин алкышын.
Ажарлуу келин аталып,
Ак бата дайым ал кызым.

Бир көрүп өмүр бактысын,
Бир ашып турмуш тактысын.
Кошконуң менен тең каарып,
Кошойдой бала тап кызым.

Маңдайдан жанып жылдызың,
Мактоого арзып жүр кызым.
Манастай жанга жар болуп,
Маңыздуу өмүр сүр кызым.

Өмүр бул узун жол кызым,
Мээримге көлдөй тол кызым.
Бакайдай жанга туш болуп,
Бактылуу келин бол кызым.

## КЕЛ ЗАМАНДАШ
*(Базар-Коргон районунун
жүз жылдык майрамына)*

Кел замандаш кең пейил элибизге,
Жаңгак токой, жап-жашыл төрүбүзгө.
Тунуктугу Мухиддин дал өзүндөй,
Чалкып жаткан, Кутманкөл, көлүбүзгө.

Кел замандаш жүз жылдык майрамыма,
Кең тарыхтуу миң жылдык аймагыма.
Назар салып, мээримиң төгүп кеткин,
Кымыз, саамал, айран, сүт, каймагыма.

Жергиликтүү каада-салт жөрөлгөбүз,
Бай келебиз байыртан, өнөргө биз.
Жаркыган күн батса да жарык өчпөй,
Жанып турат ар дайым көрөңгөбүз.

Жаратылыш токой, суу кениндебиз,
Ак мөңгүлүү тоолордун төрүндөбүз.
Ушул жерди байырлап калган элек,
Улуу элдин байыркы көчүндө биз.

Мейман доско сый урмат артып келген,
Көп улутту койнуна камтып келген.
Балдарына өткөрүп берүү үчүн,
Бабалардын мурасын тартып келген.

Жигиттери оор жүгүн алаар колдон,
Кыздары бар жаңылбас басаар жолдон.





Берекеси төгүлгөн куттуу жерим,
Быйыл мына жүз жашта Базар-Коргон.

Кел замандаш жүз жылдык майрамыма,
Кең тарыхтуу миң жылдык айгагыма.

## СЕНСИҢ
*(Жубайыма)*

Өмүрдөн арзып тапканым сенсиң,
Көңүлгө бекем катканым сенсиң.
Жашомоо бакыт тартуулап дайым,
Жаркырап аткан ак таңым сенсиң.

Сар-санаа тарткан, убайым сенсиң,
Ак шоола чачкан күн, айым сенсиң.
Өчүрбөй жаккан коломто отун,
Өмүрлүк жарым, жубайым сенсиң.

Карыбас жүздүү жаш селким сенсиң,
Көөнүмдө толгон ак толкун сенсиң.
Акылым тандап, жүрөгүм сүйгөн,
Арзыган теңим, Айтолкун сенсиң.

Бүркөлсөм көөнүм ачаарым сенсиң,
Бир өмүр бирге жашаарым сенсиң.
Бүктөлүп өмүр калганга чейин,
Бүтпөгөн ырлар жазаарым сенсиң.



**Сүйүндүкова Алтынай**

2001-жылы 21-июнда Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кара-Алма айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 2007-жылы Багыш Агай мектебинин 1-классына кабыл алынган. 2016-жылы 9-классты аяктаган. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу жогорку оку жайга тапшырган эмес. Учурда Москва шаарында эмгектенет.

Үй бүлөдө беш бир туугандын улуусу. "Өрнөк-Башат" адабий бирикмесинин мүчөсү.

## МЕКЕНГЕ ЖҮРЧҮ КАЙТАБЫЗ

Ойлонтуп турмуш эртеңи,
Унутта калып кечеги.
Көздөгөн максат, ойлорду,
Кыстаган турмуш жеңгени.

Акчага баарын алмашып,
Акчага адам жалдашып.
Унутуп адал жашоону,
Акчага калдык жармашып.

Тытынып иштеп жатабыз,
Башка амал кайдан табабыз?
Айылга таштап балдарды,
Сагынып ыйлап алабыз.





Колдонбой жерди сатабыз,
Чет элди көздөй шашабыз.
Өзүбүз курган жашоого,
Өкүнүп дайым капабыз.

Мекенге жүрчү кайтабыз,
Сатылган жерди алабыз.
Бул жактан тапкан акчаны,
Мекенде деле табабыз.

Мекенге кызмат кылсын деп,
Өстүргөн эне-атабыз.

## КЕЛДИМ БҮГҮН АПАКЕ

Келдим бүгүн апаке, күткөндүрсүң?
Көздөн жашың байкатпай сүрткөндүрсүң.
Жаратканга жалынып күнү-түнү,
Амандыгым суранып жүргөндүрсүң...

Жедим тоюп таптаттуу ак наныңдан,
«Кызым келет» – деп мага катканыңдан.
Сизге теңди таппадым кезип дүйнө,
Кел өбөйүн асылым таманыңдан.

Ак сүтүңдү актоого жетпей күчүм,
Бүт көргөзөм жүр апа дүйнө жүзүн.
Керек болсо беремин өмүрүмдү,
Мени ойлоп чачыңа ак түшкөн үчүн.

## БАЙКАБАПМЫН АТАКЕ

Талап кылып, көзүм көргөн бүт нерсени,
Кыйнаптырмын атакем ай, далай сени.
Бүгүн мына, түшүндүм кадырыңды,
Кечирип кой, кечир ата тентегиңди?

Баалай албай бизге деген эмгегиңди,
Жоктон барды бизге таап келгениңди.
Орундатам балдарымдын тилегин деп,
Уктабастан эмгек кылган кечтериңди.

Балдарым деп, талаа-түздү кезгениңди,
Капалансак, айттырбастан сезгениңди.
Бизди ойлоп, кара чачың ак бастырып,
Жаштыгыңды бизге арнап бергениңди.

Бала болуп ойноп жүрүп, атакем ай,
Байкабапмын карылыкка келгениңди?

## БИЛСЕҢ КЕРЕК

Сүйдүм көрүп, көздөрүңдөн балбылдаган,
Кучагың, эх, жылуу сенин жазгы таңдан!
Сүйлөгөнүң, күлгөндөрүң, көз карашың,
Баш ийдирип, жипсиз мени байлап алган.

Сен өзүңсүң, чындыгында сенсиң ырас,
Жан дүйнөмө бакыт нурун тартуулаган.
Көп ичинен сендей жанды издеп жүрүп,
Бир көрүүдөн мен өзүңдү сүйүп калгам.





Билсең керек сени гана сүйөөрүмдү?
Ээлеп алдың ойлорумду, жүрөгүмдү.
Жер жүзүндө сан миңдеген адамдардан,
Башкачасың, ошон үчүн сүйөмүнбү?

Бактылуумун таап өзүңдү көп ичинен,
Жаным мага жагат сенин бүт мүнөзүң.
Нурга бөлөйт, бүт жашоомду арзууларың,
Билем, сезем, сен да мени чын сүйөсүң.

## АПАМ

Кубанычта жайнап турса анын көзү,
Бар байлыгым, дүнүйөм да «апам» өзү.
Ар таңдарда жаңырат да кулагыма,
«Адам бол!» – деп айткан мага кеңеш сөзү.

Жамандыкты жакындатпай тосуп, коруп,
Ооруп калсам күйпөлөктөп, кошо ооруп.
Маңдайымдан сүйүп, сылап, эркелетип,
Түштөрүмдү жакшылыкка оңдоп, жоруп.

Бактым менин, бейишимдин эшиги ал,
Басып жүрөм, тирүүлүктө ал адам бар.
Балдарым деп, уйку көрбөй таң атырып,
Баардыгына ар убакта болгон даяр.

Көрмөксөнгө алат, кокус ката кылсам,
Күтөт менин, жолум карап алыс чыксам.
Ээрчип ыйлап кайда барса, барган кошо,
Балалыгым эске түшөт көзүм жумсам.

## ТАБЫЛБАЙТ АТА-ЭНЕҢ

Ата-энеңдин көңүлүн оорутпагын,
Бүт дүйнөдөн алардай таба албайсың.
Тирүүсүндө кадырлап, сыйлап алгын,
Ата-энең жок үйүңө бара албайсың.

Ишенбегин жакшы деп көз көргөнгө,
Күнү келсе жат болот бир тууганың.
Кана айтчы, жан үрөп ким сен үчүн,
Күйпөлөктөп даярдайт бүт кылганын?

Кыйнагансың атаңды далай жолу,
Жаштык кылып түшүнбөй убагында.
Кайыл болуп көтөргөн апаң сени,
Жаны сыздап тогуз ай курсагында.

Ыраазы кыл, кадырла, көңүлүн ал,
Бейишиңдин ачкычы «апаң» болот!
Байлык, бакыт издебе бул жалганда,
Байлыгың да, бактың да «атаң» болот!

## СҮЙГҮМ КЕЛДИ

Жолун издеп, жолугууга баргым келди,
Кайыл болуп сени менен калгым келди.
Сен түн болсоң жарыгы жок, мен жаныңда,
«Айың» болуп, жарык чачып, жангым келди.

Бакыт жолун сени менен кургум келди,
Карыш жылбай жандап сени тургум келди.





Мээрим толгон кучагыңа башым жөлөп,
Сен да мени сүйөөрүңдү туйгум келди.

Алмаштырбай сени гана сүйгүм келди,
Эркелетип, эркелеп жүргүм келди.
Чарчагансыйм жан кейиткен жалгыздыктан,
Калган жашты сени менен сүргүм келди.

## СЕН ДЕГЕНДЕ

Сен дегенде бүт баарынан кечээрим чын,
Сени ээрчип, аалам кезип кетээрим чын.
Сенде болгон сезимдерден шек санабайм,
Сени менен чоң бактыга жетээрим чын.

– Сүйөмүн, – деп менин сага айтканым чын,
Жүрөгүмө жалгыз өзүң жакканың чын.
Сен да ишен мен сыяктуу күмөнү жок,
Бакыт нурун сенден гана тапканым чын.

Сен дегенде жайнай түшөт көңүлүм чын,
Сага сүйлөйм жакшыларын сөзүмүн чын.
Ар бир күнүм, мүнөттөрүм, айым, жылым,
Сага арналган менин бүткүл өмүрүм чын.

## СЕБЕПЧИ БОЛГОН ЭЛЕҢ

«Таштабайм» деген сөзүң жаңырып кулагымда,
Таш сымал тоодон ылдый жанчылып куладымда.
Биз барчуу ошол жайга барууну адат кылдым,
Жагымдуу сенин үнүң ал жайдан угамын да.

Жайгарып койгон элем атыңды жүрөгүмө,
Себепчи болгон элең жылмайып күлгөнүмө.
Ишенип алыптырмын жаныңдан карыш жылбай,
Жалгандан сүйөмүн деп калп эле жүргөнүңө.

Таанышып сен экөөбүз, кыштын суук айларында,
Тартынып турдум сенден, жаныма барганыңда.
Сагынып сен да мени ал жайга издеп келбе,
Керексиз болуп мага бир күнү калганыңда.

Барбаймын мындан ары биз барчу ал жайларга,
Бактылуу күндөрүбүз сакталсын ал жайларда.
Унутуп сен сыяктуу бактылуу күндөрүмдү,
Умтулуп жашай берем, алмашып жыл, айларга.

## ОО, ЖИГИТТЕР

Сыртың салып үйүңдө сылык болбой,
Сылык болуп көчөдө басасыңар.
Кыз көрсөңөр башында жоолугу жок,
Бойдок болуп заматта каласыңар.
Ойнобочу тагдырын сен алардын,
Ар бир ишке Кудайдын жазасы бар.

– Эркекмин, – деп зиркилдеп, төшүң кагып,
Кол көтөрүп жубайың тепкилебе.
Жаны сыздап дүйнөгө алып келип,
Апаң болот жеткирген эрезеге.
Апаң да «аял», карындаш, жэжең да бар,
Ошондуктан аял баркын тепселебе.





Сени сүйгөн жубайың үйүңдөгү,
Ата-энесин сен үчүн таштап келген.
Сен кордосоң бүгүн аны, а эртеге,
Кызың тартат азабын эркелеген.
Кызың дагы бүлөөсү башка үйдүн,
«Бул дүйнөдө баарысы кайтат» делген.

## ЖОЛУГАБЫЗ

Сырдашып, сыр чечишип олтурабыз,
Кыйнаган кусалыкты жок кылабыз.
Сагыныч жүрөктөргө толсо керек,
Кел бүгүн сен экөөбүз жолугабыз.

Бекемдеп сүйүүбүздөн үй курабыз,
Береке, ырыскыны толтурабыз.
Кыялдар куру калып кетпеш үчүн,
Кел бүгүн, сен экөөбүз жолугабыз.

Мас кылган сагынычтан соолугабыз,
Көз арткан жамандардан корунабыз.
Кеч кирип кала электе сезимдерге,
Кел бүгүн, сен экөөбүз жолугабыз.

Саргарып кете электе сагынычтан,
Кел жаным, сен экөөбүз той кылабыз.

## ГҮЛДӨТӨМ МЕКЕНИМДИ

Болгум келбейт азыркы башчылардан,
Элин алдап, жалганды айтчуулардан.
Жакшы сүйлөп бийликке келип алып,
Миң жыл жаткан мөңгүнү сатчулардан.

Калкым сүйгөн боломун кызматкери,
Кыргызымдын оңолот келечеги.
Мекенимдин эртеңин ойлобогон,
Кыйындарды жоготом бийликтеги.

Кайтып алам сатылган жерлеримди,
Байлыгымды, уурдалган кендеримди.
Актык менен жаратып калыстыкты,
Өнүктүрөм көрөсүң мекенимди!

Бийик тутуп кыпкызыл желегимди,
Даңазалайм кан кыргыз экенимди.
Кытайларды жеримден кууп чыгып,
Карап тургун гүлдөтөм мекенимди!

## ӨЗГӨРДҮМ

Билим алдым жашоонун сабагынан,
Кыйын күндөр курчаган тарабыман.
Өзгөрүлдүм азыр мен, чындыгында,
Мага койгон турмуштун талабынан.

Турмуш мага көргөздү оңду-солду,
Жылмайганга жүрүпмүн берип колду.





Өзгөргөнүң жаккан жок дебегиле,
Тагдыр мага үйрөттү ушул жолду.

Мейли дедим, күлдүңөр ыйлаганда,
Баш көтөртпөй тагдырым кыйнаганда.
«Жакыным» деп жанымда жүргөнсүңөр,
Акчам барда силерди сыйлаганда.

Жакшы сүйлөп кайрадан келбегиле,
Жагалданып сүйлөөнүн кереги не?
Силерсиңер ооруткан жан дүйнөмдү,
«Өзгөрүпсүң эми сен...» – дебегиле.

## СЕН ДЕСЕҢИЗ

Таштап мени башка жанга кетпесеңиз,
Бирге жүргөн күндөрүбүз эстесеңиз.
Байланам да карыш жылбай жаныңыздан,
Жалгыз бактым бул өмүрдө сен десеңиз.

– Мендик болчу, мени гана сүй, – десеңиз,
– Алып кетем, айылыма жүр! – десеңиз.
Кетээр элем ээрчип сизди түбөлүккө,
– Бүт өмүрдү мени менен сүр, – десеңиз.

– Сени сүйгөн жалгыз гана мен, – десеңиз,
– Мендей сүйгөн бул ааламда кем... – десеңиз.
Ишенейин күмөнү жок бул сүйүүгө,
«Апам күткөн келинчегим сен» – десеңиз.

## БИР КЕМ ДҮЙНӨ

Чындык сүйүп, чындыкты бетке айткан,
Жашырып көп сырларды ичке каткан.
Чыркыратып элиңди кете бердиң,
Жайың болсун бейиште сенин жаткан.

Кызмат кылып элиңе болдуң калкан,
Кыргыз үчүн от болдуң күйүп жанган.
Ишенбеймин дагы эле өлдү десе,
Болуп калса өлгөнүң кана жалган...

Жакшы жандар эмне көп жашашпайбы?
Көздөгөнүн максаттын жаратпайбы?
Ажал деген бир азга калыс болуп,
Алсаң эмне жаманды, жарашпайбы?

## КАЙДА ЭЛЕҢИЗ

Чалбаңызчы, абалым сурабаңыз,
Өчкөн үмүт, кайрадан улабаңыз.
Ишенет деп ойлонуп баягыдай,
Жалган сөздү болду эми курабаңыз.

Кечир дейсиз «түшүндүм баарысын» – деп,
Сүйөм дейсиз, сүйүүнүн баркын билбей.
Сиз деп жашап, сагынып кыйналганда,
Келген жоксуз, жүрдүңүз көзгө илбей.

Сөзүңүздөн түшүндүм айтып жаткан,
Келиптирсиз сүйүүдөн азап чегип.





Сиз барктабай ооруткан жүрөгүмдү,
Дарылады башка жан «сүйүү» берип.

Бактылуумун азыр мен, караңызчы,
Кучагында адамдын мени сүйгөн.
Айтыңызчы, суроомдун акыркысы:
Кайда элеңиз кезимде сиз деп күйгөн?

## АРГАСЫЗ КОШТОШОБУЗ

Жылмайып башкаларга бактылуу сезилебиз,
А бирок, ичтен сызып, тымызын эзилебиз.
Ажырап жолдорубуз баратат, өкүнбөйлү,
Балким биз, бул жолдордон кайрадан кезигебиз?

«Кош» дейли, мындан башка калбады сөздөрүбүз,
Сүйүүбүз бар экенин, айтууда көздөрүбүз...
Талкалап баарысын тең бир четке сүрүп коюп,
Тагдырдын жазмышына баш ийип, өзгөрөбүз.

Барктабай сүйүүбүздү аргасыз коштошобуз,
Бактылуу болбосок да, жалгандан окшошобуз.



**Бурканбек уулу Алмаз**

2002-жылы 30-августта Ош шаарында жарык дүйнөгө келген. 2008-жылы Ош облусуна караштуу Алай районун Ак-Босого айылындагы А.Тукеев атындагы орто мектептин 1-классына кабыл алынган . 2017-жылы аталган мектептин 9-классын аяктаган . 2018-жылы Ош Мамлекеттик Университетинин Юридика колледжине тапшырган .

Үй-бүлөөдө үч бир тууганды улуусу.

## АРУУ ТИЛЕК

Ош шаарынан чыккан экен нечен улуу акындар,
Жүрөктөрү сезимге бай, ыр дүйнөгө жакындар.
Алар өңдүү сөзмөр болуп, калбасам да тарыхта,
Алар баскан изи менен ыр жазууга акым бар.

Алар сындуу болбосом да жете билген жүрөккө,
Алар баскан жолдо басуу үмүт улайт тилекке.
Калган экен менде дагы бир аз «чымын» катылып,
Калем кармап ыр жазайын,түшпөсөм да китепке.

Алар сымал кирбесем да жан дүйнөгө тереңдеп,
Алар жазган ырлар менен тарбия алгам эчен көп.
Болгон үчүн менде талант ыр жазууга куюлтуп,
Кантип жазбайм? Кантип айтам, «ыр дүйнөдөн кетем» деп?





Бирок кыйын акын болуу, аны жакшы билемин,
Талантымды бул багытта таптасам деп жүрөмүн.
Калемимди учтап алып ыр жазууну улантып,
Ак барагым сыя менен ырга боёо-тилегим.

Алыкулдай акын болуп, жаза жүрсөм ырларды,
Балким ашам отуз эмес, андан да көп кырларды.
Аракетке берекет дейт, аракетим кылайын,
Бекер эле өткөрбөстөн жалын жаштык жылдарды.

## АЛАЙЫМА

Сагынганда Алайымдын тоолорун,
Чексиздикке учат түркүн ойлорум.
Салыштырам тирөөчүнө асмандын,
Булут каптап турган бийик зоолорун.

Берекелүү көрктүү жерим Алайым,
Көрдүм жердин сулуу делген далайын.
Курманжандын жыты сиңген жериңдин,
Топурагын жыттап, жыттап алайын!

Барып калсаң көрөсүң сен бардыгын,
Ак батасын көп аласың калкынын.
Кең Алайдын кереметтүү койнунда,
Чоң бакыт да өтүп жаткан ар бир күн.

## АПАКЕМ

Апаке , жазып жатат уулуң сага ырын арнап,
Жазылат ырларым да өзүңө өмүр каалап .
Өмүрүмдү сен үчүн арнасам да аздык кылат ,
Түбөлүккө жүрө берчи жанымда мени жандап .

Өзүңдөй мени эч ким сүйбөстүр бул өмүрдө,
Ырымды сага арнадым жагаар көңүлүңө.
Апаке, сиз үчүн керек болсо жаным берем,
Болгону суранамын келбесин жаш көздөрүңө.

Көзүңө жаш келсе да сүйүнүчтүн жашы болсун,
Жан дүйнөң дайым күлүп, кучагың гүлгө толсун.
Көзүңдүн курчу кетип, чачыңды ак басканда,
Жаныңда сенин уулуң дайыма бирге болсун.

Апакем, апакем ай, бейишим, берекемсиң,
Сен менин түндүгүмдүн, тирөөчү керегемсиң.
Ай жүздүү аппак апам, кадырың абдан бийик,
Жаркырап тийип турган күнгө да тең экенсиң.

## ЧОҢ ЭНЕМЕ

Кичинемден өстүрүп чоңойттуңуз,
Мен үчүн деп канча күч короттуңуз.
Өз энемдей мээримиң чачып мага,
Түн уйкуңда ыйласам соороттуңуз.

Неберем деп жан тартып жүрчү элең,
Мен кубансам сен кошо күлчү элең.





Энекем ай, сагындым ал күндөрдү
Тандырыңдан жулунган күлчө жеген.

Ойгонгондо уйкудан кийим берип,
Бетимден өөп, колума тыйын берип.
Узатчуусуң мектепке, түгөнбөгөн,
Мээрим менен ширелген сүйүүң берип.

Күтүп ар күн мектептен кайтышымды,
Мына ошентип өткөрдүң жай–кышыңды.
Тилегеним жаныңда жүрүп дайым,
Алсам экен күндө мен алкышыңды!

Узун болсун өмүрүң дайра сыңар,
Чоң эне бол колунда кайраты бар.
Баатырларча турмушту жеңип өткөн,
Сен даткасың жүзүңдө айбаты бар.

## БИР ТУУГАНЫМА

Бир тууганым-бир боорум, таянаарым,
Кайда болбо аман жүр, кара жаным.
Бактылуу бол жана да өмүрлүү бол,
Каалайт сага жакшылык агатайың.

Бир тууганым шириним, эркем менин,
Бир бешикте чоңоюп, термелгеним.
Кудай сага кайгыны көрсөтпөсүн,
Кубанычтуу болсо экен келечегиң.

Бир тууганым-тентегим, карындашым,
Бакыт сенден качпасын, жашынбасын.

Кайсы жерде болсоң да аман болсун,
Кымбат болгон биз үчүн алтын башың!

### ЭЖЕЙИМЕ

Асыл кепте сезимдер аруулаган,
Дайыма өз билгенин тартуулаган.
Болдуңуз экинчи эне өзүбүзгө.
Кеңейтип билимибиз дагы улаган.

Сиз биз үчүн жарык чачкан күн болуп,
Жылуулукка толуп жаткан үй болуп.
Серппей кашты, тарбияңыз бердиңиз,
Жашообузда жүрө бергин гүл болуп.

Сизди сыйлап өтүүгө биз даярбыз,
Устат кылып, сизди дайым баалайбыз.
Сиз дегенде тоону бузуп салсак да,
Эмгегиңиз кантип актай алабыз?

Асыл эжей, азды көптөй санаңыз,
Сизге арнап ырлар жазат балаңыз.
Чоңойсок да, турмуш менен агылып,
Сиз биз үчүн апа, а биз балабыз.

### ДОСТОРГО

Кудай мага көп досторду буйруп койгон,
Жакшылык, жамандыкта дем-күч болгон.
Кимим бар айткылачы, жакын мага,
Ишеничтүү жоктур башка бул достордон.





Досторум көңүлүмдү шаңга бөлөп,
Жүрүшөт дайым болуп өбөк, жөлөк.
Жанымдын жараттарын сууруп алып,
Кубантып мага дайым кубат берет.

Баарысы жүзүн буруп кетишкенде,
Досуң келет көйгөйдү чечишкенге.
Түшүнбөйм дос күткөндү жаман көрүп,
Достордон алыс, ыраак безишкенге.

Антташкан досторума ыраазымын,
Аларга арнап жазып турам ырым.
Сактаган чын достуктун касиетин,
Бир гана досторго айтам болгон сырым.

### БИЗДИН СҮЙҮҮ

Биздин сүйүү чыкпасын аягына,
Камалбасын тагдырдын камагына.
Биздин сүйүү татымын жоготпостон,
Күн кечирсин махабат аралында.

Биздин сүйүү кыйноого айланбасын,
Курчап турсун гүл чамбар айланасын.
Биздин сүйүү күлмүңдөп күлүп жүрсүн,
Чынжырына тагдырдын байланбасын.

Биздин сүйүү өлбөсүн, жоголбосун,
Мейли болсун ызгаар кыш, бороондосун.
Биздин сүйүү ооруну көрбөсө экен,
Өз маанисин эч убак жоготпосун.

Биздин сүйүү тепселип, тапталбасын,
Шылдың болуп, мыскылга капталбасын.
Биздин сүйүү жөн гана жашай берсин,
Коюлбасын сатыкка, бааланбасын.

Сен турганда, мен барда бул өмүрдө,
Сүйүүбүздү сактайлы жүрөктөрдө.
Балким миң жыл өткөн соң, калат анын,
Сулуу жүзү ырларда, сүрөттөрдө.

Балким калат абада сиңип жыты,
Балким бир күн ачылат ыйык сыры.
Бирок азыр жөн гана тынч жашасын,
Өчүрбөстөн жылдызын, жанып нуру.

## СҮЙДҮМ СЕНИ

Эмнегедир бүгүн жүрөк башкача,
Арууу кызды жолуктурдум таптаза.
Аны көрсөм тилейм көзүм айрыбай,
Ошол мүнөт түбөлүккө сакталса

Жактырдым мен жүзүңдөгү калыңды,
Назик сүйлөп сууруп алдың жанымды.
Жүрөгүмдү ээлеп алдың периштем,
Байкуш жүрөк бир өзүңө багынды.

Билгим келет сенин болгон сырыңды,
Сага арнап жазып жатам ырымды.
Мындан ары жакын болуп жүрөйүн,
Сен деп далай өткөрөйүн кылымды.





## БАЙКА

Жаным сага сөзүм бар айталбаган,
Кайра-кайра ичимден кайталаган ...
Сөздөрүмө жылмайып кутуласың,
Кандай жансың сүйүүмдү байкабаган.

Айтчы мага, мен өңдүү адам барбы?
Махабатка таштаган кадамдарды.
Сага деген сүйүүмдү айта албай ,
Көкүрөктү кыйнаган жарам калды.

Сүйүү деген кыйын экен эмне кылам?
Сенсиз жаным кыйналып араң турам .
Жүрөгүмдү сен аябай көп кыйнадың ,
Сүйөрүмдү сезчи жаным, мен суранам.

## СЕНСИЗ

Сезимдерим сен тарапка дайра болуп агылды,
Сенин сүйүүң жүрөгүмө тумар болуп тагылды.
Эх сүйгөнүм, жүрөгүмдү неге мынча кыйнадың,
Өңүм эмес түшүмдө да, тынч койбодуң жанымды.

Жүрөктөгү сүйүүм менин ырларымда жазылат,
Ызгаар кышта келдиң жаным, жан дүйнөмө жаз улап.
Өмүр бою бир өзүңдү сүйүүгө мен даярмын,
Сен келгенде эт жүрөгүм сагынычтан арылат.

Сен карасаң унутамын айтар сөзүм таба албай,
Сулуум менин ак куусуң сен, басыштарың маралдай.

Жүрөгүмө бакыт бердиң, тартып койдуң жылмаюу,
Жаным, сени көрүү үчүн кетип жатам кадамдай.

Жакындаса кадамдарым, учуп кетет сөздөрүм,
Жашырышат махабатты сүйүү толгон көздөрүм.
Кечир мени, кечирип кой, кылып койсом шоктукту,
Кызыгы жок тура менин сенсиз өткөн күндөрүм.

## ТУРСУНАЙЫМ

Ай жүздүү, уяң мүнөз Турсунайым,
Жанымда күлкүң чачып турчу дайым.
Сен мага жалгыз кадам таштап койсоң,
Мен сага миң бир кадам умтулайын.

Кара каш, менин сүйүүм, Турсунайым,
Мен сага бир өмүрлүк кол сунайын.
Жашатып ойлорумда элесиңди,
Жүрөгүң сүйүү менен кулпулайын.

Сүйүүдөн арзып тапкан Турсунайым,
Жаркыган күн нурундай күлчү дайым.
Тагдырдан тилегеним өзүң менен,
Өмүрлүк шерик болуп жол улайын.

## СЕЗБЕДИҢ

Сага болгон үмүттү үзө албадым,
Сүйүү көлүн сен менен сүзө албадым .
Жок дегенде бак кезип, бирге басып,
Кол кармашып бактылуу жүрө албадым.





Жүрөгүмдүн каалоосун тыя албадым,
Сендик болгон сүйүүмдү туя албадың.
Көбүк сымал көбүрүп турган менен,
Көөдөнүңө көл болуп сыя албадым.

Башка менен бир жүрсөң кызганамын,
Дүрбөлөңгө айланат туш тарабым.
Ошол замат сүйүүңдү багындырып,
Жаңыртсам дейм жүрөктүн куш кабарын.

Кимде экенин көңүлүң, биле албадым,
Сүйүүң болуп дүйнөңө кире албадым.
Жүдөө тартып турсам да көзүм кыйбай,
Жүрөгүмдөн өзүңдү чийе албадым.

Камагына сүйүүнүн байланганмын,
Жалгыз сага бүтүндөй арналгамын.
Эх сүйгөнүм жаштатып көздөрүмдү,
Жүрөгүмдүн сезбедиң армандарын.

## КОШ

Адашыпмын сени сүйүп, аны эми түшүндүм,
Сага айчуу сөздөрүмдү бул ырыма түшүрдүм.
Кетем сенден түбөлүккө, суранамын эстебе,
Сага арнаган махабатым дал ушинтип бүтүрдүм.

«Ашыгым» деп, сага арнап сүйүү ырын жазбаймын,
Сүйөм деген сөздөрүмдү эми сага айтпаймын.
Кетип жатам өзүңдөн мен, мени унут түбөлүк,
Сага карап «кечирчи» деп, болду артка кайтпаймын.

Кошкунуң сен махабатым, жалгыздыкта калтырдым,
Сүйүүнү эмес, бoштондукта жүрүүнү мен жактырдым.
Кетип жатам сенден узап, мени эстеп кайгырба,
Акырына жетип жатам чогуу курган бактымдын.

## УКЧУ ЖҮРӨК

Укчу жүрөк, көзүм улам жаштаба!
Ал сулуунун балким оюу башкада.
Куру кыял, сезимдерге арбалып,
Айыкпаган күйүт отун жакпа да.

Токто жүрөк, токто анча шашылба,
Кол жетпеген бийиктерге асылба.
Балким анын башка чыгаар сүйгөнү,
Бороон болуп саамайыңды сапырба!

Чыда жүрөк, берилбегин үмүткө,
Жетпей калсаң, эзилесиң күйүттө.
Сокур сүйүү жалганына арбалып,
Көктү эңсеп, кур кыялга күйүкпө!





**Надыркул кызы Жамийла**



2002-жылы 21-апрелде Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Адыр айылында орто дыйкандын үй-бүлөөсүндө жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөөдө 6 бир туугандын эң кенжеси 1 эжеси, төрт агасы бар. 2008-жылы Маматшарип Сулайманов атындагы орто мектепке кабыл алынып, ал жерде 8 жыл билим алган. 2015-жылы Камилжан Раимбеков мектеп-гимназиясына которулган. 2018-жылы окууну аяктап, ошол эле жылы Ош Мамлекеттик университетинин Индустриалдык Педагогика колледждине тапшырган. Учурда аталган окуу жайдын башталгыч класстарга билим берүү бөлүмүндө 1-курста окуйт.

Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун адабий чеберчилик окуу мектебинен өткөн.

«2019-жылы Ош шаары – Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору» эл аралык иш чаралардын алкагында акын жазуучулардын арасында Ош шаарында профессор Р. Жолдубаевдин демилгеси менен өткөрүлгөн «Карегимде Ата-Мекеним» кароо – сынагында «Өзгөнүм» аттуу ыры менен 2-даражадагы диплом алган.

## КАДЫРЫН БИЛГИН

«Балам» деп сага арнады бүткүл жаштыгын,
Кийбестен өзү кийсин деп кийим жакшысын.
Эч кимден сени кем кылбай багып өстүргөн ,
Энеңдин бүгүн тутанткын таалай-бактысын.

Бой жеткен кезде кубанып үйлөп-жайлады,
Түйшүгүң тартып, азапка башын байлады.
Нааразы кылбай кадырлап, сыйлап бийик тут,
Атакең сага кан-жанын бүткүл арнады.

Убакыт келет ата-эне пейли өзгөрөт,
Жаш бала сымал таарынып сөзгө көп чөгөт.
Ошондо дагы кадырын билип, сыйласаң,
Алдыга жылат, адамдык баркың өйдөлөп.

## БОЛСОМ ДЕЙМИН

Кечинде жумушуңдан чарчап кайтсаң,
Эркелеп, өөп, жыттап, аярласам.
«Чарчады балдарымдын атасы» – деп
Таптаттуу тамак-ашың даярдасам.

Ашыкча кызганбастан өзгөлөрдөй,
Болоор–болбос нерсеге көңүл бөлбөй.
Андан көрө түшүнүп колдоп сени,
Жубай болсом акылы «бийик белдей».

Турмуштун узун ашуу жолдорунда,
Бир кетели турса көп жыл агып суу.
Өз бактыма өзгө эмес өзүм дагы,
Суктанууга болоюн ылайыктуу.





## АЙТА АЛБАГАН

Көздөрүң не бир сонун жалжылдаган,
Каректе сүйүү оту балбылдаган.
Бир сен деп чын сүйүүгө тушуксам да,
Бир жанмын, сырымды эч алдырбаган.

Кезиксек кеп айта албай кысталамын,
Кылыгын билесиң да кыз баланын.
Капилет башка кыздын атын айтсаң,
Каректен сыр билгизбей кызганамын.

Ашыкмын сырттан такыр байкалбаган,
Айтылбай ичимдеги каткан санаам.
Биликтей жарыктыктан үмүт кылган,
Бир кызмын сагынычын айта албаган.

Өрттөнүп кетсем дагы өзүң үчүн,
Бир кызмын болгон сырын айта албаган.

## БИР ИНСАН

Бир инсан көрдүм, байлыктын баткан сазына,
Ал үчүн турат, баарынан бийик казына.
Керсейип жүрөт кембагал жанды теңсинбей,
Көңүлүн бөлбөй, адамдык сапат азына.

Бир инсан көрдүм, жарытып кийим кийбеди,
Алкымын ачып, арамдан байлык үйбөдү.
Көр оокат үчүн кылса да иштин түркүнүн,
Акысыз жерге колунун уучу тийбеди.

Бир инсан көрдүм, чыркырап чындык сүйлөгөн,
Кошамат кылып койнуна чоңдун кирбеген.
Теңирден качып, тетири басып жүргөндү,
Жол салып оңго, бактылуу жолго үндөгөн.

Бир инсан көрдүм, калп айтып, шумдук ашырган,
Жалгандан качпай дүйнөсүн бүтүн батырган.
Шайтандай болуп акылды алып бир замат,
Өзү баскан жолго, өзгөнү дагы чакырган.

Жашоодо көрдүм миң түрдүү кыял адамды,
Жаманды көрүп жойгонмун канча катамды.
Жакшыны көрсөм үлгү алып, ээрчип артынан,
Жакшылык үчүн, жасаймын ар бир кадамды.

## ТҮБӨЛҮК КЕТКЕНИҢ

Сары ооруу кылып, сагыныч мени кыйнады,
Мөлтүлдөп байкуш, каректер жашын тыйбады.
Алгачкы ирет кезиккен ошол жерлерди,
Карабай өтүп, кетүүгө көзүм кыйбады.

Сакталып калган, дал ошол жерге элесиң,
Оорутуп неге жүрөккө азап бересиң?
Жан дүйнө гүлүн куйкалап өрттөп жок кылды,
Кулпулап эшик, түбөлүк жакка кеткениң.

Эшикти тарттым, кулпусун бирок ачпады,
Каректи аттиң, ачуу жаш ээлеп, каптады.
Жүрөктү эзип, кайрадан ага дем берди,
Жыпарлуу жытың сакталып, сиңип калганы.





## ТҮШҮМДӨ МАГА КЕЗИКТИҢ

Жылыбай такыр, муздаган сенин колдоруң,
Тутанбай калган сезимди кайра козгодуң.
Бакытка бөлөп, жүрөккө турат дем берип,
Кучактап бекем, чекемден өөп койгонуң .

Мага арнап бүгүн, гүлдөрдүн түрүн терипсиң,
Магдыроо кылчуу сөздөрдү арнап келипсиң.
Түбөлүк эмес болсо да ушул бакытым,
Кубанычка бөлөп, түшүмдө мага кезиктиң.

Бактылуу болуп, кучактап сени бир далай,
Өзүңө гана эркелеп турдум, жыргал ай...
Аз болсо дагы бакыттын чөгүп көлүнө,
Адатым болду, түшүмдө сени тыңдамай.

## ӨЗГӨНҮМ

Тарыхка бай, көк шиберлүү Өзгөнүм,
Сөзүм кедей мактоо үчүн сөздөрүм.
Кереметтүү коозлугуңа эч качан,
Суук көзү тийбесе экен өзгөнүн!

Мунараң бар тиреп турган асканы,
Суктандырат сулуулугуң башканы.
Өлкөбүзгө болуп келген белгилүү,
Күрүчүңдөн таттуу болот аш дагы!

Эх, Өзгөнүм, кереметсиң ажайып,
Келген жерсиң, көптөн сулуу саналып.

Суукка тоңуп, керек болсо сен үчүн,
Жалындаган отто дагы жаналык!

## СУЛУУЛУККА АЛДАНБА

Сүйүү ширин кандай гана керемет,
Сүйүү баркын чындап сүйгөн жан билет.
Ак сүйүүнүн алоо отун өчүрбөй,
Кадырын бил, андай сезим бир келет.

Аруу таза сүйүү билсең тунук суу,
Сезимдериң болсун дайым туруктуу.
Сени сүйүп, сен деп жүргөн жан болсо,
Кантип болсун сезимиңде турукшуу.

Сулуу көрүп чырайына арбалып,
Сүйө калып ак сүйүүңдү жар салып.
Сулуулуктун кара жүзүн көрбөстөн,
Калбагын эх, сулуулукка алданып...

## ЖАШООГО КАЙТТЫМ, СИЗ БАР ҮЧҮН ЖАКШЫ ИНСАН

Бир кезде мен кабылдым жоготууга,
Башым чөктү кайнаган отко, сууга.
Жандай көрүп жанымда жүргөн достор,
Жарабады бири да сооротууга.

Жүдөө тартып, нуру өчкөн кебетемдин,
Жүзүн бурган жандарга тебелендим.
Ошол кезде түшүптүр көзү мага,
Ойчул–баамчыл Айбарчын эжекемдин.





«Эмне себеп айтчы» дейт өзгөрүүңө?
Элеңденип карадым көздөрүнө.
Жооп бере албай тайсалдап туруп калдым,
Жашты топтоп жайнаган көздөрүмө.

Өзөктү өрткө салып нетейин ээ?
Өткөндүн баарын айттым эжейиме.
Бактылуу болгуң келсе күлүп жашап,
Ишен дейт, ал күндөргө жетериңе.

Жакшы күн келет экен убагында,
Жашоомо шүгүр кылып турамын да.
Жан сүйгөн бал сөздөрү эжейимдин,
Жаңырып турат дайым кулагымда.

Ыразымын эжекебай сизге терең,
Сиздейлер болгон үчүн дүйнө кенен.
Оңолдум, чанган достор кайтты, бирок,
Мен кеттим сиз көрсөткөн чөйрө менен.

Көрсөтүп адамдардын нагыз баасын,
Көп айтып канатымдын кайрылбасын.
Түнт түшкөн жолдон мени чыгардыңыз,
Үйрөтүп адамдардын айырмасын.

Жашоого кайттым бүгүн, таттым балын,
Жашоодо сиз бар үчүн жакшы инсаным.

## АПАМА КАТ

Эркелеп апа сенин кучагыңда,
Жүргөнмүн ийилбеген бутагыңда.
Жакшы окуп, жакшы инсан болоюн деп,
Түшкөнмүн билим самап бир агымга.

Көтөрөм деп келгенмин сабатымды,
Тырмалап шаар жашоосу канатымды.
«Заманың түлкү болсо, түлкү бол» деп,
Жоготком жөнөкөйлүк сапатымды.

Айтпадым акыйкаттын сүйгөн сөзүн,
Жоголду ишеничте жүргөн көзүм.
«Ар адам өзүн гана ойлош керек»,
Көптөрдөн ушул болду үйрөнгөнүм.

Шаардан миң-миң эсе артык экен,
Апаке, кучагыңда жүргөн кезим!

## АПАМА

Тогуз ай курсагына салып келген,
Толготуп бул ааламга алып келген.
Ак сүтүн, ак эмгегин аябастан,
Ак тарап, адал берип багып келген.

Көтөрүп кайраты чоң колдор менен,
Өстүрдү кандай кыйын жолдор менен.
Акылдуу кыз болсун деп келечекте,
Окутту жакшы тилек-ойлор менен.





Чачымдан назик сылап эркелеткен
Чалыкпай канча кечип өткөн оттон.
Кыз болдум тарбиясын алып жүрүп,
Көппөгөн, чөкпөгөн да бардан-жоктон.

Айтчы апа, кантип актайм ак сүтүңдү?
Кайтарам кантип сенин ал-күчүңдү?
Түз жолдо өстүргөнүң үчүн апа,
Түбөлүк айтып өтөм алкышымды.

## ЖАШАГЫН ИЗ КАЛТЫРА

Жашооңду каптап алып кара түтүн,
Максатсыз өтүп жатат ар-бир күнүң.
Бир келген жашоодо жыргайын деп,
Алдайсың куру бекер өзүңдү өзүң.

Ичимдик ичип өмүр өткөрөсүң,
Күнүмдүк жашоо сенин көксөгөнүң.
Инсандар арасында билсең эгер,
Кадырың, баркың кыйла бөксөргөнүн.

Жашоонун жетүү үчүн биз баркына,
Улуулар басып өткөн из бар тура.
Жакшылык ишти жасап өмүр бою,
Жашагын бул дүйнөдө из калтыра.

## АПАКЕМ АЙ

Эч нерседен кем кылбай бакканың чын,
Эзип жаның көп терге батканың чын.
Жаралансам, жөлөнчүм болор го деп,
Жараткандан миң сурап тапканың чын.

Кыйын кезде кийгеним тон болчу ээ?
Ошол кезде пейилим оң болчу ээ?
Алыстарга тигилип кош карегиң,
Апа, менден үмүтүң чоң болчу ээ?

А мен азыр тонумду унутканмын,
Акылымды аздан жеп курутканмын.
Далым түздөп басамын министрдей,
Даарысын таап алгансып улукмандын.

Тон ордуна долларлык жакут кийип,
Туруп жетпей жүргөндү жатып кийип.
Жан дүйнөнүн бакытын тондой чечип,
Жашап жатам жасалма бакыт кийип.

Унутулуп ууз сүтүң, адал ашың,
Ушул жолду тандаган кара башым.
Түп максатым өзгөрүп тетир жолго,
Түртүп кеттим турмуштун арабасын.

Кындан алып салгандай кылычымды,
Кыйып кеткем апаке ырысымды.
Карга сымал караңды «аппагым» деп,
Каалабадың турмуштан сынышымды.





Кайра бутка турайын апакем ай,
Кайрап берчи баягы кылычымды.

## АЙКӨЛ МАНАС

Айкөл Манас атагы алыс кеткен,
Курч мүнөзү болоттой болгон бекем.
Эли-жерин жанынан бийик тутуп,
Душмандарга баш ийбей коргоп келген.

Урпактарга калтырган осуяттын,
Бүт дүйнөгө тааныткан кыргыз атын.
Убадага бек турган Айкөл Манас,
Иш жүзүнө ашырган берген антын.

Жоодо жүрдүң эркиндик күндү самап,
Бүгүн сенин атагың ташты жарат,
Кырылышпай, касташпай кыргыз эли,
Манас ата өзүңдөн үлгү алат.

## ИЙГИЛИК СЕБЕПЧИСИ
*(Туруксуз доско)*

Таштап кеттиң, мени кыйын күндөрүмдө,
Куйтулугуң сезбептирмин күлгөнүңдө.
Чын достуктун антын бузуп кечтиң досум,
Сенин сайган найзаң калды жүрөгүмдө.

Акча менде аккан кезде селдей болуп,
Кучагыңды ачып жүрдүң көлдөй болуп.
Айтчы неге башым муңга баткан кезде,
Сызып кеттиң, учуп кеттиң желдей болуп?

Досум десем жашоомо эң керектүүсү,
Өзүң болдуң жаман ойдун серепчиси.
Сен кеткенде башым жетти көп нерсеге,
Сенсиң досум ийгилигим себепчиси.

Унутулуп сенден калган санаа-муңум,
Түшүндүм мен сендей достун чалалыгын.
Таштап кетип, чыңап мени күчтүү кылдың,
Ыраазычылык айткым келет сага бүгүн!







**Төлөнбай уулу Аман**

1995-жылы 4-ноябырда Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Тоготой айылында жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөнүн эң кенжеси. Азыркы учурда Москва шаарында иштейт. "Өрнөк-Башат" адабий бирикмесинин мүчөсү.

Бир келген өмүрүмдү булгабайын,
Мейли мен баштагыдай жыргабайын.
Бактылуу күндөрүмдү жазсам эгер,
Каарманы болчу секет ырда дайым.

Өтсө да жылдар сени унутпасмын,
Башканын жан дүйнөсүн жылытпасмын.
Жанымда сүйүү нурун чачып турсаң,
Жашоодо мен эч качан буулукпасмын.

Түгөнбөс жүрөк ырын ырдап келет,
Сендеги сүйүү сырын тыңдап келет.
Тек гана жашай берчи бул ааламда,
Бардыгың мен үчүн эң кымбат белек!

Чертилди сезим күүсү кылдарымдан,
Кунт коюп, сезимимди тыңдагын жан.
Сүйүүмдү сага болгон, билгиң келсе,
Издегин, көөдөн жарган ырларымдан!

## СҮЙӨ АЛБАСМЫН СЕНДЕЙ БОЛУП БАШКАНЫ

Коштошормун колдоруңду кармабай,
Сүйүү толгон жүрөгүмдү арнабай.
Узактарга кетем сенден алыстап,
Өкүндүрөт ушул мени арман, ай!

Сагынычка баткан алсыз жүрөгүм,
Сүйүп жашап, миң азапта күйөмүн.
Кыялдарым орундалбай кетээрин,
Билсем дагы мен баары бир сүйөмүн.

Ойгонсомчу түш сыяктуу сүйүүдөн,
Жүрөгүмө кусалыктар үйүлгөн.
Сүйүү менен жазалаган эх, тагдыр,
Сырдуусуң ээ түйүн сымал түйүлгөн?

Табышмактар дагы канча катылган?
Азып барам күндөн-күнгө акылдан.
Азап менен сүйүү бердиң асылым,
Ойлорумду аңтар-теңтер сапырган.

Биз бололу бүтпөс сүйүү дастаны,
Күчү жетпес аны эч ким жазганы.
Өзгө менен бирге өмүр сүрсөм да,
Сүйө албасмын сендей болуп башканы.





## ЭЛЕСИҢДИ ТҮБӨЛҮК САКТАЙЫНБЫ

Биздин ошол ак сүйүү отун чачкан,
Мезгилдер артта калды болуп дастан.
Бир күнү жолугушуп калсак эгер,
Эстээрбиз ал күндөрдү чогу баскан.

Өзүңсүз улап жатам сапарымды,
Кемиткен тагдыр менден катарыңды.
Алтыным, дале тартып жүрөм азыр,
Жүрөккө салып кеткен азабыңды.

Кайгынын азаптарын тартсамбы не?
Көңүлгө тоодой жүктү артсамбы не?
Жүрөктөн элесиңди бүт өчүрүп,
Баркымды билген инсан тапсамбы же?

Сүйүүнүн барагын жаап салсам окшойт,
Үмүттүн жибин үзүп алсам окшойт.
Өзүмдү куру бекер кыйнай бербей,
Өзүңдөн ыраак кетип калсам окшойт.

Ааламга бул сезимди мактайынбы?
Махабат ырын ырдап даңктайынбы?
Сүйдүрүп жалын отко таштап кеткен,
Элесиңди түбөлүк сактайынбы?

## КАЙРЫЛЧЫ

Дүрбөлөң салдың, жаңырган аруу сезимге,
Тарттырып түйшүк, албастан кеттиң теңиңе.
Тагдырым сага ошондо билсем кошпосун,
Жүрөккө каршы турмакмын эле кезинде.

Санаага салып, көөдөнгө толду кусалык,
Жашасам дегем, өмүрдү бирге улантып.
А бирок кайдан...Тагдырым салып сыноону,
Бөлүнүп калдык Ай, Күндөй алыс тунарып.

Жарадар жүрөк өзүңдү дале күтүүдө,
Көз жумуп арман, азапка жаным түтүүдө.
Кайрылчы жаным, колумду кайра сунайын,
Атыбыз калсын өчпөстөн ыйык сүйүүдө!

## ӨЧҮП ЖАТАМ

Өзүңдү сүйгөнүмдө,
Өрттөнүп күйгөнүмдө.
Кол сунуп келген жоксуң,
Көңүлсүз түндөрүмдө.

Сагынып күткөнүмдө,
Санааркап жүргөнүмдө.
Саламың бербей кеттиң,
Саргайган күндөрүмдө.

Жан дүйнөм сыздаса да,
Жабыркап ыйласа да.





Өзүңсүз калып жүрөк,
Өмүргө сыйбаса да.

Унутам, айла канча?
Убакыт пайлаганча.
Уурданган көздөрүңө,
Ууз сүйүүм арнаганча.

Мансабың беттедиңби?
Маараңа жеткениңби?
Муз жаның сезбей койду,
Муңайып кеткенимди.

Кечир деп сөзүң айтып,
Кеч болот, келбе кайтып!
Назгүлүм жан дилимди,
Назданып эзбе кайтып.

Кызганып жүрбөдүмбү?
Кылыктуу күлгөнүңдү.
Сен болсо басып кеттиң,
Сыздатып бир жеримди.

Колумдан кармаганга,
Көңүлүм арбаганга.
Качандыр келип калсаң,
Кеч болот, арман анда...

Тирүүлүк зардабында,
Тирүүлөй кайнадым да.
Беттешпей кала бердик,
Бакыттын майданында.

Жүрөккө күйүт салбай,
Жазыксыз күйүп калбай.
Алыстап баратамын,
Азоолоп күлүк тайдай.

Баарысын аңдап алып,
Башканы тандап алып.
Уяма конгон кушту,
Учурбай кармап алып.

Айтылбас арманымды,
Арзуу ыр жазганымды.
Уктабай сен деп аткан,
Унутуп таңдарымды.

Баш чайкап кетип жатам,
Бактыма жетип жатам.
Жазаңды өтөй бербей,
Жашоондон өчүп жатам.

## КЕЧИР ДЕЧИ

«Кечир...» – дечи, арты көздөй барайын,
Шам сыяктуу «сен» деп күйүп жанайын.
Кайчылашып кеткен татаал жолдордон,
Сага барчу багытымды табайын.

«Кетпе!» – дечи, жандап дайым жүрөйүн,
Сени менен таттуу өмүр сүрөйүн.
Махабаттын шарабына мас болуп,
Жароокерим, сен деп гана күлөйүн.





«Күтчү!» – дечи, күтөм кылым өтсө да,
Сагынычтан карек жашын төксө да.
Күтө берем, күдөр үзбөй күнү-түн,
Үмүт бизден ыраакташып кетсе да.

«Сүйчү!» – дечи, өмүр кошуп бактыма,
Сылык сөзүң уккум келет жакшына.
Билген кезде үмүттөрдүн өчкөнүн
Эт жүрөгүм жараланды жаш чыга.

## МЕН УШУНДАЙ АДАММЫН

Ырды жазсам, жеңил ыр деп какпагын,
Алтын болот, ар бир сөзүм байкагын.
Мейли жазгын ырбы? Сөзбү? Сындабайм.
Анткени мен сөз баалаган адаммын.

Кеңеш берсең укканга мен даярмын,
Ырларыма жан үрөймүн, аярмын.
Сындап ырды жазсаң дагы, мейли дейм,
Анткени мен, сын көтөргөн адаммын.

Уурдап ырды, автор болуп албагын,
Макул болом, ырларымды жандагын.
Берем сура, канча жакын болсо да,
Анткени мен, сыйды билген адаммын.

Башкаларга көрүнөм деп жазбагын,
Эсиң болсо, ырыскыңды чачпагын.
Акындыктын асылдыгын билип жүр,
Анткени мен, эң жөнөкөй адаммын.

## КУСАЛЫК

Козгоп бүгүн куса толгон жарамды,
Айылымда сагындым бир караанды.
Жетким келет алып учуп шамалдай,
Жете албастан, туш тарабым караңгы.

Алыстамын, эми билдим баркыңды,
Ичке жутам чыгара албай дартымды.
Алыс жерде жүрсөм дагы апаке,
Бекем сактайм сага берген антымды.

Күндөн-күнгө жүзүм улам кубарат,
Күч алгандан, күч алууда бу жараат.
Сүрөтүңдү көргөн кезде жүрөгүм,
Нур жүзүңдү көргөнүңдөй кубанат.

Эрксиз жүрөк сагынууда өзүңдү,
Уккум келип, ар бир айткан сөзүңдү.
Кудай буйруп кайтсам бир күн Мекенге,
Бек кучактап, өпсөм деймин жүзүңдү.

## КЕТКИМ КЕЛЕТ

Көргөн кезде эски сүйүү козголгон,
Көмүлгөндөй сезимдерим боздолгон.
Сүйөрүмдү билип, туюп турсаң да,
Ак сүйүүгө каректериң боз болгон.

Жүрөктү эзген суроого жооп таба албай,
Жарадармын мен өзүңө жага албай.





Жароокерим, жамалыңды сагынып,
Жазган элем түн мүнөтүм саналбай.

Кээде туруп, тазга айланат түндөрүм,
Сенсиз мага кыйын болду күн көрүүм.
Жашап келем үмүт менен жан үрөп,
Ак сүйүүнүн илип алып жүктөрүн.

## ҮМҮТ ҮЗБӨЙ КҮТӨМҮН

Көкүрөктө сага жанган кусалык,
Кайда калды ой максаттар тушалып?
Карегимде турар элең жанашып,
Кыялымда комуз менен күү чалып.

Сагынычтар ак жүзүмдү кубартып,
Сан миң ойдо кат жазчумун түн артып.
Сезимдерсиз башка менен жүргөнчө,
Сени менен бир мүнөттүк күн артык.

Мен өзүңө кезигүүдөй туюлду..,
Кези келсе, жолугуу да кыйын бу.
Канча аракет кылсам дагы, а бирок,
Мен ордуна койгум келди сыйыңды.

Кагылуубу үмүттөрдүн дарагы?
Жүрөгүмдө уюп турган жара бу.
Көрсө турмуш, эки жанды бир кылбай,
Ушул экен бул турмуштун талабы.

## КИРИП ТУРЧУ ТҮШҮМӨ

Сагынып мен көргүм келди бир өзүң,
Эрке кыял сенин сүйкүм мүнөзүң.
Караңгы түн жатам дале уктабай,
Карап сенин күлүп түшкөн сүрөтүң.

Күлүмсүрөп, сүрдөтөсүң адамды,
Кыялдана ойлор басты санаамды.
Көрүп жатып сүрөтүңдү ардагым,
Козгоп алдым куса аттуу жарамды.

Туз куйгандай болуп турам ичиме,
Түйшүктөрдөн арылайын кичине.
Башка нерсе сурабаймын өзүңдөн,
Бар болгону кирип турчу түшүмө.

Сенден башка эч нерсени каалабайм,
Сагынганда кирип турчу түшүмө.

## БУРУЛУШ

Бүтүндөй жашоо турат өлчөнүп,
Баарына алым жетпей көз көрүп.
Бир четин кармап алып бакыттын,
Бактылуу жашайлычы өзгөрүп.

Бурулуш жасап алып тагдырга,
Билинбей күндөр өтөт алдыга.
Келбестир өткөн өмүр кайрылып,
Келгиле, өзгөрөлү жакшыга.





Ар күндү кубанычта тосолу,
Армандын тутанбасын очогу.
Сыйкырлап ар бир өткөн күндөрдү,
Сыймыкка татыктуу жан бололу.

Өзгөртүп жашайлычы ааламды,
Өлчөмсүз бакыт болоор ал дагы.
Өчөшүп, суу кашектей быкшыбай,
Өзгөчө тосулсунчу таң дагы.

Баарына адилеттүү карайлы,
Байлык деп бөлүп-бөлүп салбайлы.
Баарына көз караштү тең кылып,
Бүгүндөн өзгөрүлүп жашайлы.

## «АДАМ» БОЛОМ

Муң тарткан алсыз жүрөк ооруп калды,
Мээримге муктаж болуп, соолуп калды.
Турмуштун туңгуюктуу сыноолору,
Түнт кылып, жан дүйнөмдү тооруп калды.

Сынбаска менде башка айлам барбы?
Сүйрөлтүп бара жатат арман-кайгы.
Куу турмуш неге мынча өчү бардай,
Кыйноого ала берет кайрандарды?

Сунууда уусун кошуп, балын дагы,
Сүрүүгө жетер бекен алым дагы?
Сүйөмүн сени дайым жашай берем,
Сен менин кечим дагы, таңым дагы.

Ооба, мен, бул турмуштан алып жазам,
Өнөргө дале болсо каныкпагам.
Билгенден билбегеним көп болсо да,
Сүйүүмдү ырым болсун аныктаган.

Төгүлөт кээде жанган асыл ойлор,
Төрүнө турмушумдун караан болом.
Түйшүктүү жолуң татаал болсо дагы,
Туз жолдо жыгылбаган адам болом.

Түйшүктүү жолун татаал болсо дагы,
Туз жолдо кулабаган адам болом.

## ЖАЛГЫЗЫМ АПАМ

Алыстык күндү жамындым апа,
Алтыным сизге кагылдым апа.
Таң эрте туруп жасаган сиздин,
Тамагың абдан сагындым апа

Ар күнү сизди эстеймин апа,
Тагдырды кээде жектеймин апа.
Жашоонун нугун түздөп бир алсам,
Жаныңдан алыс кетпеймин апа.

Кадырың бийик көңүлдө апа,
Кайгы-дарт турат көзүмдө апа.
Кашыңда дайым жүрөйүн деймин,
Кызматың кылып өмүрдө апа.

Оорусаң жөлөк болоюн апа,
Ордуңа үшүп тоңоюн апа.
Канчалык көккө көтөрүлсөм да,
Кадырың бийик коёюн апа.





Кудайым өзү сактасын апа,
Ак сүтүң уулуң актасын апа.
Дүйнөдө жалгыз адамым сенсиң,
Кайгыга көзүң батпасын апа.

Жашоодо күлүп жүрүңүз апа,
Жаркылдап өмүр сүрүңүз апа.
Тиземди бүгүп Кудайдан тилейм,
Сиз менен толук үйүбүз апа!

## МЕН ОН СЕГИЗ ЖАШЫМДА

Жалындаган күлгүн кездин багында,
Жаштыгымдын таттуу даамы барында.
Жан дүйнөмдө ысык сезим калтырдың,
Жароокерим, мен он сегиз жашымда.

Аптабы күч жүрөк ысып жалынга,
Аткан ошол ак сүйүүнүн таңында.
Айталбаган жүрөктөгү сырыңды,
Ак баракка калтырыпсың, сабыңа.

Аруу жансың, бакыт болдуң өзүмө,
Бакыт коштуң балдай таттуу кезиме.
Мээрим нурун жалгыз сенден алчудай,
Мендик жүрөк талпынууда өзүңө.

Өмүрүмдө гүлдөр өскөн убакта,
Өзөгүмө сүйүүң суусун куят да.
Оргуштады махабаттын булагы,
Оо алтыным, мен он сегиз куракта.



**Ызакова Нурасман**

1995-жылы 27-июлда Араван районунун Гулбаар айылында төрөлүп өскөн. 2002–жылы мектеп босогосун аттап, 2011-жылы 9-классты аяктаган. 2011–2015-жыл аралыгында ОшМУнун Финансы Юридикалык Колледжинде окуп билим алган. Учурда Караганды шаарында эмгектенет.

## АЛТЫНЫМ АПАМ

Жыпарын чачып, гүлдөгөн бакчам,
Жердеги жалгыз, периштем апам.
Жатсамда турсам өзүңдү ойлоп,
Өмүрүң тилеп, ойгоном ар таң.

Күн түндөп айтсам бүтпөгөн дастан,
Сиз үчүн; ай-күн, жер дагы асман.
Жашоодо барым, байлыгым менин,
Сиз үчүн эчен ырларды жазгам.

Өмүрдүн барын биз үчүн арнап,
Бөпөлөп бизди, ар дайым кармап.
Пейили кенен, мээрими менен,
Жашоомо менин коштуң го салмак.

Жыгылсам эгер чаңымды каккан,
Чачымды тарап, ак бантик таккан.
Жарыгым апам перзентиң сенин,
Кат жазып жатат алыскы жактан.





Көргөндө көңүл көтөргөн бакча,
Жанында турсаң, билбеймин чарчоо.
Өмүрүн берген, кымбаттуум менин,
Жаштыкты сактаң, суктансын арча.

## КАЙРЫЛУУ

Жан дүйнөмдө жаркыраган күнүм бар,
Ыйлап келсем тосуп алаар көлүм бар.
Көз жашымды көргөзбөй жан адамга,
Алыс-алыс... алып кетет толкундар.

Көл жээгине жетелеген кыялдар,
Өткөн кезди эстетпечи, унуткар.
Унутайын көңүл чөккөн күндөрдү,
Өмүр кыска, өтүп барат көп жылдар.

Көңүлүмдү эзип жүргөн кайгы бар,
Кайгымды алыс учургула шамалдар.
Жок дегенде бир күн күлүп жашайын
Менден алыс, кеткилечи армандар.

Мени мынча кыйнабачы арзуулар,
Ансыз деле жүрөгүмдө дартым бар.
Кыялымдын ааламында бир күнүм,
Өткөрөйүн, тоскоол болбой кетчи, бар.

Күүгүм кирип, уясына күн батаар,
Мына азыр күмүш нурлуу ай чыгаар.
Күнүм менен коштошуп мен алайын,
Асманымды тоспой кеткин булуттар.

## ЖАМАН СӨЗГӨ УНЧУКПА

Өзгөлөр тил агытып, төксө заарын,
Сабыр карма, келтирбей ачуу каарың.
Унчукпастан жөн гана бир күлүп кой,
Кек сактабай, айтылган сөздүн баарын.

Жаман адам албууттап төксө каарын,
Жарабайт ко ал адамга таарынганың.
Кызыл тилге каяша сөз кайтарба,
Тим эле кой акыры жабат жаагын.

Кээ бирөөсү сөз айтса эң жаманын.
Күлүп туруп жүзүнө тик карагын,
Кулак салба жылмайып кете бергин,
Жеңил болот желкеңден жүк аларың.

Токтотпосо, заар тилдин агытканын,
Жылмаюуңду сен ага багыштагын.
Карман өзүң эркиңди жоготпогун,
Жамандарга теңелип жарышпагын.

Тилин тыйбай жамынып бакырышы,
Бул дегени шайтанды чакырышы.
Эрдик кылып, жөн гана жылмайып кой,
Жаман сөзгө унчукпоо – эрдин иши.

* * *

Кабагымдын эч ачылбай койгону,
Жүрөгүмө сагынуунун толгону.
Сага деген сүйүүм өчпөйт билгин ээ,
Эркелегим келип турат болгону.





Жолукканда көзгө жаштын толгону,
Сагынганым себеп болот оболу,
Таарынчымды эркелетип жазып кой,
Жылуу сөзүң уккум келди болгону.

Кадамдардын эч токтобой койгону,
Көктүк эмес, кусалыктын толгону,
Жаман көрбөйм, эх алтыным түшүнчү,
Мөлтүр жашты тыйгым келди болгону.

Каттарыңа жооп жазбасам он жолу,
Ойлоп калба, жүрөгүнүн тоңгону.
Ошол кезде кабар алып келип кой,
Жок дегенде таарынчымды жойгону.

* * *

Жарк этип чагылгандай келе калдың,
Ойлоруma байкатпай торуң жайдың.
Жакшы көрөм деп айтып жалгыз өзүм,
Жүрөгүмдү сен дагы ээлеп алдың.

Жашырынган сезимиңде ойнодум,
Саламыңды айтып катың жолдодуң.
Сенсиз тынчым жоготтум татынам деп,
Жүрөгүмө сен да сүйүү козгодуң.

Жаркылдап кайдан пайда боло калдың?
Балким сен, белегисиң ушул жаздын.
Жан дүйнөмө нуруңду чачып келген,
Жарыгысың апакай аткан таңдын.

Бактым деп обон созом ырдайм дайым,
Басайын өзүң менен сүйүү багын.
Сен деген жүрөгүмө азап берип,
Боло көрбө сүйгөнү өзгө жандын.

Сенек болгон сезимге алоо жактың,
Соолуп калган көңүлгө гүлүң тактың
Аалам кезип биздеги бул ак сүйүү,
Түбөлүккө болуп өт менин бактым.

## ӨМҮР

Жамандын жолун тоспогон өмүр,
Жакшыга-жакшы кошпогон өмүр.
Үшүгөн жаным кыйнасаң дагы,
Үмүтүм сенден оошпогон өмүр.

Бирөөгө баарын зар кылган өмүр,
Бирөөнүн жолун тар кылган өмүр.
Сүйүшкөн жупту экиге бөлүп,
Сүйбөгөн жанга жар кылган өмүр.

Энени уулдан айрыган өмүр,
Жакшынын жолун кайрыган өмүр.
Бирөөгө жакшы жашоону берип,
Бирөөнүн тонун сыйрыган өмүр.

Бирөөнү карыш, бастырбай өмүр,
Бирөөнү такыр, жактырбай өмүр.
Жалгандан толук бакытты берип,
Жардынын жанын шат кылмай өмүр.





Ай-күндү айдап, барасың өмүр,
Кээде ак, кээде карасың өмүр.
Сыноону берип, сен мени карап,
Жашымды алдап, аласың өмүр.

Көтөрүп туруп, кулатат өмүр,
Күлдүрүп туруп, ыйлатат өмүр.
Күчүңдү алып, бутуңду чалып,
Кайрадан өзү, кыйратат өмүр.

Кээ бир күн күлүп, аш атат өмүр,
Кээ бир күн келип, таш атат өмүр.
Жакшылык күндөн, үмүтүң үзбө,
Жаркырап бир күн жашатат өмүр.

Бир жаман жанды көп сыйлайт өмүр,
Бир жакшы жанды көп кыйнайт өмүр.
Кыйналсаң дагы, чыдамдуу болгун,
Бейиштик жанды, көп сынайт өмүр...

Байлыка арбап, алдаган өмүр,
Азгыр деп шайтан жалдаган өмүр.
Жалганга сынбай түз жүргөн жанды,
Кайгыга башын салбаган өмүр.

Жаш кезден алдап баргансың өмүр
Жаштыгым арбап, алгансың өмүр.
Таттуусуң, сени сүйөмүн бирок,
Түшүндүм бүгүн, жалгансың өмүр..

* * *

Момундарга оор сөзду айтпагыла,
Унчукпаса кучүктөй капбагыла.
Сабыр толот, а кээде көңүл ооруйт,
Ар бир сөздү айтаарда байкагыла.

Ушак, айың кеп уксаңар тактагыла,
Билип, билбей кемсинтип какпагыла.
Кээ бир учур бир сөз да ашык болот,
Көңүлдөрдү сындырбай, сактагыла.

Шайтандарды ичиңерге катпагыла,
Кара санаа, максаттарды бакпагыла.
Эгер болсо кыпындай кара ойлор,
Арылгыла, дилди таза сактагыла.

Аруу максат менен таңды атыргыла,
Үмүтсүздүк келсе желге сапыргыла.
Ой-кыялга, жүрөк жана көңүлдөргө,
Оор сөздөрдү жолотпой качыргыла.

Эң башкысы адам болуп жетилгиле,
Айың кепти кулак сырттан кетиргиле.
Таарынышуу болсо эгер жүрөктөрдө,
Кек сактабай бир-бириңди кечиргиле!





## СЕН МЕНИН

Бүт ааламга жарык чачкан күнүмдөйсүң,
Бул өмүрдүн берекелүү күзүндөйсүң.
Кайгы-муңга чөккөн кезде алып чыгып,
Кучагыңда эс алдыраар көлүмдөйсүң.

Саамай чачым сылаган шамалымсың,
Алга тартып жетелечү кадамымсың.
Адашып мен, кыйналган кездеримде,
Жол көрсөтүп нур чачаар жанарымсың.

Сен өмүрдө көздөп бараар багытымсың,
Бүт дартымды унуттурчу бакытымсың.
Жанымда жандап жүрүп сен ар дайым,
Жан дүйнөмө жол табаар жакынымсың.

Сени менен бирге өмүр сүрөөрүмсүң,
Ойгонгондо, эң алгач көрөөрүмсүң.
Алыстарда жол таппай кыйналганда,
Мага карай кадам таштап жөнөөрүмсүң.

Жаркыраган жашоом үчүн керегимсиң,
Жолдорумдун аягысың, дарегимсиң.
Ак таңдарды жаркылдап тосуп турган,
Таяр өзүң аяаар көзүм карегимсиң.

## СЕН

Жарыгымсың жүрөк толкуп эңсеген,
Жан дүйнөмө арзуу элең жетпеген.
Жароокерим сенин таттуу сөздөрүң
Жүрөгүмдүн төрүнөн эч кетпеген...

Кымбатымсың бут ааламга сыйбасаң,
Күтүп жүрөк ээсин жоктоп түйлөгөн.
Кыйналдымда бир өзүңдү сагынып,
Кыйбасым сен, жүрөгүмдү чырмаган.

Арзуум сенсиң үмүт отун жактырган,
Аярымсың, махабатка мас кылган.
Азап тартып канча күнүм өтсө да,
Айыптабайм сени өзүм жактыргам.

Кыялымда дайым жаным сен дегем,
Сен бар учун кыйналганым сезбегем.
Бороон чапкын бурганактап жан дүйнөм,
Сенин барын мага азап бербенен.

Озун болдуң жүрөгүмдүн султаны,
Жүрөк сендик башка жанга кулптануу.
Сенин демин, сенин сүйкүм сөзүнөн,
Унутамын азаптарды кусаны.

Чырагымсың кыйналганым билбеген,
Чын өзүңдү сүйүп жүрүп жетпегем.
Чагылгандай жашоо бизди бөлгөндө.
Чуу салып мен, өмүрдү көп кектегем.





Сен барымсың, сүйөөрүмдү туйбаган,
Сен деп жүрөк уйку бербей туйлаган.
Сагынаарым сени сүйгөн бул жүрөк,
Сенден башка жанга жакын турбаган.

## ОН БАЛАМ

Шүгүр кылам үй бүлөөм бар баалаган,
Үй бүлөө бул – бакыт го биз каалаган.
Жыртык кийим кийсем дагы кайылмын,
Күлүп турса жарым менен он балам.

Кези келсе үйүр жылкы, кой багам,
Насип кылса унаа алып, үй салам.
Бирок мага бул нерселер бир тыйын,
Маңдайымда болбосо эгер он балам.

Кабат-кабат үйлөрдү да сала алам,
Жүздөн жылкы, миң койду да бага алам.
Бирок булар, байлык эмес мен үчүн,
Анткени менин бар байлыгым он балам.

Кабат-кабат бийик үйдө жашаган,
Кызыл, жашыл кагаздарды кармаган,
Жер жүзүндө эң бай адам сен эмес,
Мен эң баймын, анткени бар он балам.

Унаа айдап, тутам кагаз кармаган,
Сен акмаксың аны бийик баалаган.
Көкөлөбө, кагаз акча уучтап сен,
Айтчы эмнең бар акыретке камдаган.

## ЖАКТЫРЫП КАЛГАН ОКШОЙМ

Жүрөктү жибиткенсийт акыл сөзү,
Дүйнөмдү тазартқансыйт баё көзү.
Асманга көрк берип жаркыраткан,
Ал адам... бир башкача, жакшы өзү.

Жароокер, жайдары, күйүмдүү жан,
Жылмайып, туң дүйнөмө аттырат таң.
Кээде катуу сөз айтсам, мага карап,
Кабак ачып, күлүп ал калтырат таң.

Ишендирди барына жакшы адамдын,
Жакшы ишке барсын деп ар кадамың.
Ката кылсам, акырын түшүндүрүп,
Жетегинде бастырды жакшы амалдын.

Жылуу сөзү бүт өзгөртүп, бул ааламды,
Унуттурду, жүрөктөгү бир жарамды.
Бир болсо мен жактырып калгандаймын,
Мени сыйлап, коргоп жүргөн ал адамды.

Туура бас деп үйрөтүп ар кадамды,
Бөлүп берди адал менен бүт арамды.
Ар күнү чогуу жүрүп, байкабастан,
Жактырып калган окшойм ал адамды.





* * *

Бийиктерге колдорумду жеткирипмин.
Тамагымды өзгөлөргө жедирипмин.
Өзүм эмес өзгө үчүн жашап жүрүп,
Колумдагы бакытымды кетирипмин

Жамандарды жакыныма жолотупмун,
Баалабаска убактымды коротупмун.
Көңүлүмө жакындарды коргоймун деп,
Жүрөгүмө жакынымды жоготупмун.

Өзгөлөр деп таманымды жоорутупмун,
Барктабаска жүрөгүмдү коорутупмун.
Жакшыга көңүл бурбай, өзгөлөр деп,
Жакынымдын көңүлүн оорутупмун...

Убактылуу сыноолордон кутулупмун,
Деп ойлоп, түпсүз ойго тутулупмун.
Анда дагы сезбей жүрүп жыл өткөнүн,
Жашым өтүп, бул өмүргө утулупмун..

Күчтүүлүгүн билбей жүрүп убакыттын,
Көздөрүмдүн мөлтүр жашын кууратыпмын.
Кадырымды сезбей жүргөн жандар үчүн,
Кирдетипмин, көңүл чебин кулатыпмын..

Кулагыма алыстардан угулуп муң,
Коргоймун деп ак сүйүүмдү учурупмун.
Жардам берем бул жашоодо баарына деп,
Өзүм үчүн жаштыгымды унутупмун...

## КЕЧИР АПА

Эркелеп бала кезден, мээримиң көрүптүрмүн,
Жаш болуп аны сезбей, мен ойноп күлүптүрмүн.
Мен үчүн өз жаныңды, садага чапсаң дагы,
Апаке кадырыңды, мен билбей жүрүптүрмүн.

Алтыным жаным апам, сиз менин бакытымсыз,
Дүйнөнү топтоп келсе, алмашкыс байлыгымсыз.
Баркыңыз билбей сиздин жүрүпмүн ушунча кез,
Кечирим сурайм апа, мен үчүн кайгырыпсыз.

Кыйналып жалгыздыктын, калганда кучаганда,
Жыгылып өз жолумду, мен таппай бул арманда.
Жанымда сиз болдунуз, жарытып жолдорумду,
Жарыгым сизсиз апа, эч киммин бул жалганда.

Бийиктик баш айлантып, унутсам кимдигимди,
Байкабай кир жугузуп, булгасам мен тегимди,
Кебиңди укпай койуп, көңүлүң мен оорутсам.
Мээримдүү, айкөл апам, кечирчи перзентиңди.

## БИР КӨРГӨНДӨ АШЫК БОЛГОН АДАМЫМ

Бир көргөндө ак сүйүү жаралат деп,
Бир кездери козголчу сүйүүдөн кеп.
Ал сөзгө мен ишенбей жүргөн кезде,
Ашык болдум, бирөөгө жүрөк дегдеп

Мен үчүн бөлөгү жаралабы
Билдирбей жүрөгүмдү жаралады...





Көз ирмем мүнөттүк жолугуудан,
Бүт дүйнөмө ак сүйүү аралады.

Мен дагы ашык болдум өзгөлөрдөй,
Мерез деп жүрөгүмдү ойдөлөбөй.
Күтөмүн сүйөм деген сөздөрүңдү,
Макул бол жүрөгүмдү өйкөлөбөй.

Мен сага сезимимди билдире албай,
Үмүтсүз түңүлөмүн курган жандай.
Жалжалым сезип койбой ашыктыгым,
Жан дүйнөм кала берди кыйган талдай.

Бир көргөндө ашык болгон адамым,
Кете берди алыстап жолун улай...

## АЙЫЛДАШЫМА

Бир көчөгө салсак дагы канча из,
Көрүшсөк да, байкабадык анда биз.
Алыстардан мен бакытты күткөндө,
Бакыт издеп жүрдүңүз ай кайда сиз?

Эгер эрте жолукканда күлмөкбүз,
А биз балким бирге өмүр сүрмөкбүз.
Бакытыбыз кечигишин билгенде,
Балким жылбай бир орунда күтмөкбүз.

Учурашпай көп жыл өмүр сүрүпбүз,
Бактыбызды артка карай түрүпбүз.
Бирибизди, экинчибиз байкабай,
Бир көчөдө кайчы өтүп жүрүпбүз.

Бакыт күтүп жашаган соң сезимсиз,
Күттүрбөңүз мындан ары эми сиз.
Жашоомо киргенден соң чыгам деп,
Көңүлүмдү оорутпаңыз деги сиз...

Жүрөгүмө киргизген соң чыгарбайм,
Махабатым жашоомдо сиз жалгызсыз!







**Калмаматова Нуржамал Алимбековна**

Өзгөн районуна караштуу Көлдүк айылында туулган. Айылдагы орто мектепти аяктаган соң Ош Мамлекеттик Университетинин Кыргыз Филологиясы жана Журналистика факултетин, Ош Мамлекеттик Педагогика Институтунун Гуманитардык Факультетин бүтүргөн. Учурда Кыргыз Акын Жазуучулар Коомдук фондунун түштүк региону боюнча координатору. Тил жана Маданият гезитинин журналисти болуп эмгектенет. Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү. «Ырга айланган арзуулар», «Жүрөк тамырындагы от» китебинин автору. Бир канча мамлекеттик жана коомдук уюмдардын громата, мактоо баракчалары менен сыйланган.

Үй бүлөлүү. 1 кыз, 2 уулдун энеси.

## ЖОЛДОШУМ

Оорутпай көңүлүмдү карап турган,
Оорусам дартым сезип аяп турган.
Жан биргем, жаным, күнүм бул адамым,
Жолдошум, мени дайым таяп турган.

Жашоомду боёп, коздоп, саймалаган,
Түйшүгүм көтөрүүдөн чарчабаган.
Экинчи жаралууга мүмкүн болсо,
Жүрөгүм тандайт аны кайра баштан.

Көз караш айттырбастан сезет баарын,
Жайдары мүнөзү эле жеңет баарын.
Жолдошум, балдарымдын атакеси,
Мен үчүн тосуп жүрөк, кечет жалын.

Жолдошум, жомок жашоо тартуулаган,
Дүйнөдө кайталангыс жакшы адам.

## АДАМДЫК САПАТЫМДЫ БИЙИК КОЁМ

Ушак кеп мен жөнүндө угуп калсам,
Жан дүйнөм сыздаса да күлүп коём.
Жолумдан чыккан кезде терс бурулбай,
Кучактап жамалынан сүйүп коём.

Жакшы сөз мен жөнүндө угуп калсам,
Жүгүнүп жерге башым ийип коём.
Максатым көктү карай учкан менен,
Жөнөкөй сапатымды бийик коём.

Колумдан жардам келсе аябастан,
Алкоосун адамдардын алгым келет.
Калкалап көпчүлүккө күчүм жетсе,
Канатым кенен-кенен жайгым келет.

Душман деп, бир да жанды айткым келбейт,
Кекетип колум шилтеп баскым келбейт.
Адамдык сапатымды бийик коём,
Анткени мен адаммын, адам демек.

Адамдык сапатымды бийик коём...





## ЭКӨӨБҮЗ

Бир жүрөк, бир тамырдан бөлүнбөгөн,
Сырыбыз чыгып сыртка көрүнбөгөн.
Сүйүүбүз жашаса да өчпөй, жанып,
Мен көлмүн, а сен тоосуң көрүшпөгөн.

Кулачын кенен жайган жолуң болом,
Тулку бой, дене болсоң, колуң болом.
Бир бүтүн сен экөөбүз бөлүнбөгөн,
Бишкексиң, а мен болсо Ошуң болом.

Төө–Ашуу сени дейин, Ысык–Көлмүн,
Чөл сымал кең талаасың, Салкын-Төрмүн.
Чыгыштан чыккан күндөй сүйүү чачкан,
Ортосу жүрөгүңдүн Бакыт-Көлмүн.

Жазылып бир баракка тарыхыбыз,
А бирок эки башка тагдырыбыз.
Экөөбүз, биз экөөбүз бир дарактай,
Соолуса бирдей соолуйт тамырыбыз.

## МҮНӨЗҮМ ЭЧ КАЧАН ӨЗГӨРБӨ

Түйшөлүп болбогон көйгөйгө,
Муюбайм, баш ийип көнгөнгө.
Дүйнө, коом өзгөрсө өзгөрсүн,
Мүнөзүм эч качан өзгөрбө.

Келечек ойлорум бийиктеп,
Көздөгөн максатым иликтеп.

Күчтүүмүн, күчтүүмүн өзүмө,
Жашоону багынтам жиликтеп.

Чаалыгып чарчоону билбейин,
Жалкоолук торосо, тилдейин.
Жаштыгым пайдалуу болсунчу,
Тоскоолдук тоготпой, ким дейин?

А мейли өрттөнүп сүйөйүн,
Чок болуп калганча күйөйүн.
Адашпай туура жол багытта,
Жашоодо жаңылбай жүрөйүн.

Мезгилди пайдасыз, тонотпой,
Мокобой курчуюн болоттой.
Тек гана алдыга жол алып,
Адамдык сапатым жоготпой.

Жыгылба, жыгылба сөздөргө,
Мүнөзүм эч качан өзгөрбө!

## ЖАШАЙМЫН САГА СӨЗ ТИЙГИЗБЕЙ

Санаа бар курчаган, бүтпөгөн,
Жанчылып калгандай бүт денем.
Жазылсын сагыныч, кусалык,
Бир келип жүзүмдөн сүй дебейм.

Анткени сезимим билгизбей,
Башканы жүрөккө киргизбей.
Жашырып, өмүрүм өткөнчө,
Жашаймын сага сөз тийгизбей.





Чаң жукса а мейли жүзүмө,
Жукпасын эч нерсе сүйүүмө.
Аруулук азыгын себейин,
Сезимдин соолубас гүлүнө.

Мойнума артынып кусалык,
Мен сени сүйгөнгө кубанып.
Жашырып жашаймын өмүрдө,
Өтсө да сан миң жыл, убакыт.

Жашаймын сага сөз тийгизбей,
Бир өмүр эч нерсе билгизбей.

## БЫЙЫЛКЫ КЫШ ДА УЗАДЫ

Карегим катып кусаны,
Кыялым сынды, урады.
Жолугуу бизге буюрбай,
Быйылкы кыш да узады.

Жоголуп куса көйгөйү,
Өзгөрүп нуру көздөгү.
Тосуп алса деп ойлойм,
Быйылкы жылдын көктөмү.

Сунганда колум жетпеген,
Оюмда жашап кетпеген.
Адаштырып акылым,
Арманым болдуң сен деген.

Үзүлбөй дале күдөрүм,
Үшүгөн бойдон жүрөмүн.

Узатып кышты кусалуу,
Көктөмдө сени күтөмүн.

Карекке катып кусаны,
Быйылкы кыш да узады!

## ИЗДЕЙ БЕРЕМ ЧЫНДЫКТЫ

Тике карайм, баш ий десе жемелеп,
Кыр көрсөтөт ушул заман желкелеп.
Мен издеген, мен таппаган чындыктан,
Үмүт үзбөй басып жүрөм темселеп.

Көө сыйпатпай коргосом да жүзүмдү,
Ойлондурат жалган тороп бүгүнкү.
Колум жетпей, оюм жетип чындыкка,
Күрөш менен өткөрөмүн күнүмдү.

Таппай койдум айланамдан, жакындан,
Көрүнгөндөй элестейт тээ алыстан.
Чындык кайда? Сураганда көбүнөн,
Жооп беришет, «жер алдына жашынган».

Ары, бери чайпай берип кырдыкпы,
Наркын билбей же жоготуп тындыкпы?
Үмүт менен көңүл калбай ар убак,
А мен издейм жер бетинен чындыкты.

Издеп жүрөм көңүл калбай темселеп,
Жер бетинен чындык, чындык, чындыкты.





## АПАКЕМДИН КОЛУНАН

Далай ирет чачым сылап тараган,
Жыгылба деп чалынганда кармаган.
Нан бышырган апакемдин колунда,
Береке бар, ырыскы бар жайнаган.

Чаң жугузбай жетелеген, көтөргөн,
Кучагы кең аалам батат көйкөлгөн.
Чок кармаган апакемдин колунда,
Касиет бар мен таппаган өзгөдөн.

Бакчабызга жан киргизип гүлдөткөн,
Жерди тырмап кетмен, күрөк сүйлөткөн.
Апакемдин мээнет тарткан колдору,
Кандай жумуш, жасап баарын үйрөткөн.

Шырдак, кийиз, чепкен, көйнөк саймалап,
Керек болсо отун жарат балталап.
Колу менен жасап берген тамагы,
Апакемдин дароо мага байкалат.

Баспасам да апам баскан жолунан,
Үлгү алам, үлгү алам колунан!

## ТОКТОГУЛДАН ДАГЫ ӨТҮП КАЙЧЫЛАШ

Калаа көрксүз, келгенимде өзүң жок,
Келдиңби деп кабарлашкан сөзүң жок.
Эркин сезип Бишкегиңди кыдырып,
Сен бар үчүн жүрө берем көөнүм ток.

Мен борборго, а сен Ошко жөнөдүң,
Болгон үчүн зарыл жумуш, көйгөйүң.
Биз экөөбүз Токтогулдан кайчылаш,
Өткөнүмдү байкабадың, көрбөдүң.

А сен кандай жүрдүң экен Ошумда?
Болсом керек деп ойлоном оюңда.
Кучагыңа замат жетип бармакмын,
Күүлөнүүгө канат болсо колумда.

Жолугушуу буюрбаган экөөбүз,
Бул жашоонун мыйзамына көнөбүз.
Токтогулдан дагы өтүп кайчылаш,
Мен Ошума, сен борборго жөнөйбүз.

## КАБЫЛ АЛАМ

Ачык бүркөө, же түнөргөн кабагың,
Айтчы неге бороон-куюн абалың?
Ашык болгон абалыма сезилбейт,
Сүйө берем кандай болсо жамалың.

Бир сөзүңдү улам айтып бакылдап,
Чарт-чурт кээде, чагылгандай чартылдап.
Кабыл алам, кандай катаал болсоң да,
Көрүнөсүң мага күндөй жаркылдап.

Кээ бир күнү кадимкидей октолуп,
Караганда, өкүнгөндөй токтолуп.
Көнүп калдым мүнөзүңө туруксуз,
Сүйө берем же кете албай, жок болуп.

Кабыл алам кандай катаал болсоң да,
Карегиңе төрт ок камдап койсоң да.





**Кубанычбек кызы Бегимай**

1998-жылы Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Кара-Таш айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 2005-жылы Кызыл-Абад орто мектебинин 1-классына кабыл алынган. 2013-жылы байланыштуу орто мектепти аяктаган. Азыркы учурда жеке ишкер. Үй-бүлөдө алты бир туугандын экинчиси.

## БИШКЕГИМ

Тарыхы бар ташка тамга баскандай,
Борбор шаар деп аты айтып жаткандай.
Кучагына бекем кысып баарысын,
Ынтымакта нечен кадам баскандай.

Көөдөнүң кең кубанабыз батабыз,
Ысык болсо көлөкөңө качабыз.
Күн мээримин төкпөй койсо элиңе,
Кечиребиз, түшүнөбүз катасыз.

Күкүк сайрап ар таңда бактарыңда,
Сейилдеп эс аламын парктарыңда.
Эргүү берип ан сайын күч аламын,
Эки сапка ырды курап жазганымда.

Ыргалышса шамалга дарактарың,
Өмүрүмдүн ачкансыйт барактарын.

Көзүм тойбой суктанып мен өзүңө,
Калемимден жазылат санаттарым.

## КАЛП ДОСТОРГО

Ырсыз өтүп барат менин күндөрүм,
Бир жылмайып ошол убак күлбөдүм.
Ичке катып бар сырымды бук болуп,
Булут сымал жаш төгө албай бүркөдүм

Тарс жарылсам асмандагы булуттай,
Адам барбы жүргөн мени унутпай.
Иши түшсө баары мени эстешет,
Көрүнөмбү эң эле бай улуттай.

Кээде туруп эт жүрөгүм тызылдайт,
Жаман болсом жамансың деп чынын айт.
Жандап жүрүп калптан мага дос болгон,
Ит, чымындай туш-туш жактан ызылдайт.

Түркүн ойлор түркүн сөздөр чубалып,
Досторума калды ырлар куралып.
Ичтен сүйлөп жаман көрүп жүрбөгүн,
Ошол кезде ак жүзүңөр кубарып.

## СҮЙҮҮНҮ ЖҮРӨГҮМДӨН КЫЙЫП САЛЧЫ

Турмуштун таш жолунда күчтүү болдум,
Кыял менен көкөлөп уччуу болдум.
Капыстан кабылып ак сүйүүгө,
Бул жолдон таяп мен түшчүү болдум.





Ойлонуп ой түбүмө жете албастан,
Жыгылып кайра туруп кете албастан.
Чалынып өз бутума баратамын.
Сүйүү деген сезимди жеңе албастан.

Жүрөгүм акылыма каршы чыгып,
Калса эмне жүрөгүм кээде тынып.
Көөдөнүмдөн чыкчуудай катуу согот,
Сезилет кетчүдөй сөөгүм сынып.

Кетсем деймбалалыктын мекенине,
Жолуксам махабаттын жетегине.
Сүйүүнү эмне мындай жаратты экен,
Сүйгөн соң чыгалбасаң этегине.

Сүйүүнү жүрөгүмдөн кайып кылчы,
Жетейин мен да эми жетериме.

## СИЗДЕН ДА ЖАКШЫ ЖАНДЫ ЖОЛУКТУРАМ

Мээрим төгүп көңүлүмдү арбап алып,
бир убакта өчкөн шам кайра жанып.
Мына эми бактылуумун деген кезде,
Кеттиңиз не көңүлүмдү пайдаланып.

Азыр мен жан дүйнөмдө ооруп турам,
Суу жетпеген кызыл гүлдөй соолуп турам.
А балким үмүт менен жашай берсем,
Сизден да жакшы жанды жолуктурам.

Ойлорум бир бирине чырмалышып,
Эстеймин жүргөн кезди кыналышып.

Турмушта бир болбосум сезгенимде,
Жүрбөйт белем жөн гана жылмайышып.

## ЭГЕР СҮЙСӨҢ

Жигит болсоң жүрөгүмдү багындыр,
Алыста жүрсөм дагы сагындыр.
Сүйбөймүн деп алдап мени калп эле,
Сынап көрүп сен өзүңө жагындыр.

Жүрөк деген күйүп турган жалындыр,
Мээрим төгүп, ысыгыңа табындыр!
Көзүң жетсе сүйүшүмө өзүңдү,
Апаң каткан ак жолукту салындыр!

Көңүл назик бирок жигит аны бил,
Айыкпаган ак сүйүүгө кабылдыр.
Орун алып жүрөгүмдүн төрүнөн,
Өзүң мага нике шакек тагындыр.

## ЫРЛАРЫМДЫ ТАШТАБАЙМЫН

Эмне мага жигит болуш кыйын бекен,
Сүйөм деген ырлар жазсам алып калем.
Кимге арналган деп мага суроо койуп,
Кыйнабачы анчалык жаным дегем.

Түшүнөм деп башында сөз берген,
Азыр турат күнөөлөп алып беттен.
Актанууга алым жок мен алдыңда,
Кош бол анда акырын басып кетем.





Ширин сөздөр менен алдап келген,
Ишенип жүрдүм эле асыл эркем.
Жүрөгүм ушунчалык муздап турат,
Сен мени, жалганчы деген кезден.

Билип кой мен өзүмдү басынтпаймын,
Кечирчи деп алдыңда жалынбаймын.
Чынында мен сени сүйсөм дагы,
Сени эмес ырларымды таштабаймын.

## ЫРЛАРЫМДЫ

Көркөмдөп жазалбастан ырларымды,
Жөн эле кагаз бетин сызганымбы.
Ырымдын жамандыгын биле албастан ,
Өзүмчө жакшы ыр деп жыргадымбы.

Жеткире албай оюмдун ачыктыгын,
Кап кайдагы сөздөрдү жазыптырмын.
Агай, эже ырымды сындап койсо,
Артты карап капаланып басыптырмын.

Түшүнүп турам азыр баары жогун,
Жакшы сөздөн өтөөр мага дары жогун.
Жаштык кылып кетиргем каталыкты,
Толтурам эми кантип анын ордун.

## УНУТПАСМЫН

Көздөрүмдөн, токтобой жашым тамат,
Жүрөгүм азыр турат ыйлап-канап.
Жан дүйнөмдүн тереңине кирип алып,
Эмне үчүн? Койбодуң экен аяп.

Сен эгер, унутсаңда мейли жаным,
А бирок, сүйүүм кантип унутамын.
Кече эле, гүлдөп турган кызыл гүлдү,
Бүгүн кантип? Тамырын соолутамын.

Ал күндөрүм, эсимден такыр кетпейт,
Өзүң менен, өткөргөн ар бир мүнөт.
Жашоомдо эң бактылуу күндөр эле,
Ал сүйүүмдөн айрылып калдым демек.

Элесиңди, көрө албасам кошкун эми,
Ушул ыр менден болсун сага белек.

## МЕНИН СҮЙҮҮМ

Сүйүп калдым болсо дагы сүйгөнүм,
Сансыз ойго батып күндө жүдөдүм.
Келет го деп таң азандан ойгонуп,
Жолуң карап күндө сени жүрөмүн.

Кечир мени, кечир мени сүйгөнүм,
Сүйүп калды башка жанды жүрөгүм.
Кээ кездери сага көңүл бөлө албай,
Бүт көңүлдү мен ошого бөлөмүн.





Сүйдүм десем сен башканы ойлобо,
Менин сүйүүм жалгыз гана ырлар го.
Колдон түшпөй түнү бою бир калем,
Бүт сүйүүмдү ырларыма жазам го.

Жан дүйнөмдү кыйнап турган бир сүйүү,
Жанагы эле жанагы эле ырлар го!

## КОШ ОКУРМАН

Кош окурман, кош айтайын баарыңа,
Узак сапар аттанамын дагы да.
Колду булгап ырлар менен коштошуп,
Кетип барам ыр дүйнөдөн бир жылга.

Капаланба келем сөзсүз окурман,
Күтө турчу алыс эмес бир жылда.
Сагынгандан ала келем силерге,
Ырларымды кошуп алып күн нурга.

Бир жыл неге деген ойду жаратпа,
Бир күн калды ушул жылдык санакта.
Кирип келем мен кайрадан жаркырап,
Кэлээр жылы сөзсүз ырым баракта.

## МЕН АПАМДЫ

Мен апамды көргөм, дагы көрбөгөм,
Апам мага түн уйкусун бөлбөгөн.
Апаке деп мен асылып эркелеп,
Жүзүнөн мен сүйүп дагы көрбөгөм.

Мен апамды тааныйм дагы, таанубайм,
Таң калып жүзүн дагы сагынбайм.
Таш боор деп мен тагдырды күнөөлөп,
Тагдырга мен наалат айтып карганбайм.

Мен апамды билем дагы, билбеймин,
Билгенимен билбегеним көп деймин.
Билем, бирок бийиктигин апанын,
Апа, бирок мен өзүңө капамын.

## БАЙКАДЫҢБЫ БАЛАҢДЫН КАРАГАНЫН

Ашык көрүп өзүн жеген ашты атаңа,
Ыйман деген калбаптыр сенде башка.
Ыйлатып атаңды бөлүп коюп,
Олтурасың өзүн күлүп коюп .

Байкадыңбы балаңдын караганын,
А балким ал да ушуну самаганын.
Чонойсом мен да сизди бөлөмүн деп,
Азыртан алда ойлоп жатканын.

Сен атаңа кандай кылсаң мамиле,
Ал да карайт сага ошентип эле.
Өз колуңдан өсүп чыккан мөмөнү,
Бышканда даамын татып көрөсүң ээ.





## АТА ЭНЕНИ КӨЗҮ БАРДА СЫЙЛАЙЛЫ

*(Апага кат)*

Ыр түрүндө, апа сага кат жазам,
Өзүң менен, балким бир күн катташам.
Жан дүйнөмдү, кыйнап турган бул суроо,
Азаптанам, эгер аны айтпасаң.

Төрөп алдың, айтчы неге апаке?
Эркелетип, кызым го деп бакпасаң.
Капаландым, бут ааламды батырган,
Ошол сенин кучагыңа батпасам.

Кээде ыйлаймын, көрүп алып башканы,
Эх түшүнгөн, мени дагы адам барбы?
Кусалыктан, куйкаланат жан дүйнөм,
Атыңды же мен унутуп салсамбы?

## ЖЫЙЫРМА ЖАШ

Коштошуп бүгүн мен кетип барам,
Багыт алып алдыга койуп кадам.
Өзүм менен кошо алып кетким келет,
Балалык таттуу күнүн таштабастан.

Айла канча ойдогудай болбойт экен,
Кел дегенсип койнун ачат кучагы кең.
Бир сүйүнсөм бир кайгырып чыгып барам,
Жыйырма жаш деген ушул тепкич менен.

Узай албай он тогуз жаш кезим менен,
Тооруп турат кулпуруп сезим деген.
Эркелеп кече эле тай-тай баскан,
Атакемдин эркетай кызы элем.

### АТАМ, АПАМ

Силерсиңер жашоомдун кубанычы,
Сиздер менен бакыттын уланышы.
Ата-апа, оорубай, жүргүлөчү,
Кызыңардын бир гана сураанычы..

Тозок эмне билбеймин кай жагында,
Мүмкүн ошол караңгы тарабында.
Бирок билем бейиштин кайда экенин,
Оо энекем ал сенин таманыңда.

Мазмуну да, жашоонун болуп туура,
Атам апам айланган колуктуга.
Өмүрүмдүн мыйзамын карап чыксам,
«Ата» деген аты өзү улук туура.

Жаным жыргап жарыкта күйүкпөгөм,
Силер барда өмүрдү сүйүп келем.
Алып барам Меккеге мен сиздерди,
Жан дүйнөмдө бул ойду түйүп келем..







**Тынаров Асан**

Аксы районуна караштуу Жерге–Тал айылында 1997-жылы жарык дүйнөгө келген.

Жаш кезинен ыр дүйнөсүнө кызыгып, мектепти аяктаган соң поэзия майданына аттанган.

«Жаш калемгерлер» тайпасында модератор болуп иштеп «Москва кайрыктары» адабий клубунун Новосибирск шаарындагы координатору болуп дайындалат.

“Өрнөк-Башат” адабий бирикмесинин мүчөсү.

### «АТА КИМ?» – ДЕП СУРАСАҢ

«Ата ким?» – деп менден эгер сурасаң,
Айтам жообун, узак сөзгө чыдасаң.
Ата деген сени күткөн жан болот,
Амандыгың төрөлө электе сураган.

«Ата ким?» – деп, дагы менден сурасаң,
Айтам, «ата» бул дүйнөдө асыл жан.
Алып келсе жарыктыкка апакең,
Атаң болот жалгыз адам кубанган.

Ойгонгондо түн уйкудан чоочулап,
Апаң сени уктатууга умтулат.
Ошол кезде жөлөк болуп жанында,
Ата деген жардам кылып кол сунат.

Тай-тай базсаң, тегеренип жаныңдан,
«Тайбасын», – деп алыс кылат жамандан.
Тагдыр чиркин байлагандай бир сени,
Атаң сени артык көрөт баарынан.

## ЖОЛУГУШЧУ КҮНДҮ ЖҮРӨМ САГЫНЫП

Алгач ирет интернеттен тааныштык,
Сыр бөлүшүп көңүл ачтык, жазыштык.
Көргүм келет, айла таппайм нетейин?
Ортобузду бөлүп турат алыстык.

Сүрөтүңдөн кубат алам, күч алам,
Түркүн таттуу сезимдерге тушалам.
Сенин күлкүң, сенин назик сөзүңдөн,
Нурлангандай бакыт мага, бүт аалам.

Жалгыз жүрөк сен деп соксо талпынып,
Жылуу сөзүң кетти күздү жаз кылып.
Жол арытып барсам эгер алыстан,
Жолукпастан кетпе күлүп, наз кылып.
Жарыгым эх, кучагыма кыссам да,
Жолго чыктым сен тарапка талпынып.

## ООГАН СОГУШУНУН АРДАГЕРЛЕРИНЕ

*(майрамдын урматына)*

Коргоо үчүн мекенди душмандардан,
Курал кармап аталар, жоого аттанган.
Кан майданда күрөшүп тынчтык үчүн,
Канчалары жан берип, кайтпай калган.





Жайы болсун жаннатта баатырлардын,
Жакшы күнгө жар болуп ыр арнадым.
Кайтып келген баарына алкышым бар,
Майрамыңар кут болсун аталарым.

Ден-соолукта болгула айтар сөзүм,
Көркү болуп үй-бүлөдө асыл төрдүн.
Эрдигиңер сакталып тарых болуп,
Эл ичинде өчпөстөн кылым көрсүн.

Кубансаңар, мен да кошо кубанамын,
Билесиңер кубанганга аргам барын.
Көркү болгон төрүбүздө асыл адам,
Ардагери оогандагы баатырлардын.

Ошол адам барына сыймыктанам,
Чындыгында мыктысы аталардын.

## БООРУКЕР БАЛА ЖАНА КАРЫЯ

Таңдан туруп, ишке шашып бараттым,
Жол четинде караан мени каратты.
Жакын барып карасам, бир карыя,
Жаткан экен далдаасында дарактын.

«Туруң» – дедим, акырындан түрткүлөп,
Тургузган соң кийимдерин сүрткүлөп.
– Эмне болду? – десем ошол карыя,
Башын чайкап, муңдуу эле үшкүрөт.

Муңдуу сүйлөп, баштады ал кептерин,
Айтып жатты бир убакта келгенин.

Иштеп жүрүп эл катары бул жакта,
Эске салды алгачкы күн, кездерин.

– Айтайынбы? – деди мага арманымды.
Койчу деди, ушул болгон заманыңды.
Бөлөк жерде, бөлөк элде азап тартып,
Көчөдө кайырчы болуп калбадымбы...

Күндөр өттү билинбестен иштеримде,
Келе жаткам түн бир оокум кечтеринде.
Тосуп чыгып бейтааныштар жолумдан...
...Андан кийин эч нерсе жок эсимде.

Билбедим, кийин турдум, көзүм ачтым,
Бөлөнгөнсүп калган экен канга башым.
Аркадан бирөө келип урган окшойт,
Эсиме келе албастан көпкө жаттым.

Тез жардам да кийин келип алып кетти,
Унаасы да көп кыйкырып, араң жетти.
Ак халатчан чоочундар ийне сайып,
Ошол замат мен жоготтум акыл эсти.

Көзүм ачып көпкө жаттым ошол жерде,
Келген жок эч ким, керек элем өзү кимге?
Күндөр өтүп, ал жерден да чыгар күнү,
«Жаныңызда эч нерсеңиз жок эле» – дешти.

Чыгып эле үйгө шашып жөнөп калдым,
Жөө басып, араң жайдан жетип бардым.
Эшикти тыкылдатсам сөзүмдү укпай,
Кийимдерди карматып чыгарып салды.





Баарын алып, көтөрүп жумушка бардым,
Түшүндүрүп болгондорду тактап айттым.
Баардыгына ишенбестен иш башчыбыз,
«Жок» дегенден ал жерден кайра кайттым.

Барар жерим, жатар жайым калбай калды,
Издеп жүрүп кезиктирдим ушул жайды.
Кетейин десем колумда паспортум жок,
Жүрөм санап мен ушинтип күндү, айды.

Күтүп жүрүп, соолуп бүттү каректерим,
Издесе да таба албайт дейм, жок дарегим.
Жүрөгүмдө такыр өчпөй жашап келет,
«Жакындарды көрсөм» деген бар тилегим.

Көзү жашка толуп баарын айтып жатты,
Калтасынан алып чыгып, берди катты.
– Бул катты Пери кызыма берип кой, – деп,
Санаасын билдирбестен үнүн катты.

Катты алып сүйлөй албай турдум катып,
Алып бердим жакын жерден тамак сатып.
Колуна акча берип, «алыңыз атаке», – деп,
Жөнөп кеттим жумушума тезден шашып.

Жумушумда жүрсөм дагы ойдон кетпей,
Чыгып алып сураштырдым аны издей.
Акыры ал Перини да таптым окшойт,
Чырай жүзү сулуу экен периштедей.

Таанышканга ага тезден кабар жаздым,
Көп күтпөстөн, Периден да жообун алдым.

Болгондордун баарысын айтып берип,
Жаш жүрөгүн кубантып, ойго салдым.

Байланышта берген катты окуп бердим,
Кубанганын көрбөсөм да байкап, сездим.
Дарегимди бердим дагы күлүп-жайнап,
Жумуштан кечки убак шашып келдим.

Сүйүнчүнү карыяга барып айткым келди,
Бара жатып муздак сезим жүрөк сезди.
Аптыгып, ал жерге барсам карыя жок,
Ошол замат жүрөктү мыкчып, кайгы эзди.

Көп издедим таң атканча таба албадым,
Түн бир оокум, көп жерлерди араладым.
Сураштырып көптөрүнөн кезиктирбей,
Күн чыгаарда Периге да кабарладым.

Күлүп сүйлөп, унутуптур армандарды,
«Токтоп тур», – деп, укчу дедим айткандарды.
– Атакеңди таппай жүрөм... – деп айтканда,
Жүрөгүндө кубанычы муңга айланды.

Күн өтпөстөн учак менен учуп келди,
«Келдим» – деп, мага чалып кабар берди.
Кезигишип Пери экөөбүз биргеликте,
Карап чыктык атакеси жүргөн жерди.

Көп карадык табалбастан издей бердик,
Кеч кирип айласыздан эле үйгө келдик.
Жол тараптан Пери экөөбүз келе жатып,
Үй жанында бир караанды байкап сездик.





Алыстан эле атасы экенин Пери сезди,
Күтүп жаткан экен эртеден бери бизди.
Ошондогу эң бактылуу көз ирмемдер,
Кубанычка бөлөп мени, жүрөк эзди.

Ошол кечте конок болду сыйга илинип,
Эртеси күнү коштошууга да убак келип.
Ыраазычылык билдирип көңүлдөрдөн,
Рахматын айтты карыя, батасын берип.

Кол булгалап, узап кетти алыстарга,
Кубандым жан дүйнөмдөн мен аларга.
Себеби, билдим жашоо баркын эми,
Ыраазымын миң бир ирет Жаратканга.

Кол булгалап, башым ийип кала бердим,
Жылга айланып өтө берди ал кездерим.
Перисиз жашоом кызык күнгө айланып,
Чындап эле сүйөрүмдү эми эстедим.

«Бактым» деп, Пери тарапка сапар алдым,
Сүйүүм үчүн тоскоолдукту карабадым.
Издеп барып периштеме жолукканда,
Назик болгон ак колуна шакек салдым.

Сүйүнгөндөн көздөрүнө жашын алып,
Бактысына жан дүйнөсү күйүп-жанып.
Эмне деп жооп берерин күтүп жаттым,
Жанында туруп алып, тынчсызданып.

Жашын аарчып, ошол жерде макул болду,
Атасына айтып бердик болгондорду.

Ак батасын алып эле күндү узатпай,
Өткөрдүк кереметтүү чоң бир тойду.

Андан кийин бактылуу жашап калдым,
Ыраазымын Жаратканга берген баарын.
Жаш кезимден атасы жок чоңойсом да,
Ошол карыяны «атаке» деп атап калдым.

## СЕНСИЗ МЕН

Бороон-чапкын бурганактап сапарым,
Боздоп кээде, ыр саптарын жазамын.
Бир күлкүңө зар болгонум анык кеп,
Бирок жаным, аны билбей жашадың.

Канча күттүм, мен жолуңду карадым,
Келсе экен деп айды, күндү санадым.
Кайрылбадың эмнегедир алыстап,
Көз алдымда калып сырдуу карааның.

Билгизбедиң кайда калды кабарың,
Жыл алмашып, оорлоп барат абалым.
Кайгы–муңга шерик болуп эми мен,
Толуктадым жалгыздардын катарын.

Сыноо турмуш мыйзамына баш ийип,
Сенсиз бастым жалгыздыктын сапарын.





## ЖАЛГЫЗ ЖАНЫМ

Асылдардын асылы сен болгонуңда,
Ар биринен алыс кылып коргодуң да.
Алмаштыргыс экениңди айтып өтөм,
Сансыз кыздар турса да жолдорумда.

Көңүлүңдү түшүрбөгүн болгондорго,
Сүйөөрүм чын бул сөзүмдү сен да колдо.
Араң тапкан бактыбызды барктайлычы,
Боло берет сыноолору турмуш жолдо.

Жакшылыкты тилек кылып жашайлычы,
Жыргал тоосун күлкү менен ашалычы.
Ак сүйүүбүз тарых болуп калуу үчүн,
Дастан кылып акак ташка жазалычы.

Бул махабат тарых бойдон калуу үчүн,
Ташка чийип, дастан кылып жазайлычы.

## БАКЫТ ТУУРАЛУУ БАЯН

Ыр сабында жазгым келди уламыш,
Ырды окуп кап этпеңиз сураныч.
Ырахат да чексиз бакыт издесең,
Ылдый жакка көңүлдөрдү бурабыз.

Болгонбу же болбогонбу өмүрдө?
Аныктыгын айта албаймын сөзүмдө.
Укканымды ыр сабында узаттым,
Бул окуя үч бир тууган жөнүндө.

Бойго жетип күчкө толгон куракта,
Ар бир күнү айланыптыр адатка.
Кайталанган ошол күндүн биринде,
Үч бир тууган сапар тартат узакка.

Бара жатып ашуу ашып токойдо,
Бакыт табат кулап жаткан ородо.
«Эмне керек силерге?» – деп үн салса,
Биринчиси: «байлык» дептир ошондо.

Байлык берди бакыт аны аткарды,
Байлык алып биринчиси жайдары.
Бир мүнөткө токтобостон бактылуу,
Басып кетти рахматын да айтпады.

Экинчиси карап улуу агасын,
Издеп жатты тилегинин айласын.
«Мага сулуу жубай бер», – деп акырын,
Айтып кирди жүрөктөгү каалоосун.

Ошол замат бакыт берди жубайды,
Бала байкуш жаш баладай кубанды.
Жетелешип кетип калды бактылуу,
Адам деген ушундай жан турбайбы?

Үчүнчүсүн карап бакыт сурады,
«Эмне керек айтчы?» – деди, үн салды.
Жообун бербей эң кичүүсү бакытка,
Суроо менен айтар сөзүн улады.

Сага эмне керек? – деди сөзүндө,
Сүйүнүп бир бакыт турду көңүлдө.





«Чыгарчы», – деп кулап жаткан ородон,
Сурანды, жооп берип бала сөзүнө.

Аңгыча эле кичи бала тың чыкты,
Алып чыгып ал ородон бакытты.
Үн салбастан жолго түштү акырын,
Көрүү үчүн жаңы күндү, жарыкты.

Байлык сурап бир агасы алданды,
Жубай сурап экинчиси жайдары.
Бул жашоодо убактылуу чынында,
Ал бакыттан бакыт сурап алганы.

Бактылуулук чексиздигин түшүнгөн,
Бакыт ээрчип кетти кичүү баланы.

## КОҢУР КҮЗ

Суук түшүп, күн бүркөлүп, жамгыр коштоп,
Үшүгөндөн бак дарактар турат боздоп.
Мезгилдердин сыйкырчысы күз деп билем,
Кучагында айлананы турган кооздоп.

Саргайган бак–дарактар көрктүү болуп,
Санаалардан алыс кылат ой толгонуп.
Сары тонун кийген менен убактылуу,
Сапырылып жерге түшөт шамал согуп.

Багбандар кубанышып түшүмүнө,
Бүт дыйкандар жетти мына үмүтүнө.
Барчылыкты сактап турган күз мезгили,
Баа жетпеген байлык берди үй ичине.

## ЭНЕ ЖҮРӨК

Жүз кагып, миң ойлогон эне жүрөк,
Жүзүңдү көрүү үчүн эңсеп жүрөт.
Жаштыгың өткөн менен башка жерде,
Жалгызың, энең гана көксөп жүрөт.

Жүз көрүш, көңүл бурчу жарым мүнөт,
Жакшы сөз айтса экен деп күтүп жүрөт.
Кароосуз калтырбагын энекеңди,
Кашыңда жүрдү канча ар күн сүйөп.

Жабыркап чалынсаң да койгон сүрөп ,
Жолуңдан жаңылсаң да турган түзөп.
Жамандан алыс кылып бапестеген,
Жалындуу жалгыз гана эне жүрөк.

Жарыкты тосуу менен күндөр өтөт,
Жашооңду айтчы досум ким өзгөртөт?
Жараткан бейиш берсе энелерден,
Жалпыбыз басалычы аны көздөп.

Жаныбызда сый урматта болсун эми,
Жалыны өчпөй дайым эне жүрөк.

## АЙЫЛ ТАҢЫ

Таң сүрүп тоо артынан күн чыгарда,
Талаада куштар сайрап үн чыгаарда.
Тамчысын сээп өтсө шүдүрүм жел,
Сен үчүн жазар элем миң чыгарма.





Чымчыктар обон созуп бак даракта,
Күү чалат чегирткелер ар тарапта.
Шылдырап булак суусу мелүүн агып,
Үн кошот таңкы ошол ырахатка.

Мал жандык оттоп жүрөт жайлоолордо,
Дыйкандар иштеп жүрөт айдоолордо.
Кой–эчкилер жүрүшсө тоо боорунда,
Бээлер турат байланып, байлоолордо.

Баары ойгонуп уйкудан шашат, чуркайт,
Жашоо нугун улантат, бирок бузбайт.
Айыл таңы чынында бир керемет,
Эсте калчуу күндөрүн үзбөй улайт.

## КАРАҢГЫ ЖОЛ

Көрсөк дагы күн батып, таң атканын,
Көтөрөбүз интернет барактарын.
Кубангандан күнүмдүк нерселерге,
Байкабайбыз күн өтүп бара тканын.

Арман күчөйт көөдөндө оттой жанып,
Жашообузга азгырык күндөр айып.
Көзү сокур адамдай болуп калдык,
Колубузга телефон кармап алып.

Кулу болдук чынында сөз анығы,
Кайталанып кайгы муң жаңырыгы.
Ары кетип баарынын жүрөгүнөн,
Түтөдү бул замандын каңырыгы.

## АГАРГАН ТАҢДА АК ТИЛЕК

Агарып атса жаңы күн,
Ачылсын жарпы көңүлдүн.
Алдыга умтул бир тууган,
Жыргалын көрүп өмүрдүн.

Жаштыкта жыргап кубангын,
Жарыкты дайым surangын.
Жолдоруң улам бийиктеп,
Жашоонун көргүн убайын.

Тынччылык болсун дүйнөдө,
Ынтымак орноп үйлөдө.
Ырыскы элге тараткын,
Батпастан такыр күнөөгө.

Желбиреп желек орносун,
Жамандык элде болбосун.
Жакындар түшсө оор жолго,
Жараткан баарын колдосун.

Бир сөзүм калды сезимде,
Байкагын айтам кебимде.
Бакытка теңдеш ата–эне,
Барктaлсын тирүү кезинде.

Бир тууган болуп жашайлы,
Бир коюп дайым демилге.





## ЗИМА

Подарив сказку всему живому,
Сверкая солнцу снег лежит.
О прекрасное мгновенье,
Увидев тебя, как хочется жить.

Тебя все любят восхищаются,
Когда приходиш одеялом.
И сладко землю усыпаешь,
Своим природным даром.

Метелях, буря тучи звонких,
Играешь роль на разных жанрах.
Окутувшийся мир своих объятиях,
Зимой назвали тебя не даром.

## ОКУРМАНЫМ

Чыкпаса да эл ичинде ысымым,
Чындык сөздүн айткым келет аныгын.
Чекит койбой окурманга сөз айтам,
Чындыгында силерсиңер жакыным.

Бирге болуп кубанчымды кайгымды,
Бийик жолдо чыгардыңар атымды.
Бир күн эле жазбай койсом ырымды,
Баёо көңүл сиздерди эстеп сагынды.

Жазам окуйт, таарынбагын суранам.
Жалгыз гана жакын мага окурман.

Жүрөгүнөн орун алсам деймин мен,
Жаңы жазган ырларымдын сабынан.

Аман болгун кайда болбо окурман,
Амандыгың Жараткандан суранам.
Ар бир жазган ырларымды күнүгө,
Ачып окуп койгонуң үчүн кубанам.

Арнап жазган ыр саптарым силерге,
Ачык болсун жолуңарда бул аалам.

## ЧЫРАГЫМ

Оргуштап оюмдагы сезимдерим,
Өзүңдү ойлоп турган кезим менин.
Өнөктөш карындашым болдуң секет,
Өмүргө бүлүк салып, сезимге миң.

Баркыңды билбей сенин жаңылыпмын,
Башканы сүйүп калып, сагыныпмын.
А бирок, азыр сага ыр жаратам,
Жалгыздык сыноосуна багыныпмын.

Окусаң ырларымды сындабачы,
Ойлонуп, санаа тартып, ыйлабачы.
Өмүрдө сени сүйгөн жашайт эми,
Өзүңдү куру бекер кыйнабачы.

Өмүрлүк жарың үчүн күлүп жүрүп,
Өзүңө тоодой түйшүк жыйнабачы.





**Дооронбек кызы Гүлзат**



1998-жылы 26-декабрда Алай районуна караштуу Корул айылында жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөөдө 6 бир туугандын кенжеси жана жалгыз кыз. 2006-жылы ошол айылдагы Жоро Алимов атындагы орто мектепке кирип, 2017-жылы аяктаган. Ошол эле жылы Ош КУУнин Тарых филология факультетине тапшырган.

## БАКЫТКА ЖОЛ

Качкан сайын кууп жетип артымдан,
Кээде катуу сүйлөөдөн да тартынам.
Менин дүйнөм сага гана арналып,
Мен өзүңдү сүйүп келем баарынан.

Кол жетпеген бийиктердей сезилген,
Билбейм мага кайсыл күнү кезиккен.
Багындырды багынбаган жүрөктү,
Көз карашы ташты дагы эриткен.

Кыял, максат, ой-тилектер ишке ашып,
Тургансыды кышта бизге жарашып.
Бактыбызга көз артышып башкалар,
Бараткандай сени менден талашып.

Жылдыздар да бирде өчүп бир жанып,
Алар дагы бизди күтүп самашып.
Кыйын күнгө баш ийбейбиз эми деп,
Бара жаттык чоң бакытка жол алып.

Бирде көктөм, бирде дайра кечебиз,
Бирде күлсөк, бирде азап чегебиз.
Жанчылып, талкаланып сынбастан,
Биз азапты күлүп туруп жеңебиз.

Жалгыз сени сүйгөн өзүм дүйнөдө,
Мендей сени бир да адам сүйбөсө.
Кээде туруп өзүмдөн да кызганам,
Мендей эч ким азабыңа күйбөөгө.
Сени мендей эч бир адам сүйбөсө!

## УККАНГА НАСААТ

Сен ким элең дейт чыгаар бирөө артымдан,
Акыл айтып насаат бизге калтырган.
Жакшы сөздү өзүңөрдөн аябайм,
Баарыңарды бийик көрөм жактырам.

Кайгырбагын акча маселе жаратканда,
Басынтып алар сени баратканда.
Ойлонбогун ал нерселер өтүп кетет,
Ошол жетет жан дүйнөңөр карарбаса.

Айтам курбум сөздүн ачык төгүнүн,
Суудай ылдам өтүп жатат өмүрүң.
Жаман айтып жек көрүнбөй өзгөгө,
Сен бирөөнүн калтырбагын көңүлүн.

Капа болбо мейли сыртың жакпаса,
Сен озунду салыштырба башкага.
Эскиреби макул кийим кир болсун,
Биздин жүрөк болуш керек таптаза.





Жанындагы аны кара, мени кара,
Окшошпойбуз, баарыбызда айырма.
Бул манжалар тең болбогон сыяктуу,
Ар кимибиз ар кандайбыз, башкача.
Көрө албас, ач көздүктү жолотпой,
Биргелешип кол суналы чындыкка.

## УНУТПАГЫН АК СҮЙҮҮМДҮ САКТАГЫН

Дүйнөм тар, көрүп турам аалам кенен,
Күйүт бар жүрөгүмдө күлүп жеңем.
Кокустан сүрөтүңдү көрүп калып,
Эскердим ал кездерди көз жаш менен.

Карачы убакыттын өткөндүгүн,
Эстедим өткөн күндү дагы бүгүн.
Ошондо кубанычтан көз жаш төгүп,
Каякта ант беришкен жылдыздуу түн.

Жаманга көңүл бурбай басып кеттим,
Сен элең ошондогу эңсегеним.
Башкабыз азыр болсо мына минтип,
Ал кезди ырлар менен эскеремин.

Жүрөктө ошол күндүн элестери,
Карекке армандуу жаш тегеренди.
Жакшыгам эске алганда ошондогу,
Кыпкызыл гүл кармап келген кезди.

Ыйладык жакшы дештик жаман дештик,
Кээ күнү бийиктерге оңой жеттик.
Чыныгы кыйынчылык келген кезде,
Экөөбүз эки жолду тандап кеттик.

Баалабай биздик болгон тагдырларды,
Бир болуу экөөбүзгө буюрбады.
Өзүңдөн унутулбай өчпөс болуп,
«Алгачкым» деген атта сүйүү калды.

Суктанам азыр көрүп башкаларды,
Барктабай экөөбүз тең колдо барды.
Көөдөнгө чиймеленип өчпөс болуп,
Эсимде жакшынакай «атың» калды.

Биз үчүн болуп калган сүйүү багы,
Баягы ошол бойдон жашыл багы.
Ээрчишкен ошондогу өчпөс болуп,
Биз баскан узак-узак жолдор калды.

Ачпайлы кайра артка барактарды,
Жашоонун канча бети баракталды.
Кылымдар өтсө дагы өчпөс болуп,
Сүйүүдөн айыкпаган жараат калды.

Бир өмүрлүк сендик болуп калбадым,
Бактылуу бол өксүбөгүн ардагым.
Мейли баарын өчүрсөң да таптакыр,
Унутпагын «ак сүйүүмдү» сактагын.

Эскере жүр сени сүйгөн ал кезди,
Жандап бирге жүрсөң дагы башкасын.





## КЕЧИРЭЭР БЕКЕН?

Жамгыр жаады беттен куюлуп,
Кетсе кана күнөөм кошо жуулуп.
Сезилди ушул жамгыр кечеси,
Тозок отун өчүргөндөй туюлуп.

Кечир апа, жүрөгүңдү оорутсам,
Үмүтүңдү мага деген соолутсам.
Кечир апа, капа кылган күндөрдү,
Жер каратып жолуңузду toorутсам.

Кечир ата, чачтарыңды агарттым,
Жашооңузда кыйынчылык жараттым.
Кечир ата, акылыңды укпастан,
Өзүм билип, билгенимдей бараттым.

Кечир ага, сыймыктанаар болбодум,
Боор тартып купулуңа толбодум.
Кечир ага, татаал жолго түшкөндө,
Сени эмес өзүмдү кана ойлодум.

Кечир досум, мазактасам билбестен,
Кыйынчылык күндөрүңдө келбестен.
Кечир досум, кеткен болсом аша чаап,
Жакшылыкка рахмат дос дебестен.

Кечир жаным, сен да мени кечиргин,
Мына бүгүн ушунчалык эзилдим.
Кечир мени балким билбейм ошондой,
Тагдырыңды бузуу үчүн кезиктим.

Кечиргиле мени билген тааныштар,
Алдыңарда билинбеген күнөөм бар.
Кечиргиле жаза бассам адашып,
Жан дүйнөм да туура жолго кабылаар.

Сыртымдан билгизбедим сыздадым,
Жан дүйнөмдү өзгөртүү үчүн кыйнадым.
Көздөрүмдөн нымдалышып жаш чыгып,
Билсеңиздер күнөөм үчүн ыйладым.

## БАШКА ЖОЛДОР

Буулугуп, бугум ичке батпай барат,
Жок болбой кучөп кайра ушул жарат.
Сезимди унуталбай сага деген,
Эстеймин өткөн күндү жолду карап.

Биздин сүйүү жааган кардай ак эле,
Болду эми өткөн күндү эстебе.
Ысык күнгө чыдамы жок немедей,
Быйыл кышта бүтүп калды эмнеге.

Бекем туруп жасаган ким эрдикти,
Жыргалында бирге болуп келдикпи.
Бизге берген сыноосуна тагдырдын,
Башты ийип багынып биз бердикпи.

Бүлүндүрүп кимдер түштү ортого?
Көз тийдиби неге мындай болбосо?
Айтчы эркем бөлүп кетти ким бизди,
Арга барбы тагдыр бизди кошпосо.





Кудай бизди буйруган болсо эгер.
Бир болуучу күндөргө да жеткирээр.

## КҮНӨӨГӨ БАТЫП ЖҮРӨМ

Кээ бирөөгө жыргал болсо ушул дүйнө,
А мен жүрөм батып бекер күнөөгө.
Чыга албадым аракет кылсам дагы,
Жерде турган жайнамаздын үстүнө.

Жакшы чыгат жакшы өссө түбүнөн,
Жыттагым келди бейиш гүлүнөн.
Ойлонбодум, жашоомду өзгөртпөдүм,
Жайнап турган көрүп мүрзө сүрүнөн.

Ыйлаткан уктум канча баяндарды,
Убактылуу алыс кылдым жамандарды.
Унуттум акыретти кайра эле,
Баштагыдай таштап жатам кадамдарды.

Ыймандуудай болсом мен ырларымда,
Бул дүйнөнүн кызыгын кыйбадымда.
Билсем дагы акыретте жооп берерим,
Азгырылам жалгандын жыргалына.

Бул дүйнөдө ыймандуу адам барбы,
Туура жолго сала турган башкаларды.
Түбөлүк жанымда жүрө турган,
Издеп жатам пайгамбардай адамдарды.

## СУЛУУ БОЛУП КӨРҮНСӨМ

Мен ырларда сулуу болуп көрүнсөм,
Ай нурундай көктө кээде төгүлсөм
Асмандагы периштедей ойлобо,
Мен пендемин силер сымал төрөлгөн.

Мен сүрөттө сулуу болуп көрүнсөм,
Кээде сага жакшы адамдай көрүнгөн.
Менде да бар жаман адат, терс мүнөз,
Акыл айтса туура аны көрбөгөн.

Мен сөздөрдө акылдуудай сезилсем,
Жылуу сүйлөп эс учуңдан кетирсем.
Ойлобогун бир депутат кызы деп,
Дыйкан кылып өз жашоомду кечирем

Жашырышат жаман адат жактарын,
Талааларда жумуш кылып жатканын.
Уялбачы оо бир тууган уяты жок,
Адал иштеп адал оокат тапкандын.

Мен пендемин жөнөкөй катардагы,
Бир ишкана башкарбайт атам дагы.
А бирок маңдайымда ата-энем бар,
Мындан өткөн дүйнөдө бакыт барбы.





## ОО, ЖАРАТКАН

Байлык бердин, ыраазымын жетип жатат,
Анысына шүгүр кылып, кылдым канаат.
Оо, жараткан өзүң мага жардам берчи,
Жан дүйнөм ыйманынан аксап барат.

Ден соолук бар, миң мертебе ыраазымын,
Ичиндемин бул дүйнөнүн жыргалынын.
Оо, жараткан өзүң мага жардам берчи,
Эмнегедир аты өчкөнсүйт ыйманымын.

Татып жатам берген мага жыргалыңды,
Жазып жатам насип кылган ырларыңды.
Жаратканым кемигенсийт бир нерсем,
Күчтүү кылып толуктачы ыйманымды.

Туура эмес мындай жолдо баратканым,
Өмүрүмдүн канча бетин барактадым.
Кандай жашоо бизге насип кылсан дагы,
Баарыбызга ыйман берчи жаратканым

## СЕН ДЕП ӨМҮР СҮРӨЙҮН

Аз да болсо сага көңүл бөлөйүн,
Жүрөгүнө башымды жөлөйүн.
Эгерде сен да мени сүйгөн болсоң,
Мындан ары сен деп өмүр сүрөйүн.

Арманга көңүлүңдү чөгөрбөгүн,
Жашооңду күлкүгө бөлөйүн.
Ортобузда чын эле сүйүү болсо,
Мындан ары сен деп өмүр сүрөйүн.

Озунду аздектеп жүрөйүн,
Баарынан артык сени сүйөйүн.
Кадырыма жетип мени сүйө алсаң,
Мындан ары сен деп омур сүрөйүн.

## АЧЫЛБАГАН РОЗА

Кеч күз эле жалгыз дарак сөйөнөм,
Бир жан жоктой мени аяп жөлөгөн.
Бул дүйнөнүн ырахатын көрбөстөн,
Бул жалгандан кимдер гана өтпөгөн.

Бул дүйнө жалган дүйнө болот тура,
Сүйүү деген салат экен азаптарга.
Сүйдүрүп кубанычка бөлөгөн соң,
Түбөлүккө бир кылып койсо гана.

Айыккыс жараат калып жүрөгүмдө,
Кантет эми жүрөк деген аны сүйсө.
Колумдан тартып кетти ажал деген,
Себеп кылып жол кырсыгын өлүмүнө.

Салган эле ак өргөнү жаны гана,
Эми гана ак никеге тураар да.
Келе жатып кызыл гүлдү колго алып,
Байкушум учурады жол кырсыкка.

Ошентип бат эле ооруканага жетти,
Орто жаштуу бир байке чыгып келди.
Кайгырбагын, сабыр кыл карындашым,
Жаш жигит бул дүйнөдөн өттү деди.





Куладым угаар замат жерди карай,
Оорума эч кимиси дабаа таппай.
Өзүмдү жыйнай албай жатканымда,
Билинбестен өтүптүр бир жарым ай.

Оору канадан чыгып сырт тарапка,
Көз чаптырдым мундуу турган айланага.
Кош даракка бирге жүргөн экөөбүз,
Жол тарттым бул жолу өзүм гана.

Араң басып бара жаттым тунгуюкта,
Айла канча тагдыр деген буюрбаса.
Сыр бойдон ачылбастан кала берди,
Тепселенип жап жаш кызыл роза.

## КОШ БОЛ

Сүйбөйм десем жүрөк болбойт оолугуп,
Көкүрөкө сагынычты толтуруп.
Ашык кылып сүйдүрүп кете бердиң,
Көңүлдү эмес жүрөгүмдү оорутуп.

Кыйнабайын өзүм дагы кыйналбайын,
Угуп жатам жүрөгүмдүн ыйлаганын.
Көңүлүмдө өзүңдү унутсамда,
Билемин жүрөгүмдүн унутпашын.

Мындан ары мен эч кимди сагынбаймын,
Ал сүйбөсө сүйгүн деп жалынбаймын.
Мейли жазба, көңүл деле бурбагын,
Ага деле капа болуп таарынбаймын.

Тажап бүттүм бул сүйүүдөн ачыгы,
Сүйүүбүздүн калбагандай маңызы.
Мен өзүмдү эптеп алып кетээрмин,
Сен жашоодо бактылуу бол башкысы.

Айтпай мага сырларыңды жашырдың,
Эзип бүттүң кыйнап ийдиң ашыгым.
Суранайын анчалык азап бербе,
Сүйө албайм деп же айтпадың ачыгын.

Боло албадым жарың сенин болочок,
Жетелешип башкалардай жүрсөк болмок.
Сен сүйбөсөң мени эгер садага,
Анда жаным мен сүйгөн менен пайда жок.

Менден кетсе кымбаттуум кечиргин,
Жашоо сага эң бактылуу турмуш берсин.
Сагынбагын мындан ары кыйналба,
Бул коштошуу сага бакыт алып келсин.

## АТАКЕ

Кээ бир кезде кыйналганда иштөөдө,
Аргасызмын бир адамды эстөөгө.
Мээнеттерин актагым келип кетет,
Бул күндөрдү өз жашоомдо көргөндө.

Ал менин атакем го чарчабаган,
Турмуштун кыйноосуна багынбаган.
Бөксөртүп, гүл көңүлүн чөгөртсө да,
Кайгырып тагдырына таарынбаган.





Көрсө атам бизди кем болбосун деп,
Өз теңинен укпасын басынткан кеп.
Башкалардай ойносун балалыкта,
Күлүп жайнап, жакшына окусун деп.

Эмгектенди ден соолугун аябай,
Бул жашоонун кыйноосуна карабай.
Күлүп келип эркелетип бизди да,
Чарчаганын билгизбестен байкатпай.

Ойлогондо атакемди баары токтойт,
Элирип бүт эркимди алып жөнөйт
Атакем дагы узак жашаш үчүн,
Жүрөгүмдү белек кылып сунсам окшойт.

## ТАППАЙ ТУРАМ

Ушул кең ааламга да батпай турам,
Өзүмө өзүм неге жакпай турам.
Азаптан биротоло чыгып кетээр,
Айламды эмне кылаар таппай турам.

Барактай жазыла элек актай турам,
Намысты башканы да сатпай турам.
Бактылуу турмушумду куруу үчүн,
Эмнеден баштаарымды таппай турам

Өзүмдү башкалардан бөлүп турам,
Буулугуп көз жашымды төгүп турам.
Ой басып туура жолду тандай албай,
Жашоону, өлүмдү да көрүп турам.

## СУЛУУЛУК ДҮЙНӨНҮ САКТАЙТ ДЕШЕТ

Кудай берген кашты алып ташташып,
Куранда жок кайсы жолду башташып.
Өзгөлөргө сулуу болуп көрүнүп,
Каш ордуна карандашты шыбашып .

Сулуумун деп эки көзүн төрт кылат,
Тырмагын узун кылып, дагы улап.
Мейли динди түшүнүшпөйт өзгөлөр,
А мусулман бир тууганым бизге уят.

Жасалма бет кап тагып алгандайбыз,
Динден бир аз алыстап калгандайбыз.
Сыртын сулуу кылып, жасанып,
Ээрчип биз да еврей жака баргандайбыз.

Сулуулук дүйнөнү сактайт деп,
Ооба туура айтылган нукура кеп.
Ар кимиси ар кандай түшүнүшөт,
Мен түшүндүм ал кепти мындай деп.

Сулуу болсо жүрөгүңөр таптаза,
Жан дүйнөнү жакшылыктар каптаса.
Душманга да каалабаган жамандык,
Эч бир адам жаман жолго баспаса.

Мээрим толгон көздөр менен карашып,
Эки түгөй басса бирге жанашып.
Жамаат менен ыймандарын толуктап,
Барса балдар мечит жолун талашып.





Кекчил болбой кечиримдүү бололу,
Ниеттерди туура жолго коёлу.
Байлык эмес ыймандарга толтуруп,
Байыталы жан дүйнөнү оболу.

Мына ошондо сулуу болот пенделер,
Ыйман жолго эми баарың келсеңер.
Туура ойлоп сөздүн баркын кетирбей,
Дүйнөнү сулуулук сактайт десеңер .

## БЕЙИШИМ АПАМ

Түшүн апа азыр алыс жактамын,
Мени ойлоп сар санаага батпагын.
Өзүңүздү ойлоо менен өткөрөм,
Таңдын атып кайра күндүн батканын.

Тур, турагой сабагыңдан кеч калдың,
Деп ойготуп дайын кылып чай наның.
Ач калганда эстеп алам сагынып,
Айыл жытын, сүйкөп берген каймагың.

Бизге арнап ар бир аткан таңдарың,
Эми сездим биз деп күйүп жанганың.
Эне деген асыл экен ушундай,
Өз жанынан бийик койгон балдарың.

Жашмын азыр билбейм эне асылын,
Турмуш бизди салаар жолго акырын.
Жыттаганда бала жытын ошондо,
Билээрмин дейм асыл эне кадырын.



**Ысамамат уулу Замирбек**

1996-жылы Ош облусунун Кара-Кулжа районуна караштуу Жаны-Талап айылында орто дыйкан үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

2003-жылы Токторбай Кулмаматов атындагы орто мектептин 1-классына кабыл алынган.

2009-жылы район ичинде болуп өткөн сынактан тандалып, Шарип Жээнбеков атындагы таланттуу балдардын интернат лицейине кабыл алынган.

2012-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу кайрадан Токторбай Кулмаматов атындагы орто мектепке которулган.

2013-жылы аталган мектепти аяктаган.

Жогорку билими жок, үй-бүлөөдө үч бир туугандын ортончусу.

## СӨЗҮҢӨ ТУРА АЛБАДЫҢ

Кадырым билбейсиң да ушул күндө,
Кашыңда жүргөн кезде азыр сенин.
Кайдыгер карап жүрүп бир убакта,
Карааным издебегин кийин менин.

Анда мен өзгөрүлөм, бөлөк болом,
Алыстап, колуң жетпес тараптарда.
Арзуумду ырга кошуп сыялабайм,
Атыңды жазбай калам барактарга.





Адашып жүргөнүңдү кийин билип,
Артыңа кайрыл дебе суранбагын.
Көгөрүп чыдап жүрдүм, күнөө сенде,
Бекемдеп сүйүү чебин кура албадың.

«Түбөлүк сүйөм», – деген сөзүң берип,
Кантейин? Ал сөзүңө тура албадың.

## БИР БОЛОЛУ ТҮБӨЛҮК

Биз кезикпей бул жалганда, бирге өмүр сүрбөйбүз,
Өткөн кезге кайрылбайбыз, эми ойноп күлбөйбүз.
Өкүнсөм да кайтпас болду, шаңдуу күндөр алыстап,
Эми сени, а сен мени жолду карап күтпөйбүз.

Артка кулап, өйдө түрткөн тагдырдагы өз ташым,
Агып жатат токтобостон, жамгыр сымал көз жашым.
Айрылууга чыдабадым, ооба чындап кайгырдым,
Анан кантем, ак кепинде жатса сенин туз-ашың?

Айтчы эркем бул азапка, кантип жалгыз түтөмүн?
Алга жылбай жаным сыздап, тутана албай түтөдүм.
Аябастан алып кеткен, сени ушул дүйнөдөн,
Айлуу түндөн, бул тагдырдан, не жакшылык күтөмүн?

Жаңы жашоо баштабайын, ушул жерден түгөнүп,
Алды тарап туман басып, турат мага түнөрүп.
Азап чегип бул өмүрдөн, сенсиз жалгыз өткүчө,
Алдыңа мен барайынчы, бир болууга түбөлүк.

Ар күн сенин карааныңды жоктоп жашап өткүчө,
Жаныңа мен барайынчы, бир бололу түбөлүк.

## ӨЗҮҢСҮЗ

Өзүңсүз тосуп түндү, аткан таңды,
Каректен канча жолу жаштар тамды.
Капилет келерсиң деп жолуң карап,
Үмүтүм нечен ирет өчүп–жанды.

Өткөрүп күндөрүмдү муңдуу боздоп,
Өзүңдү төрт мезгилде жүрөм жоктоп.
Өзгөрүп бир топ жылдар өттү, бирок,
Өмүрүм калган сындуу турат токтоп.

Көңүлгө жакпай анан башка дагы,
Жүрөктүн бүтпөй келет калган тагы.
Жүзүмдөн күлкүм качып, өңдөн азып,
Жүдөдүм мага ачылбай сүйүү багы.

## КАЙРЫЛ ДЕБЕ

Кайрыл дебе, каалабаймын мен азыр,
Күндө күтүп, жол карадым келбедиң.
Күнөө изде сен өзүңдөн түшүнүп,
Күндөй жаркып тийгенимди сезбедиң.

Бакыт эмес бар болгонуң өмүрдө,
Баштагыдан өзгөрүлгөн пендемин.
Баарын кечип, унутканмын мен сени,
Бактылуулар мекендеген жердемин.

Ойлоп көрчү, кантип кайтып барамын?
Ооруганда келбегенсиң кечиктиң.





Оомат сенден кеткен эчак ыраактап,
Орун бербейм, какпа жүрөк эшигин.

## ЭСТЕЙ ЖҮР

Бузулбас кылып, биз анда курган ак сүйүү,
Бурганак түшүп, сезимдер өчүп, айрылды.
Биригип дайым бир соккон канат күүлөнүп,
Буйрубай тагдыр, тең сынып түштү, кайрылды.

Бакытты дайым тереңден көрүп жүргөнбүз,
Каткырып ойноп, эртеден кечке күлгөнбүз.
Таалайым сенсиң, тартуулап берген өмүр деп,
Келечек күндү, олтуруп бирге түзгөнбүз.

Кансырап ооруп, жүрөккө толуп армандар,
Кайрылбас эми өткөн күн, ошол ай–жылдар.
Калса эгер артта кыялдар ашпай кырларды,
Арналып сага, жазылат билгин көп ырлар...

Атыңды сактайм, өчүрбөй дайым эскерип,
Алсыздык кылып, ажырап кетсек биз жерде.
Ар сапка жазып, өтөмүн ушул дүйнөдөн,
Эстей жүр сен да, «сүйгөм» деп мени бир кезде.

## ЖАМГЫР

Себелеп, тынба жамгыр, токтобочу,
Сезимден капалыкты жууп салып.
Сен мага үмүт берчи суранарым,
Сүйүүдөн турган кезде көңүл калып.

Шыбырап ар бир тамчың кулагыма,
Сырдаштай сезилет да ушул тапта.
Сырымды айткым келип турам азыр,
Арманым укпайт эч ким сенден башка.

Кулак сал, курбум болуп тыңша мени,
Кучакта, жакыныраак келчи бери.
Кубала кайгы–муңду жүрөгүмдөн,
Кулпуруп жазылсынчы көңүл чери.

## ЖАКТЫРБАЙСЫҢ

Жактырбайсың, мүнөзүмдү татаал деп,
Жакындатпай сүйлөп мага түркүн кеп.
Жалооруган сүйүү балын бергенче,
Жандай баспай суранарым, алыс кет.

Сүйдүм дейсиң, кээ биринде ачылып,
Жүзүң буруп кетип, кайра шашылып.
Сурап калсам «эмне болду сага?» – деп,
Жооп узатпай жоголосуң жашынып.

Оюн куруп таза–тунук дилиме,
Өкүнбөсөң болду деймин кийин сен.
Мезгил келип түшүнгөндө баркымды,
Өзгө жандын кучагында болом мен.

Кандай жаман болсо дагы мүнөзүм,
Жактырган жан бар экенин билем мен.





## СҮЙҮҮ ТАПТЫМ

Сүйүлүп, жүрөгүмдөн кетип дартым,
Буйруган түгөйүмдү издеп таптым.
Сен мага ыраа көрбөй койгон ошол,
Бакыттын бал ширесин дагы таттым.

Айтылбай ар бир калган сырларымды,
Арналып сага жазган ырларымды.
Анда сен азап берген күн эле эмес,
Ал пенде унуткарды жылдарымды.

Көңүлдүн сыныктарын бүтөп салып,
Көөдөнгө сүйүү отун улап жагып.
Жол салды багынбаган сезимдерге,
Жүрөктүн түпкүрүнөн орун табып.

## ТҮШҮНБӨДҮҢ

Көрүп дайым, билип сезип жүрсөң да,
Көтөрдүң ээ, мээрим чачпай боюңду?
Көп кайталап айтсам дагы сүйөрүм,
Какшаттың ээ, түшүнбөстөн оюмду?

Түбөлүккө болгум келсе сен менен,
Түкүрдүң да, сезимдерге суу чачып.
Түртө салып жакындатпай өзүңө,
Терс бурулуп, кете бердиң сен басып.

Мейли бирок, өкүнсөм да, ыйласам,
Мезгил келет мен кайрадан чыйралам.

Менден артык жигит тапсаң экен дейм,
Мээрим төгүп, сени дайым сыйлаган.

## ЭСТЕЙ БЕРЕМ

Тартынып, тик карабай көздөрүмө,
Тамаша айтсам күлүп эркелеген.
Татынам, ошол күндү биз кезиккен,
Ар мүнөт эстей берем, эстей берем.
Күн сайын сагынганда мен өзүңдү,
Баягы биз жолуккан жерге келем.

Капыстан келээр деген үмүт менен,
Кайрылып, туш тарабым карай берем.
А бирок, сен келбесиң билем дагы,
Аны сен айтпасаң да туюп, сезем.

Чынында азап экен күтүү деген,
Чыдабай кээ күндөрү тажап кетем.
«Унутам, болду жетет», – деймин дагы,
Жүрөгүм кармап туруп, кысып бекем.
Жүз жолу, сөз берем да унутууга,
Кайра эле эстей берем, эстей берем.

Бүтпөстөй ушул күндөр сезилет да,
Бүт өмүр сүйөт окшойм мен өзүңдү.
Күтпө деп, эстебе деп айтып койчу,
Угайын унут деген бир сөзүңдү.





## ЖУБАЙЫМА

Ээлеген жүрөгүмдүн тең жарымын,
Аярым, түбөлүктүү менин жарым.
Ар качан сезимдерди бийлеп келген,
Сен менин «күнүм» дагы, «жылдыз», «айым».

Табылып маңдайыма жазылганым,
Тартуулап мага берген Жараткaным.
Кубантып бул жашоомо үмүт берип,
Күн сайын атып турган жарык таңым.

Түшүнүп сырларымды угуп турган,
Таянар түркүк болгон мага дайым.
Мен сага жана дагы балдарыма,
Дүйнөмдүн арнап өтөм бүтүн баарын.

## САГЫНАМ

Сагынам, мен өзүңдү сагынамын,
Өткөргөн ошол жыргал күндүн баарын.
Өзгөрүп жылдар узап кеткен менен,
Сен өчпөй жүрөгүмдө жашап калдың.

Сагынам уяң карап күлгөнүңдү,
Ээрчишип бирге дайым жүргөнүмдү.
Ушинтип арман ырын жаза берем,
Эстесем эң алгачкы сүйгөнүмдү.

Сагынам, эч убакта унутпаймын,
Өтсө да көп күндөрү кыштын, жайдын.

Өзүңдү ушунчалык сүйдүм эле,
Өчпөстөн жүрөгүмдө жашап калдың.

## АЛТЫН АПАКЕМ

Башыңызга бакыт гүлү орносун,
Жаман күндөр жакын келип конбосун.
Жакшылыкты дайым берип аябай,
Жаратканым өзү сизди колдосун.

Узак жашап, урмат көрүп уул-кыздан,
Жыргал күндө болсун сиздин жолунуз.
Башка нерсе кереги жок апакем,
Бактыбызга дайым бирге болунуз.

Кайгы капа карыш келбей жаныңа,
Күлкү консун жашоо-өмүр шагыңа.
Бейишимсиң менин кымбат апакем,
Бар бол дайым балдарыңдын багына!

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ МЕНЕН

Кубаныч, шаң күлкүгө толуп дүйнөң,
Жаныңда болсун жарың сени сүйгөн.
Жаркырап бүгүнкүдөй жүрө бергин,
Ажарың сулуу болуп айдан, күндөн.

Кызыґын көрүп дайым бул өмүрдүн,
Бактылуу болуп, ширин жашоо сүргүн.
Жаныңа карыш келбей жаман күндөр,
Жылмайып, эч кайгырбай дайым жүргүн.





Куттуктап бүгүн сенин туулган күнүң,
Кызылын, эн жыттуусун үздүм гүлдүн.
Жүрөктөн каалоолорду айтып кеттим,
Көп жаша кырын ашып токсон, жүздүн.

## КЕЧИРЕ АЛБАЙМ

Кечирбеймин, келбе мага кайрылып,
Жашабаймын азыр сени сагынып.
Мен болгону унутканмын өткөндү,
Ойлобогун, калды го деп таарынып.

Сендик сезим, өчкөн эчак эскирген,
Сезимиме булут каптап, кеч кирген.
Сен кеткениң – көөдөнүмдө муздактык,
Тоңгон өңдүү махабаттар деп билгем.

Жактырбадың сезимимди сен менин,
Туталандым, кусаландым, дегдедим.
Сага болгон көлдөй тунук сүйүүмдү,
Ойлободуң, эстебедиң, сезбедиң.



**Бектенова Айзирек**

1996-жылы Ош областына караштуу Алай районундагы Жошолу өрөөнүнүн Аюу-Таман кыштагында төрөлгөн. Орто билимдүү. Азыркы учурда Россиянын Екатеринбург шаарында эмгектенет.

## ЫР КАЛТЫРДЫМ ЭСТЕЛИК

Жашап жүрөм өткөн күнүм эскерип,
Өмүр менден бараткандай чектелип.
Өзүңө бир арнап дайым жазылган,
Менден сага ырлар калсын эстелик.

Чертилбес ак сүйүүнүн кылдарында,
Чаалыктым сенсиз өткөн жылдарымда.
Жан дүйнөң ошондогу мага тааныш,
Жазып, каттым сен билбес ыргагыма.

Эстеп калсаң кээ кезде мүнөзүмдү,
Эргүүм болдуң ээлеген түнөгүмдү.
Бекем катып койгонмун барагыма,
Бир сага деп арналган жүрөгүмдү.

А балким бул күнүм бүтсө чектелип,
Коштошууга жетпей саатың кечтелип.
Кээде кирип баракчамдан окуп тур,
Мен бир сага ыр калтырдым эстелик.





## СҮЙҮҮ ТАГЫ

Ырлар калды биз ырдаган көңүлдөн,
Ыргагында азаптарым көмүлгөн.
Азыр дале эсте турат айтканың,
Көрбөйүн деп тамчы жашың көзүңдөн.

Үмүт менен күндөрүм көп өткөн да,
Улуу сүйүү деңизине чөксөм да.
Жүрөгүмдү аяп такыр койбодуң,
Жазда жааган жамгыр болуп төксөм да.

Жан дүйнөмдө калды бошоп орунуң,
Сен деп сыздап, сен деп канча оорудум.
Кызганычтын алоосуна күйгөндө,
Өзгө турсун өзүмдөн да корудум.

Азап толгон сезимимди алдадым,
Асыл инсан сен да башка тандадың.
Арсыз жашоо кылса сени бактылуу,
Ааламда бул болбос эле арманым.

## ЧӨКПӨЙМҮН

Оту менен кошо кирип, чыксаң деле күлүнөн,
Алгын сабак өз жашооңо, деп көп айтчуу үйүмөн.
Байкай албай, алсыздык деп ага кылган нерсеңди,
Бузук сөзүн артымдан эх сүйлөгөнгө күйүнөм.

Мейли айткын мазак сөзүң мен тарапка чача бер.
Өзүң курган ушак тооңдон далай кырлар аша бер.

Жеңилдетип мойнумдагы күнөөмү өзүң артындың,
А мен чөкпөйм жалгандарга, сен белчеңден бата бер.

Уу сөздөрүң тилип өтсө, ачуу болгон дак калаар,
Тикенегиң төшөп жолум балким дүйнөм тапталаар.
Бирок билгин күчүм топтоп, чалынбайм бут тосууңа,
Ал анткени жөлөктөрүм, сендей эмес башкалар.

## БИЗ ЭМИ БӨЛӨК ЖАНБЫЗ

Мени сен суук түндүн кучагында,
Мезгилдин ызгаарына тушадың да.
Бошоткун бул азаптан жүрөгүмдү,
Болду эми чеги бардыр кусанын да.

Сөзүңдүн суугуна үшүдүм да,
Сабыры жетпейт чыдам күчүнүн да.
Сезимим сен барктабас, алыс таштайм,
Сездим мен пайдасыз бул күтүнүүм да.

Үмүттү өчүрөмүн жалбырттаган,
Үзүлгөн гүлдөй болуп соолуп барам.
Өзүңдүк таштап жомок кыялдарды,
Өзгөрүп алга таштайм жаңы кадам.

Бакыт таап биз издеген жомоктордон,
Баатыр бол жамандык эч жолотпогон.
Жашоодо таза сүйүүнү кир кылганча,
Жакшы дейм жүрөгүңдөн жоготпогон.

Түтөмүн ичке катып сырларымды,
Түпкүрдө чертпей сүйүү кылдарымды,





Биз бөлөк эми башка таанылбаспыз,
Бир калды сага тааныш ыргагым бу.

## КЕТҮҮДӨМҮН

Жүрөгүм ооруганын туйбадың ээ?
Тымызын жашым төктүм ыйладым ээ?
Түшүнбөс, баркым билбес жан экенсиң,
Түйшүккө салып далай кыйнадың ээ?

Көңүлгө албай канча кечиргеним,
Билбедиң сүйүүм үчүн өтүнгөнүм.
Биз курган таштап бүтүн кыялдарды,
Сездирбей, мен да бүгүн кетүүдөмүн.

Жүрөгүм башкасына арноодомун,
Өмүрлүк бактым ага байлоодомун.
Сен деген сүйүү отко сууну бүркүп,
Сен эмес, эми аны тандоодомун.

Баары кеч ! Кайрыл дебе бара албайм,
Баягы өчкөн сезим жага албайм.
Өзгөргөн мүнөзүңдөн ошондогу,
Өзүңдүн сезимдериң таба албайм.

Жүрөктө өчүп калган сүйүү отун,
Жарыгым башка эми жага албайм.

## АРМАНСЫЗ ӨТКҮМ КЕЛЕТ

Күбүлгөн барик сымал, кулаган кара жерге,
Куураган дарактаймын, кучагым ачпай кеңге!
Күйүткө батып, ийилип бара жатам,
Карагат көздөрүмө тамчыдай жаштар келе.

Көкүрөк сыздап барат, сол тушум мыжыгандай,
Тагдырдын мага арнаган талабы кызыгандай.
Талыкпай көтөрөт деп , башыма берсең сыноо,
Талпынып учууга да, дарманым күчү калбай.

Түндүн эх кучагына, сүңгүп бир кетким келет,
Түпкүрдө толгон арман, баарысын чечким келет.
Барктап бул өмүрдү, бакыттын даамын сезип,
Баары үчүн жакшы болуп, өмүрдөн өткүм келет.

Сезимдер жүрөктөгү, бүлүнүп майдаланса,
Сыздап бир азап жештен, айткыла айла канча ?
Сый болуп бул өмүрдө калганга эмне жетсин,
Сулуулук муздаган жүзүмдү жандаганча .

## ЖАЛГАН СҮЙБӨЙ ЖАШООМДОН КЕТИП КАЛЧЫ

Жашоомдогу жабылган барак болбо,
Жүрөктөгү айыккыс жараат болбо.
Канча жолу күйүткө салгын бирок,
Көңүл үчүн жалгандан карап койбо.

Жасалма жан дүйнөңдү багыштаба,
Жалганы өксүк сезимдер айып мага





Куру үмүткө байлаба бакытым деп,
Кудай жалгыз баарына калыс гана.

Сыр дүйнөнүн түймөсүн чечип салчы,
Жыйыштырып өткөндү бекип салчы.
Билип туруп баарысын кыйнай бербей,
Бирге болуу оор болсо кетип калчы.

Барктай албай жүргөндөй туюлармын,
Сендик болгон бакытка муюнармын.
Сезбей калсаң өмүрдө кадырымды,
Жамгыр болуп ызадан куюлаармын.

Билбей жүрсөң сен азыр кадырымды,
Бийиктиктен бир күнү куюлаармын.

## САГЫНДЫМ АТА МЕКЕНИМ

Жылуулук өзүңдөн бир ала албай,
Жылдыздай асманыңда жана албай.
Жүдөттү сагынычым ушул күндө,
Жүрөмүн алыс калып бара албай.

Койнуңда эркин ойноп жүрө албай,
Каткырып, баштагыдай күлө албай.
Керемет кызыл тазыл гүлдөрүңдү,
Кашкайган Ала-Тоомду сүйө албай.

Ат минип бир өзүңдө кыялымда,
Аралап мөңгүлөрүң сызамын да.
Ыр менен Ата-журтум болуп берем,
Жолуңа жарык чачкан чырагың да.

Ыр жазсам барак толо дептериме,
Ызадан эт-жүрөгүм өрттөнүүдө.
Баягы эрке кызың сен чонойткон,
Көп болду бөтөн элге кеткенине.

Сыялап сагынычты жаза берем,
Сырымды ырым менен ача берем.
Билбесин сенин баркың мейли башка,
Барлыгы сен байлыгым Ата-Мекен.

## ЖАШАЙ БЕР АРЗУУЛАРДА

Кеттиң деп Арман кылып ырдабайын,
Карегим жашка толуп ыйлабайын.
Көңүлүм калды деп айткан менен,
Көөдөндө ысымыңды булгабайын.

Жоксуң деп жемелеп.., урушпайын,
Жайнаган жоодур көзүң унутпайын.
Жанында жүрүп көңүл оорутканча,
Жакшы ыр саптарында улуктайын.

Кадырын ак сүйүүнүн кетиргенче,
Капыстан сүйүүм мокоп кетилгенче!
Калганың жакшы арзуум ааламымда,
Кымбатым жандап жүрүп өкүнгөнчө.

Мен сезим ырларында кала берем,
Ак сүйүү ааламына бара берем!
Ардагым кыялымда өчпөс таттуу,
Ар жактан сени таап ала берем.





Ар дайым жылдыз сымал жана берчүү,
Асылым ар кыл муңга сала берчүү.
Аярлап жан дүйнөмө катып алам,
Акактай жүрөгүмдө кала берчи.

Ырларда калат жаным каректериң,
Ыйлабайм эстеп башка элестериң.
Ыраактап кеттиңби деп ойлобочу,
Ыр менен жетип турат даректерим.

Жашайсын түбөлүккө саптарымда,
Жок азыр жолугушчуу чактарым да.
Жанында жүрүп көңүл оорутканча,
Жазылып калсын атың каттарымда.

Унутпас арманымсың жүрөгүмдө,
Улуу бир сүйүүм өзүң түнөгүмдө.
Убакыт канча өтүп узаса да,
Унутпа кемчилик жок сүйөөрүмдө.

## ЖАРАТЫЛЫШ КАЙГЫСЫ

Гүл көрдүм тамырынан куурап калган,
Гүлдөбөй таза сууга суусап калган.
Аяган эч бир адам жок сыяктуу,
Акырын келечеги урап барган.

Түн көрдүм ай нуру жок жарык берген,
Аптыгып шамал соксо алып беттен.
Түнөрүп капалуудай күңгүрөнөт,
Түпсүз бир азабында кайгы чеккен.

Көлдү көрдүм мелтиреп каткан сырын,
Төгүүгө таппай арга болгон чынын.
Ичтеги арманын кимге айтаарды билбей,
Күн сайын муңдуу созот азап ырын.

Дарак көрдүм жалгыз өсүп турган,
Үмүтү бүт нерседен өчүп турган.
Калгандай бир жашоосун арман тооруп,
Шамал соксо күүлөнөт улам улам.

Дайра көрдүм үн чыгарып күркүрөйт
Ачуусуна бүткөн боюн дүркүрөйт.
Батырып бир алучуудай койнуна,
Каарданын алда кайда жүткүнөт.

Жерди көрдүм көөдөнүндө ыйлаган,
Көчүп урап азап чеккен сыздаган.
Байкап карап назар салсам жакшыраак,
Адам тура бүт баарысын кыйнаган.

Табияттын көркүн көккө сапырып,
Адам көрдүм эч капарсыз жыргаган.

## МИГРАНТ МЕКЕНДЕШИМЕ

Үшүдүң да жылынаарга чамаң жок,
Билип турдум абалыңды сендеги.
Көр турмушта күлкүдөн да санааң көп
Айтып турат оттой жанган көздөрү.

Жүрөгүндө эрктүүлүк бийлеп анан,
Жүдөсө да жайдары кымтыланат.





Ал ансайын атайлап каардуу аяз,
Жармашып көйнөк, жака жулкуп алат.

Кычыр деп үнү чыгып баскан сайын,
Керилип таманында жатат ак кар.
Көздөрү тиктеп алсыз күлгөн менен,
Жүрөгүмө таамп жатты ачуу жаштар.

Сезип турдум жан дүйнө азабыңды,
Катсаң да кымтыланып түнөгүңө,
Аяз эмес жаз үрөнүн сээп өттүң
Аруу турган ошол жүрөгүңө.

Айла жок да тагдыр башка салганы,
Окуп турдум толуп турган күйүтүң,
Алыс калып, ата-эне туугандан,
Аяп турдум иштеп жүрсөң күнү түн.

Унутулаар бул кар басып изиңди,
Тек болгону өчүрбө сен үмүтүң.

## МЕН АДАМДАЙ МЫКААЧЫНЫ КӨРБӨДҮМ

Жок окшойт да көрбөгөндөн көргөнүм,
Кечиргиле катуу тийсе сөздөрүм.
Кыска гана ушул жалган өмүрдө,
Мен адамдай мыкаачыны көрбөдүм.

Мал да болсо жандыктарды көргөмүн,
Баласы үчүн жанын берип өлгөнүн.
Аттиң бирок аз күнчөлүк өмүрдө,
Адамдан да мыкаачыны көрбөдүм.

Айбандар да сактайт бала бөпөлөп,
Чоңойушат энесине эркелеп.
А бир инсан ороодогу ымыркай,
Таштап салды өстүрбөстөн жетелеп.

Таш боор тагдыр жетпеген бар балага,
Насип кылса бала жыты сага да.
Алакандай кагаз үчүн таштадың.
Күнөөсү жок наристени талаага.

Өлтүрүштү бөлүп жарып жиликтеп,
Ала албай эртенкисин иликтеп.
Көзүн тороп балуу деген кагаздар
Арзыбаган бул дүйнөгө үмүт көп.

Уурдап барып жанын кыйып ойлонбой,
Жүргөндөр бар ээ кыйратып койгондой.
Дал ошондой акмактардын айынан,
Көбү кетти көзүн ачып ойгонбой.

Эмне мынча катуу инсан мүнөзү,
Жылыбоочу муздан кээ бир жүрөгү.
Ойлонбостон азыр мейли жүрсөң да,
Тулку боюң кыяматтын күбөсү.

## МЕКЕНДЕШИМЕ

Кычыраган муз, кар тепсеп таманың,
Искей албай жытын үйдө баланын.
Сөөктү тешкен суукка чыдап аргасыз,
Таңда көрөм илкий баскан карааның.





Азап салды бүгүн, кечээ, өткөн күн,
Турмуштун миң сыноосунда өкчөлдүң.
Күйүт сөөгүң тикен болуп сайса да,
Толкудуң да, кээ бир күнү бөксөрдүң.

Көкүрөккө санаа топтоп миң жылга,
Үмүт жашын алып койгон бир кыйла.
Аман кел деп ден соолугуң тиленип,
Эне күтөт эски үйдүн бурчунда.

Токтоп калбайт жашоо үчүн күрөшүү,
Өң бозоруп өчкөн сулуу гүл өзү.
Назик атын кээде унут калтырып,
Иштейт аял эркек болуп мүнөзү.

Кетилип көкүрөктө жараат дагы,
тагдырдын алып баштан азаптарын.
Мекендеш мекениңе кайтсаң экен,
Өмүрдүн жабылганча барактары.

Мекенге аман эсен кайталычы,
Мезгилдин жабылганча барактары.

## ЖҮРӨК КАЙРЫГЫ

Оо дүйнөмдү ырга салып байыткан,
Сенин менде жалгыз калган элесиң.
Көр дүйнөгө шоола берген жарык таң,
Сен өзгөчө мага кымбат немесиң.

Жүрөгүмө эргүү жагып козгогон
Сүртүп салып дагы үмүт отуңду

Унутаарда үндү сен деп боздогон,
Келдиңби не алыш үчүн өчүңдү.

Жок! Кийирбей, жаба албай кулпулап,
Жаба албай жүрөгүмдүн эшигин.
А жүрөгүм каткан муңдуу сыр турат,
Күткөн сени болсо дагы кечигүүң.

Неге келдиң оо сезимдин эргүүсү,
Мына дагы сен деп ырдайт калемим.
Барагымдан сенин жүзүң көрүнүп,
Ырларыма сени катып келем миң.

* * *

Жек көрө бер мейли кылгын көп кадам,
Алар балким бул замандын талабы.
Жок дебесмин менде да бар көп катам,
Ак көңүлдүк, ишенимдик жанагы.

Балким сага такыр башка туюлаар,
Бир заматта чече салган кечирим.
Жакшылардай жашоо куруп өтөм деп,
Жүрөгүмө жазып койдум чечимим.

Сен таң калба артка эми кайрылбас,
Жакшылардын жолун тандап алганмын.
Тайкы турмуш чеңгелине салдырбас,
Жандар бар да аябаган жардамын.

Адам бойдон өтүү үчүн тырышам,
Кырча тиштеп калбоо үчүн бармагым.







**Советбек уулу Бекболсун**

1998-жылы 7-майда Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Коо-Чаты айылында жарык дүйнөгө келген.

2006-жылы Сагындык Төрөканов атындагы орто мектебине кирип, 2016-жылы кызыл күбөлүк менен аяктаган.

2011–2015-жылдары, Жеңишбек Шамшиев атындагы музыкалык мектепте комуз багытында окуган.

2016-жылы Ош Мамлекеттик Университетинин Орус филологиясы факультетине тапшырган.

2017–2018-жылдары ОшМУинде «Дискуссия» клубунун түзүүчүсү жана өткөзүүчүсү.

2017–2018-ж. Ош шаарынын мэри жана Ош областынын губернатору ыйгарган ардак грамоталардын ээси.

2018-жылы Жаш акындар арасындагы «Ата-Журтум карегим» коңкурсунда биринчи орунду алган.

2019-жылдын февраль айынан тарта, «Академиялык мобилдүүлүк программасына» ылайык Россия федерациясынын Оренбург мамлекеттик университетинин Орус филологиясы факультетинде 3-курста окуп жатат.

Үй-бүлөдө алты бир туугандын кенжеси.

## АТАКЕБАЙ

Атакебай асыл жаным, медеримсиз,
Куч кубатым, аскар зоом, тирегимсиз.
Мен үчүн, кымбат баалуу белегиңиз,
Акыл, насаат, тарбияңыз, кеңешиңиз.

Опол тоодой, маңдай тер мээнетиңиз,
Ташты дагы, жарат кылган эмгегиңиз.
Ар убакта акыл айтып, жол көрсөтүп,
Ар тараптан алга сүрөп, дем бересиз.

Биз деп нечен ирет кыйналгансыз,
Бирде өчүп бирде күйүп тутангансыз.
Азбы-көппү, биз жараткан ийгиликке,
Күбө болуп, дайыма сиз кубангансыз.

Өзүңүз бар бактылуумун азыр чексиз,
Көп инсанга өрнөк болоор ата сизсиз.
Апам менен узак өмүр сүрүүңүздү,
Жараткандан дува кылып биз тилейбиз.

Мен үчүн кымбат баалуу белегиңиз,
Акыл-насаат, тарбияңыз, кеңешиңиз.

## АПАКЕБАЙ

Апакебай бейишимин дареги сиз,
Аалам көргөн көзүмдүн кареги сиз.
Азабымды тартсаң да бүгүлбөгөн,
Асылым аба суудай керегим сиз.

Ай чырайым, айым-күнүм, асманым сиз,
Аягы жок, жазып бүткүс дастаным сиз.
Алыска канат каккан шумкар болсом,
Ак шооласын төгүп турган ак таңым сиз.

Айланчыктап, мээрим төгүп караарым сиз,
"Адам бол" деп, мага дайым айтаарым сиз.





Бейпилдигим күндө менин тилеп турган,
Бейиш жолго карай баскан кадамым сиз.

Апаке дайым ачык болсун кабагыңыз,
Алтын нурун чачып баскан кадамыңыз.
Берекесин төгүп турган сиздей жандын,
Бейиш төр деп белгиленген таманыңыз

## БИЛГЕНИМДЕ

Башта кана баарысын сезгенимде,
Байкаганда мынчалык болбос эле.
Азаптардын деңизине чөмүлбөсмүн,
Бүт кылыгың эртерээк билгенимде.

Ойлобогом өрт коёруң сезимдерге,
Ойлогондо жол бермек белем эмне.
Такыр сени жүрөгүмө жолотпосмун,
Туруксуз жан экениң билгенимде.

Жан белең кызыккан өң-келбеттерге,
Жан дүйнөнү болсо койгон экинчиге.
Чыкпайт элем бирге сүйүү сапарына,
Жолдон артка кайтарыңды билгенимде.

Ак сүйүүгө кыянаттык кылдың неге?
Айтып жалган кирип алып ишеничке.
Бир да секунд жаныңда болбос элем,
Берген убадаң жалганын билгенимде.

## ЖАКШЫЛАР БАР ЖАШОО ӨЗҮ КЕРЕМЕТ

Эх жашоо, бирде укмуштай сезилет,
А кез–кезде душманыңдай кекетет.
Көңүлдөрдү бирок, көккө көтөргөн,
Жакшылар бар, жашоо өзү керемет.

Жан дүйнөсү мөлтүр тунук булактай,
Жүздөрү нур, а мүнөздөрү сонун ай,
Жүз жылдарга жашартуучу сөздөрү,
Жакшылар көп бул өмүрдө укмуштай.

Жамандык ойлордо жок болсунчу,
Жалпы пенде дүйнөсү ток болсунчу.
Жаратканым каалоорубуз биз өзүңдөн,
Жакшы адамдар дүйнөдө көп болсунчу.

## РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВГО

Улуу элдин жашайсың жүрөгүндө,
Ырдын пири Рыспай түбөлүккө.

Жыйырма беш жыл мындан мурун,
Ырайы суук шум ажалдын айынан,
Жүрөктөрүн арбаган жалпы элдин,
Ырдын пири Рыспай дүйнө салган.

Ар бир ыры жүрөктөрдү арбаган,
Ыр обондун асманында ай болчу.
Ошол кезде бир да наам бербеген,
Акыйкат бийликте эч жок болчу.





Көзү тирүү мезгилинде барктабай,
Өлгөн соң бекер го дейм мактамай.
Жашайт бирок, элинин жүрөгүндө,
Ырдын пири, улуу талант Рыспай.

Унутулгус улуу эмгек кылып койду,
Абдан кең, искусство ааламында.
Улуттук аспап кылып койгонсуду,
Аккордеон, баянды билген жанга,

Күлкү, сүйүү, махабат бактысын да,
Кайгы, күтүү, күйүттүн, азабын да,
Катып, айтып кеткендей түбөлүккө,
Касиеттүү обон менен ырларында.

Улуу элдин жашайсың жүрөгүндө,
Ырдын пири, Рыспай түбөлүккө.

## АЛАЙКУУМ

Касиетиңе эсеп жетпейт санашка,
Көзү тойбос коздугуңду карашса.
Көркөмүңдү баалабайын кантип мен,
Көптөр сени кыялданып самашса.

Кең Алайкуум, элдин камын жеп келээр,
Көрүп барган, жер бейиши деп келээр.
Канбай улам, ичкен сайын тамшанткан
Кыргызстанда кымыз борбор билсеңер.

Көкмөк болуп тунуктугу укмуштай,
Кыялданып турган өңдүү унчукпай.

Кулун Ата, көлүм турат ар дайым,
Кылыктана карап элге жымыңдай.

Калп деп ойлоор кээ бирөөсү укканда,
Калпы болбойт бирок, тарых айтканда.
Алай–дүлөй «солк» дей түшкөн Москва,
Алайкуумдан былк эткен үн чыкканда.

Кара Туума, Манастын ээри зоолоруң,
Көк шиберлүү жылга колот тоолоруң.
Алайкуум деп тыным албай дайыма,
Алып жөнөйт ар күн сайын ойлорум.

Кашка-Суу, Терек, Казык жайлоолор,
Кайың, арча, карагай жыш токойлор.
Бар өңдөнөт укмуштуудай сыйкырың,
Булут сындуу сен деп учат бүт ойлор.

## АЗ

Сүйүмүш болгондор көп, сүйгөндөр аз,
Күйүмүш болгондор көп, күйгөндөр аз.
Акыйкатты көрүп туруп анан дагы,
Ашырып мактаган көп, сындаган аз.

Ыймандуу жүргөндөр көп, болгондор аз,
Ак жолду билгендер көп, баскандар аз.
Ата-эне насаат кебин кулак төшөп,
Арман эй, уккандар көп, тыңдаган аз.

Улууларды сыйлаган кичүүлөр аз,
Кичүүлөрдү ызаттаган улуулар аз.





Сырты сулуу болсо да аттиң бирок,
Жан дүйнөсү, жүрөгү сулуулар аз.

Барчылыкка кутурган көп, тоюнган аз.
Басынтып сүйлөгөн көп, коргогон аз.
Башына түйшүк түшкөн кез болбосо,
Бири-бирин тааныган көп, эстеген аз.

## АДАМЧА ӨМҮР СҮРҮП КЕТЕЛИЧИ

Ар адамдын айткандарын тыңдайлычы,
Арам ойго жетек болуп баспайлычы.
Азыноолак ийгиликке жеткен кезде,
Алдын тосуп, буттан чалып жыкпайлычы.

Акыйкат сөз сүйлөөдөн талбайлычы,
Ак караны аңдап билип ылгайлычы,
Абийир, намыс, ыйманды унуткарып,
Акмакчылык, айбанчылык кылбайлычы.

Акча байлык мансап үчүн жүгүрбөйлү,
Амал берем десе алдына жүгүнбөйлү.
Алдамчылар, амалкөйлөр айткандарга,
Адамдар эй ишенбейли сүйүнбөйлү.

Алар, элдер эмне дейт дебейличи,
Акыретти, өлөөр күндү эстейличи.
Ааламга адам болуп жаралган соң
Анда адамча өмүр сүрүп кетеличи.

## БИР ӨЗҮҢДҮ СҮЙӨМҮН

Жаркыраган жылуу тийген күнүмдөй,
Жазда чыккан байчечекей гүлүндөй.
Элесиң чыкпайт кыйнап эсимден,
Жүрөмүн минтип улутунуп, түңүлбөй.

Ишенип кой бир өзүңдү сүйөмүн,
Жылуу сөзүң жүрөгүмө түйгөмүн.
Жүрсөм деп түбөлүккө сени менен,
Күнү-түнү көп ойлонуп жүдөймүн.

Дайым чыкпайт көзүмдө элесиң,
Уктаганда түшүмө кыйнап киресиң.
Көп ойлонтуп, санаага батырып,
Карек менен кошо айланып келесиң.

Кел тарталы табийгаттын ысыгын,
Көрөлүчү бул жашоонун кызыгын.
Көрсөтпөстөн катып сени алайын,
Көрө албас көздөрүнө тагдырдын.

## БАЛАЛЫГЫМ

Балдай таттуу эх менин балалыгым,
Баркын билбес дүйнөнүн чалалыгым.
Үстү башым чаң болгон менен бирок,
Жан дүйнөмдө кирим жок тазалыгым.

Ал убактар дале эсимде эркелигим,,
Байоо мүнөз, тыным албас тентектигим.





Эч нерседен капарсыз ойноп жүргөн,
Эстен чыкпайт балалык мезгилдерим.

Анда сүйүү, окуу, ишти билбегенмин
Өмүр кыска же узагын билбегенмин.
Момпосуйга алданган берип койсо,
Ал учурда керемет бир жан элемин.

Азыр эмне таптакыр башка баары,
Ал мезгил кайрылбай артта калды.
Анан да калган өңдүү келбес болуп,
Атыр жыттуу, балалыктын аурасы.

## ЫЙЫКТАРЫМ

Ата-энем, бир тууганым ыйыктарым,
Ай-күнүм, жанып турчу жылдыздарым.
Аз күндүк кудай берген жашоомдогу,
Алмашкыс, табылгыс байлыктарым.

Ар убак сыймыктанчу асылдарым,
Акыл, кеңеш айтчу жакындарым.
Ак жолго салып турчу ар качанда,
Аска-зоом, тирек болчу адамдарым.

Жароокер, боорукер жакшыларым,
Жайнап өскөн бейиштеги гүлдүү багым.
Жан эргитет силер барда укмуштуудай,
Жашоомдогу атырган ар бир таңым.

Өзүңөр менен татам бакыт даамын,
Өзүңөргө ыраазымын чексиз дайым,
Сиздер бар турат деймин өзгөрбөстөн,
Өсүп турчу төрт мезгил сүйүү багым.

## БИР КҮН

Душман деп мени атчуулар чыгаар,
Далыман бычак сайчуулар чыгаар.
Оюлган жердин түбүнөн бир күн,
Калк деген ойлор оргуштап чыгаар.

Чындыкты айтсам уккандар чыгаар,
Чыркырап чындык айткандар чыгаар.
Катылып жаткан акыйкат бир күн,
Жанар тоо болуп жарылып чыгаар.

Түлкүлөр бүгүн утушкан чыгаар,
Түркүгү жашоо болгондой сыңар.
Билишсе экен баары бир күнү,
Сурак күн келээрим билсин.

Эзелтен бери чындыкты айткан,
Эх айтып бирок азабын тарткан.
Азыр дагы ошол көрүнүш эле,
Акыйкат деп көбү абакта жаткан.

## СИЛЕР ҮЧҮН ТҮГӨНБӨГӨН КАРЫЗЫМ БАР

Жыпар жыттуу аңкыган жазымсыңар,
Жашоомдогу гүлдөп турчу багымсыңар,
Жүзүңөрдөн жылмаю кетпесе экен,
Жаркыраган асмандагы жылдыз сымал.

Жан сүйгөн аптаптуу жайымсыңар,
Жайнап өскөн жоогазын гүлү сыңар.





Мен үчүн бийиксиңер кол жетпеген,,
Көк тиреген Тянь-Шань тоосу сымал.

Күркүрөгөн токчулук кез күзүмсүңөр,
Көңүлүмдө өсүп турган гүлүмсүңөр.
Көкүрөктө жайгашкан сулп эттеги,
Толкунундай деңиздин сүйүүмсүңөр.

Аруулук бар татынакай кышымсыңар,
Акындардын эңсеп жазган ырысыңар.
Көп аракет кылсам дагы эмгектенип,
Силер үчүн түгөнбөгөн карызым бар.

Көп аракет кылсам деле эмгектенип,
Силер үчүн түгөнбөгөн карызым бар.

## ЭНЕ ТИЛИҢ УНУТПА

Кыргыз элим ыргалса да желегиң,
Кысынтууда тилин улуу элимдин.
Кыргыздарым “киргиздерге” айланып,
Кордолгону жүрөк эзет тилимдин.

Улут улуу тили менен билсеңер,
Улуу тилдин улуулугун сезсеңер.
Кыргыз тилин унутушкан эрендер,
Маңкурт эмей деги өзү кимсиңер?

Сүйлөгүн мейли аңглисче, орусча,
Кааласаң немец же грузин, кытайча.
Бирок билгин бир нерсени замандаш,
Баардык жерде эне тилиң унутпа.

Эне тилдин келечегин ойлономун,
Тилейм аны, эч бирөө кордобосун.
Элимдин кымбат тилин унутушкан,
"Киргиздерге" эч кимиң жолобогун.

Ким сактап даңктай алса өз тилин,
Барктай алат бөтөн өлкө тилдерин.
Маңдайынан жылдызы жанып турат,
Эне тилин ыйык баалай билгендин.

## ЭЛ СҮЙГӨН ҮНҮҢ ЖОК БҮГҮН...

*КРнын эмгек сиңирген артисти,*
*ырчы, обончу Ж.Шамшиевке*

Улуу талант, урматтуу обончу элең,
Ыраазымын сизди тууган энеге мен.
«Толгонуу», «Таарынбаңды» уккан адам,
Өзүн көрөт ыр обондун бейишинен.

Билем азыр, сиз жоксуз бул дүйнөдө,
Бирок жашайт, ырың элдин жүрөгүндө.
«Карагым келет», «Кубандырчың» укканымда,
Элестейсиң, тартылып сен көздөрүмө.

Алып кетип ажал кургур өмүрүң,
Эл сүйгөн арген үнүң жок бүгүн.
Арга таппай ар жылында ушинтип,
Эскеребиз эмгек, ырың өзүңдүн.

Ырларыңда ата-эне бар, жериң бар,
Ырларыңда азап, кайгы, күтүү бар.
Уккан жандар ар убакта арбалаар,
Кубанычтуу, кайгылуу да сүйүү бар.





**Абдыкерим кызы Айдана**



1999-жылы 5-майда Ош областына караштуу Чон-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. 2005-жылы ошол эле айылдын Алайчы уулу Саит атындагы орто мектепке кирип, 2016-жылы аяктаган. Ошол жылы Ош Гуманитардык-педагогикалык институтуна тапшырган. Учурда кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча 3-курста окуйт. «Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү.

## ЧЫН ЭЛЕ НЕГЕ?...

*(аңгеме)*

Күүгүм. Асманды ала булут каптап, айлана түнөрүп турат. Тып... көз жаш тамып кетти. Тып...тып...тып...жамгыр да төгүп кирди. Тамчылар аралашып кетти. Бирөө ысык, бирөө муздак...

Түн. Чоң жолдун четинде катар жайгашкан жол чырак көгүлтүр шоола чачып, улам өчүп күйүп жатат. Көчө тыптынч. Кийимдери суу болуп шөлбүрөгөн жалгыз караандан башка көзгө илинер жан жок. Бул караан кыз эле...

Дайымкыдай бир калыпта жарык чачпай, бат-бат өчүп жанган жол чыракка кыздын апакай жүзү чагыла калып, бул көөдөй кара түндүн бир аз да болсо ажарын ачып тургансыйт. Дагы эле токтобой төгүлгөн жамгырдан улам тизеден ылдый суу болгон көйнөгү менен үшүгөнүнөн калтырап баратса да, негедир жай кооз басыгынан жазбай, жүзүн ылдый каратып ыйлап баратат... жамгыр менен тең жарыша төгүлүп баратат... Үлбүрөгөн назик эриндери бек

кымтылып, жүрөгү туйлап лак-лак согот. Кайда бараарын билбегендей максатсыз, кайдыгер кадам шилтейт. Оюнда бир гана суроо; «Бул чын эле чындыкпы?» анан бир гана тилек «Мунун баары түш, тек гана түш болсунчу... Ойгонуп кетсем экен... «Кайрадан кармана албай өксүп-өксүп ыйлап, өз суроосуна өзү жооп бере албай кыйналат. Көөдөнүндөгү кайгынын баарын ый менен жууп кетире тургандай бирде ыктытып, бирде үнсүз шолоктойт.

Басыгы жайлап, чоң жолдун бурулушунан бурула берээрде капысынан катуу келе жаткан машина аны коюп кете жаздап, тык токтоду. Болгону эки кадам... Ажал ага эки кадам жетпей калыптыр.

Корккондунан жүрөгү оозуна тыгылган шофёр ага жакындап келип, бир нерсе демекчи болгондо машинанын жарыгынан кыздын купкуу алсыз өңүн көрүп аяп кетти. Анан аны акырын сүйөй машина, салды да жүзүнө дагы бир жолу үңүлдү. Кыз эч нерсени сезбегендей көздөрү жансыз ирмелет, кудум робот сыяктуу...

Машина түз эле ооруканы көздөй бет алды. Ансыз да бул машинанын ээси апасы катуу ооруп, ооруканага бараткан. Ылдамдыкты күчөтө айдап келе жатканы да, мына ушундан. Азыркы коркунучтуу окуядан кийин гана, мурдагыдан бир аз басаңдаткан. Ооруканага жетип эле оорулууларды ичкери жалгыз алып кире албастыгын билип, медайымдарды чакырып чыкты. Эки медайым кызды сүйөп, бала апасын так көтөрө ооруканнын бөлмөсүнө алып кирип кетишти. Оорулууларды жайгаштырып болгон соң бала узун каридордо жалгыз калды. Негедир жүрөгү уйгутуйгу, бир жерде тура албай ары-бери басат. Жашы эми жыйырмадан өтүп калганына карабастан, өзү да, көздөрү да чоң кишилердей токтоо. Жашоо аны көп жолу мүдүрүлтүп, кайра тургузганы кабагындагы тик ылдый түшкөн сызыктан даана байкалып турат. Азыр да кабагы чытылып, өңү кубарыңкы. Ичинен апасынын өмүрүн тилеп, жаратканга кайра-кайра жалынып жалбарат. Чынында апасыз ал, жашоосун да келечегин да элестете албайт. Бул жашоодогу жападан жалгыз тиреги да апасы. Кайрадан мурдагы эстегиси келбеген кызыктай сезимдердин туткуну болгусу келбейт.Жок, жок...ал күндү эч эстегиси жок. Эстесе эле башына кимдир бирөө союл менен бир чапкандай катуу ооруп, кулагы чуулдап, кан тамыры көөп чыгат. Жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй тез-тез согуп, көңүлү караңгылайт. Күйүк жыттанган айылды, күйүп бүткөн үйлөрдү анан бүт денеси күйгөндөн таанылбай калган атасын, бир туугандарын, дегеле эч бирин эстегиси жок...





Көп жолу бул кырсык болбогондо азыр кыялданган нерселердин баары көз алдымда болмок деп кыялданчу. Жүк ташуучу самолёт булардын айылында авария болбогондо, үй бүлөсү бүтүн, дүнүйөсү түгөл болмок. Ошол күнү таң атаары менен апасы жумушуна, өзү мектепке барууга даярданып, үйдө уктап жаткан атасын эки кичинекей инилери менен таштап чыгып кетишкен. Анан көп өтпөй эле жүк ташуучу самолёт булардын айылында кырсыкка учурап, айылдын тең жарымы, өрттүн кучагынан бошоно албай кала беришкен. Жүрөгүнө бекем из салган ошол каргашалуу күн, ал үй бүлөсүн эң акыркы жолу көргөн күн болгон экен.

А азыр оюнда бир гана апасы, апасы бар үчүн дүйнө дагы да кооз, жашоо кызыктуу. Эгер азыр андан «Сен үчүн бакыт эмне? – деп сураса токтолбостон «Апамдын жашап жатканы, апамдын ар бир дем алганы» – деп жооп берээр эле. Анткени ал үчүн апасынан кымбат эч нерсе жок. Апасы анын үй-бүлөсү, анын жашоосу, апасы анын бактылуу келечекке умтулган, түркүн түстүү дүнүйөсүн башкы каарманы.

Ары-бери басуусун токтотуп, оорулууларды көргөнү келгендер олтуруучу орундуктардын биринде дагы эле ойго чөмүлүп олтурду ал. Жанагы жолдон ала келген бейтааныш кызды таптакыр эсинен чыгарган. Кокусунан ийнине тийген салмактуу колдор аны катуу чочутуп ийди. Башын өйдө көтөрүп бою сөлдөйгөн, орто жаштагы салабаттуу кишини көрдү. Киши аны теше тиктеп, бактылуу жылмайып туруптур. Көптөн бери уйку көрбөгөндөй көздөрү чарчаңкы. Кабагы карыш салынган аны таңдана карап

– Сени кантип алкаарымды билбей турам. Азыр жөн гана рахмат деп турайын. Убак сааты келгенде жакшылап рахмат айтам – деди чын дилинен жылмайып.

– Эмне үчүн, – деди эч нерсени түшүнбөгөн абалда бакырайган көздөрү менен алая карап.

– Кандайча эмне үчүн, мен сен бул жакка алып келген кыздын атасы болом, – деди аны өтө маани берип тиктеп.

– Аа анын абалы кандай экен? эми гана кыздын алсыз купкуу өңүн эстеп кетти.

– Жакшы. Жамгырдан өпкөсүнө бир аз суук тийип калыптыр. Ал да бат эле айыгат деди доктур.

– Өпкөсүнөн башка баары жайында бекен. Мен ага эч нерсени билбеген нес абалында жолуккам.

– Ооба болгону өпкөсү гана жабыркаптыр. А нес абалында дегениңдин чындыгы бар. Кечээ уулум, анын болсо жалгыз бир тууганы каналга чөмүлөм деп... киши мукактанып, сөзүн улантталбай койду. Көзүнөн ылдый аккан жаш сакалына барып сарыгып, муундары калчылдап кетти. Баланын жүрөгү бир булкуп алды да эстегиси келбеген эски жашоосу көз алдынан тизиле өтүп жатты. Башы катуу кысып, дем жетпей баштады. Жашка толгон көздөрү менен баладан өзүн жубатуучу сөз күтө караган киши, баланын бул абалынан коркуп кетти





– Эй сага эмне болду балам. Бир жерин ооруп атабы? – деп күйпөлөктөй түштү. Бала колун жүзүнөн алып

– Жок, жөн гана уктабагандан го башым бир аз зырылдап кетти – деди жылмаюуга араң жарап.

– Аа анда үйүнө жөнө балам, эс ал. Менин кызымдын абалын билүү үчүн олтурсаң керек бул жерде.

– Аа жоок, апам бар байке апамды күтүп олтурам.

– Апаңа эмне болду эле?

– Жүрөгү ооруйт байке, айыгып кетсе экен...

Таң атты. Тоодон башын көтөргөн күн түз эле кыздын терезесине нурун чачты. Кыз күн нуруна чукуранып алып, араң көзүн ачты. Бүт денеси жанчылып калгандай, жаны жер тартып калыптыр. Ооруксунуудан бети башын бырыштыра айлана тегерегин жай карап чыкты да оорукана экенин билди. «Эмнеге бул жердемин» өзүнө өзү таң кала суроо узатты. Анан өз суроосуна өзү жооп катары кечээги кайгылуу күндү эстеп кетти. Көздөрүн кайра жумуп жиберип, минтип шыбырады «Мунун баары түш, мунун баары түш... «Бирок дагы да инисинин каза болгонун угузган таякеси, чанырган апасы, өзүн тең салмактан жоготуп таңдай түшкөн атасы көз алдына тартыла берди. Өзү болсо башы кеңгирей түшүп, ишенгиси келбей башаламан чуркап жөнөгөнүн, жамгырдын шатырап жаап жатканына карабай баш оогон жакка басып баратканын эстеди». Мен эми эми эмне кылам? Жашоодогу жалгыз бир тууганымдан айрылдым, эми кантем... кантип бул жалгыздыкка көнүп кете алам?. «Анын мээсин миң сан ойлор ээлеп, жан дүйнөсүндө кандайдыр бир боштук пайда болду, өзүн бул дүйнөдө жападан жалгыз калгандай сезди. Бирок бул жакка кантип келип калганы такыр эсинде жок...

Бири-бирине сүйөнө уктай кетишкен экөө адамдардын добушунан ойгонуп кетишти. Ооруканада жумуш күнү баш-

талып, адамдардын агымы көбөйө түшүптүр. Экөө бири-бири менен амандашып өз жакындарын көрүү үчүн эки башка бөлмөгө бөлүнүп кетишти.

Бала медайым берген аппак халатты желбегей жамына апасы жаткан бөлмөгө кирди. Апасы керебетте чалкасынан жатып, терезеге телмире тиктеп туруптур. Уулу бет маңдайына жакын келгенде гана ага тигиле карады.

– Кандайсыз, апа – деди баласы апасынын нурдуу жүзүнө колун коё жылмайып.

– Жакшымын балам. Бүгүн өзүмдү өтө жакшы сезип турам, – деп апасы да назик жылмайды

– Ушу сөзүңүздү күндө айтынызчы апа. Ар күнү угайын сизден.

– Болуптур балам, – эне жүзүндөгү баласынын колун өөп койду. Анан бир нерсени эсине түшүрө калып,

– Балам кечээги кыз эмне болду? Кечээ өзүм менен өзүм болуп анын абалын баамдай алган эмес элем, – деди

– Жакшы экен апа. Өпкөсүнө бир аз суук тийиптир.

– Сен ага качан жолуктуң?

– Жолукпадым апа, атасы айтты.

– Ай жолукпаганың эмнең? Бар балам, барып жолугуп кел. Бала апасы менен дагы да сүйлөшүп отурбаганына кыйыла түшүп, сыртка чыгып кетти.

Кыз коңшу бөлмөгө жаткырылган. Бөлмөнүн эшигинен баш баккан бала, ыйлап эми сооронгон кызды, сооротуп аткан атасын көрдү. Кыз менен атасы сөздөрүн токтотуп, баланы карап калышты.

– Кандайсыздар, – деди бала, сүрдөнө түштүбү үнү каргылдана араң чыкты.

– Жакшы кел балам. Кыздын атасы жанына чакырды.

– Мына, менин кызым жакшы болуп калды. Бул агаңа рахмат айт кызым, сени бизге ушу агаң таап берди деп кызына күлө карады.





– Рахмат ага, – деди кыз жөтөлгүсү келип аткандай демиге түштү анан жөтөлө кетти.

– Айыгып кет карындашым, – деди да ооруганынан көзү алая түшкөн узун кирпиктүү назик кызды аяп кетти.

– Силер биздин шаарчада жашайсыңарбы? – деди атасы.

– Ооба 3 жыл болду.

– Аа жакшы. Апаңдын абалы кандай экен.

– Жакшы экен байке.

– Ошондой эле болсун балам. А баса мен силерге чай апкелгенче үйдөгүлөргө кабар берейин. Сен кызым менен олтуруп тур, – деди да шашыла сыртка чыгып кетти.

Бала кызды бир карап алып.

– Атын ким? – деди.

– Нурай.

– Меники Максат. Кыз үнсүз жылмайып койду да, ойлуу боло түшүп

– Канча бир туугансыз? – деп өзүнүн да, баланын да жарасын тырмай суроо узатты.

– Жалгызмын, – деди, башын жерге сала

– Мен дагы канча карманса да болбой, көзүнөн мөлтүр жаштар тамып кетти.

Арадан бир аптага жакын убакыт өттү. Бул убакыт Максат менен Нурайды бир топ жакындатып койду. Анткени ошол күндүн эртеси эле Нурай менен апасы башка бөлмөгө чогуу которулган. Ар күнү апасынан кабар алганы келгенде Нурай менен да бир топко баарлашып кетет. Булардын жан дүйнө жакындыгы экөөнүн тең тагдырынын окшоштугунда болду. Экөө тең бир туугандарынан ажырап, жалгызсырап калган. Бир жолу Максат Нурай менен сүйлөшүп отуруп, дилиндегинин баарын айткан. Өз тагдыры менен кызды жубаткан. Нурайга «Адам кайсы бир күнү сөзсүз топуракка көмүлөт. Болгону бул нерсе бирөөнүн бешенесине

эрте жазылса, а бирөөнүкүнө кеч жазылат. Бул табигый көрүнүш. А биз тирүүлөр өлгөндүн артынан өлбөгөн соң, алар үчүн кыйналуунун мааниси жок. Аларды жөн гана жакшы эскерүүлөр менен эстеп, жүрөгүңдөн өчүрбөй жүрсөң, мына ошол жетиштүү» – деген эле. Анын сөзүнүн таасири Нурайга абдан чоң болду. Ал мурдагыдай бир тууганын эстеп кыйналбай, ыйлабай да калды.

А Максаттын апасы Нурайдын баскан турганы, кылык жоруктарына, ичи элжиреп жакшы көрөт. Анын өзүнө күйүмдүүлүгүн, элпектигин көрүп, бул дүйнөдөгү кыз деген жандын баарын жакшы көрүп кетээр эле. Өмүрүндө кыз торол кыздын апасы болбогонуна бир туруп өкүнсө бир туруп» Нурай өз кызым эмеспи. Максат менен да ынак. Кудайым Максат экөөнүн тагдырын бир кылса экен» деп ичинен күндө тилейт эле. Бул тууралуу бир жолу Нурайдын атасы менен талкуулай кеткен.

– Кээде отуруп кудай бизди бекеринен жолуктурган эмес го деген ойго келем. Сенин кызың менен менин баламды да кудай бекеринен жолуктурбаса керек.

– Балким деген Нурайдын атасы. Балким экөөнүн тагдыры бирдир. Эгер ошондой болсо мен чын дилимден кубанат элем. Жалгыз уулумдан айрылсам да сиздин балаңызды өз уулумдай жакшы көрөм. Аны жакшы билбесем да жүрөгүмө жакын. Адамгерчилигин, эркектик мыкты сапаттарын баалап, аны жалгыз бой өстүргөн сизге ыраазы болуп кетем.

– Мен дагы Нурайды өз кызымдай жакшы көрөм.

– Мен дагы – деген Максаттын апасы экөөнүн оюнун бир чыкканына ичи жылый.

– Туура айтасыз – деп кала берген Нурайдын атасы.

Нурайдын көп нерсени жакшы түшүнүп, бир тууганын жоготуудагы кайгысын унутууда Максаттын салымы чоң болду. Оорукандан чыкканына бир айдын жүзү болсо да





Максат менен кээде жолугуп, анын ар бир айткан акылын көңүлүңө бек түйүп жүрдү. Максат ага тек гана карындашындай мамиле жасайт. Нурай да башында агам катары гана жакшы көрөм деген менен, күн өткөн сайын бул сөз өзүнөн өзү жок болуп кетип жатты. Күндөн күнгө Максат анын жүрөгүнүн түпкүрүндөгү аруу сүйүүсү болуп баратты.

Максат да анын көздөрү жалжылдап, акылдуу карагынын жакшы корчу. Экөөнүн жаш айырмачылыгы эки жаш болсо да, ал аны ар дайым «карындашым» деп сүйлөчү да, экөөнүн ортосундагы бири бирине билдирбеген сүйүүнү ушу сөзү менен жаап жашырып турчу.

Экөө дайыма Нурайдын үйүндө, же болбосо Максаттыкында жолугушчу. Анткени булар үй-бүлөлүк катыш түзүп, Максат менен Нурай эле эмес алардын ата-энеси да жакын болуп кетишкен. Максат университетте сырттан окучу. Шаарчада апасы экөө дүкөн ачып, ошону менен алектенчү. А Нурай болсо мектепте акыркы жылын окуп жүргөн. Максат апасы менен дүкөндө күндүзү гана иштейт. Түнкүсүн иштөөгө башка сатуучу алышкан. Ошондуктан кээде жумушунан чыгып эле Нурайдын үйүнө барып, атасына кол кабыш кылышчу. Нурай дагы апасы экөө Максаттардыкына тез–тез каттап, жакшы мамиледе эле. Булар жолукканда өздөрүнчө сүйлөшкөнгө дайыма ыңгайлуу жай таап алышчу. Апалары чай үстүндө кызуу кепке кирип кетишкенде бул экөө башка бөлмөгө кирип сүйлөшүп олтура беришчү. Нурай Максатты мурда жөн гана жакшы көрсө күндөн күнгө жакшы көрүүдөн да күчтүү сезим жүрөгүндө алоолоп жанып баратканын сезе баштады. Ал үчүн Максаттай жылдыздуу жан дүйнөдө жок. Анын бир аз бүтүк жылдыздуу көздөрүн курч көз карашын жактырчу. А баса анын колдору...аны менен учурашканда колдору дайыма жыпжылуу болуп, бакыттын учкуну сыяктуу үшүгөн колдорун гана

жылытпастан анын жылуулугу жүрөгүнө сүйүү болуп чогулуп, анан кыпкызыл чоктой болуп бетине чыкчу. Максат дагы кыздын тыкан жүрүм турумуна, сүйкүм көз карашына арбалып бараткан, бирок бир окуя кийин Максатты түп тамыры менен башка адамга айлантты да калды.

Дагы эле баягыдай жолугушуу. Аны бир кароого зар болгон сүйкүм каректер кайдыгер тунт каректерге чагыла түшөт да, анан заматта сүйкүмдүүлүгүн жоготуп, түнт боло түшөт. Муну өзү билет. Бирок билген менен кайрадан сүйкүм көздөрдү жарата албайт. Себеби тиги түнт тарткан көздөр бир кездегидей бул сүйкүм көздөргө суктанбай жек коро тиктейт. Ошон үчүн өзүнө окшотуп алат. А өзү болсо эч качан сүйкүмдүү боло албайт. А кыз болсо, качандыр бир кезде бул көздөр мурункудай жылдыздуу болооруна ишенет. Ошон үчүн ал баарына кайыл, анын тунт каректерине да, кайдыгер мамилесине да. Бир гана нерсе Максат бир кезде өзүн кайгыдан кандай куткарса, ал да аны ошентип куткарып алгысы келет. Бирок.

Кокустук. Максаттын эң жек көргөн сөзү ушул. Күндөгүдөй эле бир жакшы жүргөн апасы кокусунан жүрөгү кармап, оо дүйнө кетти. Максат муну өтө оор кабыл алды. Ал үчүн дүйнө астын-үстүн боло түшкөндөй, жашоонун бир да кызыгы калбагандай болду. Көпкө өзүнө келе албай жүрдү да, таптакыр башка адам болуп чыга келди. Өзүмчүл болуп, жашоого болгон көз карашы өзгөрдү. Нурайды мурдагыдай жанына жакын тутпай, тескерисинче андан өзүн алыс кармап ага болгон мамилеси да өзгөрдү. Бирок мунун себеби аны жактырбай калганында эмес, такыр башкача эле.

Кенен бөлмөгө күңүрт жарык чачкан кичинекей лампалуу чоң асма шам ачык терезеден кирген шамалга ыргала түшүп, кайра өзүнө келди. Далысына түшкөн тармал чачын шамал канчалык назик желбиреткенине карабай ичирке-





не түшкөн кыз, терезени жабууга ашыкты. Сыртта түнкү тынчтык орун алып, шамалдын шуулдаганы гана угулат. Көптөн бери маанайы жок Нурайдын бүгүн да маанайы суз. Нурайга кошулуп ата–энеси да, көптөн бери убайым тартып жүрөт. Ойлогону бир гана Максат. Азыр да терезеге телмире тиктеп, аны ойлоно кетти. «Эмнеге мен анын кайгысын унуттура албай койдум. Эмнеге? Эгер ал мени мендей сүйгөн болсо анда баарын унутмак беле? Ал мени сүйбөйт демек. А мен азыр бир гана аны деп жашап калгандаймын. Ыйласам да ал үчүн ыйлайм, жиним келсе да ал үчүн, керек болсо күнү бою аны гана ойлоном. А бирок эмнеге мен ага өзүмдү сүйдүрө албай койдум? Эмнеге мен аны аны кайрадан мурункудай болуп жашоосуна себепчи боло албай койдум. Чын эле, неге?

Максат үйдөн чыкканда таң атууга жакындап, аба бир башкача таптаза болуп турду. Шаарчада анча мынча эле үйлөрдөн жарык бүлбүлдөп, жымжырт. Абадан кере дем ала, кериле кетти. Бир нерсени эстей түшүп, жүрөгү мыкчыла түштү. Ал бүгүн, дагы бир эң кымбат адамын түбөлүккө таштап кетип жатат. Бул адам өмүрүндөгү эң биринчи, жана эң акыркы сүйгөнү Нурай эле. Ага деген сөздөрү жүрөгүндө толуп чыгыптыр. Бирок эми бул сөздөрүн ага айталбайт. Ичинен аны менен сүйлөшүп да, коштошуп да жатты. «Кечир Нурай. Кечир сүйгөнүм. Сени таштап баратам. Бирок сен акылдуу кызсын да, мен мурда айткан сөздөрүмдү эстеп, бир тууганыңды унуткандай мени да унутууга аракет кыл. Себептерин айталбадым Нурай, кудуретим жетпеди. Мен ушундай бир түшүнүксүз адамга айландым. Мен үчүн бир адамды жүрөгүмө жакын алуу да азаптуу сезимге айланды. Сен өзүңдү мени жактырбайт деп ойлоп жүрсөң керек. Бирок бул мындай эмес, чындык менин жүрөгүмдө. Сен аны эч качан көздөрүмдөн окуй албайт болчусуң. Мен азыр

сен эле эмес, өзүмдү өзүм түшүнбөгөн абалдамын. Мен эми бир гана жалгыздыкты сүйүп, өмүр бою жалгыз өтөм. Себеби жогото турган эч нерсем жок, жан дүйнөм тынч абалда болуусун каалаймын. Сени ойлобой койду дебе, мен сени көп жолу ойлондум. Бирок акыркы чечимим ушу болду. Кечир сүйгөнүм» – деди да машинасына олтуруп, бул шаарчаны, Нурайды таштап, биротоло кетти. Буга чейин жакындары аны таштап кеткен болсо, бул жолу ал таштап кетип бараткан. Жүрөгүндөгү эң акыркы жана эң кымбат адамын өзү таштап баратты.

## БӨТӨН ДҮЙНӨДӨГҮ БИР САПАР.

*(аңгеме)*

Таң эрте башталган жамгыр түш оop аран токтоду. Биз досум экөөбүз сабактан чыгып, бүгүнкү жамгырдын аруу тамчысына жуунган, кеч күздүн түркүн-түстүү, татынакай дарактарына суктанып, үйдү көздөй жөнөдүк. Жолубуз бир болгондуктан, биз ар күнү мектепке чогуу барып, чогуу кайтабыз. Азыр да күндөгүдөй эле экөөбүзгө гана тиешелүүдөй туюлган, түрмөк жиптей чубалган, ийри-буйру тар жолдо чогуу бараттык. Өзүбүздү эркин сезип, балалык аруу жүрөгүбүз менен тандаган жолдо өзүбүздүн бир башкача дүйнөбүзгө сүңгүдүк. Биз үчүн бул жолдун мааниси өтө чоң эле.

Экөөбүздөн башканын баары мектептин сол тарабындагы асфальт жол менен каттаса, биз ал жол менен үйүбүзгө каттачу эмеспиз. Анткени бир жагынан ызы-чуу түшкөн окуучулардан жадасак, бир жагынан машиналардын тынымсыз агымы досум менен менин, эң бир таттуу, эң бир кызык ангемелешүүбүзгө жолтоо болоор эле. Ошонусу үчүн жолдун узундугуна карабай эки тарабын жыш өскөн чычыр-





канактар, кайың, теректер курчаган ийри-буйру тар жолду тандаганбыз. Мага айрыкча ушу жолдо акылы зирек, ар тараптан терең ойлоно билген досум менен, ар кайсы темада кызуу кеп куруп баратканыбыз абдан жагат. Экөөбүз ангемелешкен учурда мен үчүн, менин досум, менден бир топ акылдуудай сезилчү да, анын ар бир сөздү терең ойлонуп айтканы ар убак мени да терең ойго батырчу. Ошондуктан мен үчүн бул жолдо, укмуштуудай акылдын кени катылып жаткандай туюлчу. Анан мен аны ар күнү, кичинеден болсо да казып алууга аракет жасачумун. Бул жолу досум, дарактар жөнүндө сүйлөшүп кетүүнү сунуштады. А мен болсо унчукпастан баш ийкеп, макул болдум. Анан ал мага ар кайсы өлкөдөгү ар кандай дарактар жөнүндө сүйлөп бара жатып, бир саамга токтой калды да мени карап;

– Мына бул теректи карасаң – деди жарымынан көбү сары, бир аз жашыл жалбырактары бар жаш теректи көрсөтө;

– Сага кайсынысы жакты сарысыбы же жашылыбы?

– Сары дедим мен, ойлонуп отурбай жактырган түсүмдү айтып.

– Билгем, – деди досум, түшүркөп сүйлөп жибергендей үнүн акырын чыгарып. Анан ал унчукпай калды да, терең ойго батып кетти. Мен да унчукпадым. Бир дарак үчүн эмне мынча ойго батып кетти деп өзүмө өзүм суроо узата досумдун оюн жыйынтыкташын чыдамсыздык менен күтүп жаттым. Бирок мен анын жүзүнө үңүлүп караганымда али оюн жыйынтыктай электигин сездим да, эми өзүмдүн дагы бир канча убакытка зеригээримди билип, айлана тегерегиме кылдат көз жүгүртүп, мени да ойлонто турган бирдеме издеп баштадым. Адегенде айлана тегерегимдеги нерселер эч кызыктырган жок. Жаш келиндин ийменип жерди карап турган сөлөкөтүнө окшоп, ылдыйды көздөй соккон шамал-

дан башын төмөн салып турган ак кайындар гана көзүмө уруна берди. Алгач буга эч маани бербептирмин, бир кезде жай аккан чакан суунун кечтелигинен өтө береримде, бир кезде досум экөөбүз дал ушундай ак кайыңга жасаган селкинчекке көзүм түштү. Күз келгенден бери биз бул селкинчекке эч маани бербей калган элек. Бирок азыр менин, аябай эле селкинчек тепким келип турду. Мен кечтеликтен шашылып өтүп, селкинчекке карай чуркап жөнөдүм. Селкинчекке жетип, досумду карасам, ал дагы эле эч нерсени элес албай өз ою мн алпурушуп келе жаткан экен. Мага жакыныраак келип, жерге сумкасын коюп отура кетти. А менин ой чабытым, мени эски күндөргө жетелей баштады. Бул селкинчек мен үчүн жөн гана селкинчек эмес, менин аруу кыялдарымдын, миң сандаган жагымдуу ойлорумдун башаты эле. Ар убак бул селкинчекти тээп жатып жашоомдогу жаман нерселердин баарын унутуп, өзүмдүн кен келечегимди, бийик максаттарымды кыялданып, бакыттан ойкуп–кайкып учуп жүргөн эркин куштай бир башкача сезимге чулганчумун. Селкинчекти улам бийиктетип тепкен сайын, кыялдардарым ого эле терендеп кете берчү да, менде кандайдыр бир өзүмө болгон чоң ишеним, колумдан баары келүүчүдөй сыйкырдуу күч кубат пайда боло калчу. Анан ого бетер күчтөнүп, селкинчекти уламдан улам катуу күүлөнтүп тебе берчүмүн. Бирок эн кызыгы мен селкинчекти канчалык катуу тепсем да, андан кулап кетүү жөнүндө такыр ойлонбоптурмун. Ойлордун денизине чөгүп бараткан канда досумдун атымды атап чакырганы бүт ойлорумдун быт–чытын чыгарып ийди. Селкинчекти токтотуп анын жанына бардым. Ал мага жылмайа карап;

– Жүрү үйгө кеттик – деди. Мен дароо эле

– Жанагы дарак үчүн эмне мынча ойлонуп калдың? – дедим кызыгып. Досум дагы да жылмайып.





– Мен ал даракты жашоом менен салыштырдым. Даракты омур деп эсептеп, сары жалбырактарды бийик максаттарым деп элестеттим. А жашылы убакыт дедим. Мен оюмда бул даракты эми күндө карап өтмөк болгом. Ал анткени жалбырактар канчалык коп саргайса мен да максаттарым ошончо тез жетем го ойлодум. Бирок мен азыр гана бул оюм туура эмес экенин, адам озун эч нерсеге салыштырбаш керектигин баамдадым. Анткени адамдын жашоосу адамга гана көз каранды. Дегинкиси адамдын эн мыкты колдоочусу да, бул адамдын өзү. Демек мен убакыттын тез өтүүсү менен эмес, убакытты туура пайдалансам гана максаттарыма жете алаарымды сездим. Анан дагы эн негизги нерсе, адам үчүн адамдан артык, адамдан бийик, эч нерсе турбасын түшүндүм. Ар убак, ар учурда колдоп, кеп кенешин айтып, жанымда дайыма чогуу жүргөн сенден эч нерсе бийик турбасын түшүндүм, досум, – деди да колун мойнума арта салды. А менин бүткүл денем титиреп, жүрөгүм лакылдап кетти. Ушул мүнөттөрдө мен өзүмдү дүйнөдөгү эң бактылуу адамдардын катарына кошуп койдум. Анткени менин баамымда дүйнөдө чыныгы досуңдун, татыктуу досу болгондон артык бакыт жок. Анан досума жылмая карап.

– Сен да менин жападан жалгыз жана чыныгы досумсуң! – дедим. Сөзүмдү чын жүрөктөн айткандыктан бир башкача толкунданып да, кубанып да кеттим. Анан мен да анын моюнунан кучактап, өзүбүзгө гана түшүнүктүү болгон бөтөн дүйнөбүздөн алыстап, үйдү көздөй жөнөдүк.

## СИЗ КЕРЕМЕТСИЗ, АПАКЕ!

*(аңгеме)*

Мен анда үчкө жаңы чыккан, акыл эси али толук жетиле элек, мотурайган кыз элем. Дүйнөнү эми гана таанып, апамды ар күнү, ойго келбеген түркүн суроолор менен кыйнаган маалым. Мен үчүн бул курактан бир гана элес, эстеликке түбөлүккө жадымда калды. Ал убакта мен, апамдын жалгыз кызы элем. Ал күндү мен элес-булас гана эстегендиктен, ийне жибине чейин сүрөттөп берүүгө чамам жетчүдөй эмес. Ошол күнү апам, адаттагыдай эле мени өзүнүн жыпжылуу, назик колдору менен таптап, «Акылдуу эшек» деген жомогун айтып берип, уктатууга аракет кылып жаткан. Өтө кунт коюп уккандыгымданбы билбейм, айтор бул жомок мени аябай таасирленткен да, качан жомок аягына чыкканда, мен апамдан:

– Апа, мен чоңойгондо эшек болойунчу? – деп сурап жибергем. Апам көздөрү алая түшүп

– Кой балам, антпе. Адамдар да эшек болчу беле? – деген. Анда мен камырабай.

– Анда ат болойунчу? – дедим. Апам күлүп жиберди да.

– Кызым, адамдар чоңойгондо адам гана болушат. Жаныбарлар да бизге окшош, алар да төрөлгөндө жаныбар болуп төрөлүп, өмүр бою жаныбар бойдон калат. Адамдар чоңойгондо жакшы адам болгонго аракет кылыш керек. Сен дагы «Мен чоңойгондо жакшы кыз болом» деп айтып жүргүн макулбу – деди мээрим төгө жылмайып. Мен макул дегендей башымды ийкеп,

– Апа, мен анда атама окшош милиция болойун – дедим. Апам дагы да жылмая берип,

– Макул милиция болсоң бол, кызым – деп, жүзүмдөн чоп эттире өөп койду. Кийин эс тартып калган тестиер





маалымда атам экөө бул окуяны эстеп күлүп калышса, мен өзүмчө чычалап кетчүмүн. Атам экөө менден кийин көпкө балалуу болбой жүрүп жети жылдан соң гана экинчи кыздын ата-энеси болушту.

Апам чап жаак, көздөрү бакыракай келген жылдыздуу аял эле. Колунан көөрү төгүлгөн уз чебер да болчу. Баскан турганы тыкан, мүнөзү өтө жоош эле. Ал сиңдим экөөбүздү дегеле катуу айтып урушкан эмес. Бир гана жолу кошунабыздын огородунан картошка казылып калып, жок жерден бизди күнөөлөп келгенде, кошунаны сөз менен жубатып кетирип жиберип

– Мен силерди ар дайым адам болсо экен тилеп, адам болсо экен деп чоңойттум. Бул кылганыңар кандай? Эсиңерден чыкпасын, кайра дагы ушундай кылыгыңарды көрчү болбойун? – деп тилдеген эле. Бул сөз бизге катуу тийген. Апамды убактылуу жаман көрүп да жүргөнбүз. Бирок кийин картошканы биз казбаганыбызды билип апам бизден;

– Мени кечиргиле кыздарым. Мен силердин кандай экениңерди билип туруп урушуптурмун. Мен болгону силерди «адам» болсо экен деп гана урушкам – деди. Биз апамды чын жүрөктөн кечирип, чындыкты билгенине өтө сүйүнгөнбүз.

Апам бизге эч качан өзүнчө отургузуп алып, атайын акыл насаат айтчу эмес. Биз үчүн апамдын ар бир баскан турганы даяр үлгү эле. Апам ден-соолуктуу убагында бизди өтө эркин коюп, ашыкча үй жумушу менен алектендирчү эмес. Бир жолу мектептен келсем апам өңү бозоруп, бир башкача болуп калыптыр. Мен апамдан эмне болгонун сурасам,

– Баары жакшы кызым, бир аз гана башым ооруп атат, бул да азыр өтүп кетет – деп койду. Атам жумушуна байланыштуу үйдө көп болбогондуктан, бул учурда да үйдө жок болчу. Мен башка бөлмөгө чыгып кийимимди которуп

келсем апам өң алеттен кетип, оозунан ак көбүк чууруулуп жерде жатыптыр. Мен кыйкырып ийдим да, апамды басып жыгылдым. Анан гана эсиме келип жардам сурап чоң абамдын үйүнө чуркадым. Чоң абам бизге кошуна турчу. Өтө күйүмдүү, адамгерчилиги бийик жан эле. Ал угары менен мага кошулуп чуркап келип, тез жардам чакырып, оорууканага алып кетишти. Мен кичинекей сиңдимди карап үйдө калдым. Апам эртеси күнү ооруусу катуу кармап шаарга кетти. Биз апамсыз куту учкан үйдө үчөөбүз калдык. Апам төрт ай дегенде гана үйгө келди. Бул убакытта апам мени кыздарга тиешелүү жумуштарга көп үйрөтпөгөндүктөн, бир топ кыйналдым. Менин баамымда апамдын бала тарбиялоодогу бир гана катасы ушу болду.

Асман көпкөк. Ага айкалышып бүт теребел табияттын сыйкырдуу боёгуна боёлуп, бөтөнчө кооз. Көктөмдүн жыпар жыты буруксуп, айлана жапжашыл. Мына ушундай күндөрү адамдар үйдө отурууну жактырбай, көбүнесе сыртта жүрүп калышат эмеспи. Азыр да шаардын көчөлөрү адамдарга жык толуп, сейил бактарда бош орундар сейрек учурайт. Көпчүлүк орундуктарды жаштар ээлеп, дээрлик баары эле телефондору менен алек. Биз апам экөөбүз сейил бактын четирээгинде сүйлөшүп олтурдук. Апам телефондон көзүн албаган жаштарга карап кейий кетти.

– Өз заманыма жараша адам болом деген сөздү бетке кармап «адам» деген сөздүн маанисине толук жетпеген жаштар көбөйүүдө – деди оор үшкүрүп.

Апамдын сөздөрүнө макул боло.

– Туура айтасыз – дедим. Бизден бир аз алысыраактагы скамейкада он сегиз жаштардагы эки кыз колдоруна китеп кармап алып, ошону талкуулап атышат. Экөөнүн тең чачтары упузун, жүздөрү боёксуз. Алардын туш тарабындагы скамейкада алардан таптакыр айырмаланган бир кыз





олтурду. Кыска чачтуу, жасалма узун кирпиктери төгүлүп, жүзү бүт боёк. Мен ага карап суктана кеттим.

– Карачы сулуу кыз экен э апа? – дедим. – Жасалмалуулукту жаман көрөм, – деп кыска жооп берди апам. Жасалма сулуу болгонду, ичиндеги жүзү башка, сыртынан жакшы болуп көрүнгөн, жасалма жакшы адамдарды да жактырбаймын деди.

– Мен уяла түштүм. Эс тартып чоңоюп калсам да, мен үчүн апамдын ою дагы эле абадай зарыл эле.

Эртеси күнү бизден мугалим.

– Кумириңер ким? деп – сурады. Баары белгилүү окумуштууларды, ырчыларды айтор өз кумирлерин айтып чыгышып, сөз учугу мага келгенде

– Менин кумирим, менин апам – дедим сыймыктана. Жүрөктөн айтылган сөз профессордун да жүрөгүнө барып тийдиби айтор.

– Азамат! Сени ушул сөздү сыймыктана айтууга үйрөткөн апаң накта керемет айым экен! – деди. Мен дагы да сыймыктана ичимден «Ооба, менин апам керемет аял. Сиз кереметтин дал өзүсүз, апа!» – дедим да, катуу сыймактангандыктан бүт денем дүргүй түштү.

**Икрамбектегин Адылбек**
"Өнөр-Башат" адабий бирикмесинин мүчөсү

## БАШТЫК СОРГОН КҮНДӨРҮМ

Ойгончу кез атпастан, агарып таң,
Ойночу кез топ болуп жаралып шаң.
Бизге келген өмүрдүн таттуусу ошол,
Бир үзүндү айтайын балалыктан.

«Апаа, апаа, бал уйкум качты менин,
Апаа, апаа, курсагым ачты менин.»
«Апаа, апаа, алдей ыр айтчы!» – десем,
Апам айтып уктатат жакшы кебин.

«Апаа, менин, көйнөгүм кайда калган?
Апаа, күрөң, байпагым кайда салгам?»
«Ай балам аай, төшөгүң кара!» – десе,
«Апаа таптым!» – деп күнүм кайталанган.

«Апаа, оңбу батиңкем, текшерип бер?»
«Апаа, менин топчумду өткөрүп бер!»
«Апаа, менин атымды көрбөдүңбү?
Атым байлайм, эриштен жип бөлүп бер!»

Тал чыбыкты ат кылып минип алып,
Тар көйнөктү жонума кийип алып.
Таң азанда оюнга шашылчу элем,
Таяк мылтык моюнга илип алып!





Жарты нанды үкөктөн колума алып,
Жашчылык да көчөдөн тойуп алып.
Сүт ич десе шашылып кетчүү элем,
Сүзмө куйган баштыкты соруп алып.

Бүгүн аттиң кетиптир жаштык колдон,
Бакытына тойбогом аздык болгон.
Бирок дале эстеймин бир жылмайып,
Балалыгым андагы баштык соргон.

## КОШ МАХАБАТ

Мен кетемин!
Кечээки бакыт күнүм жарым кылып,
Келбестин кайра сага камын кылып.
Жүрөккө армандарым жүктөп мен кетемин!
Жүзүмө жылмайууну тагындырып.

Кете берем!
Туйгуну сага деген жалындырып,
Тагдырдын бергенине тамым куруп.
Туңгуюк жол болсо да кете берем,
Турсам да махабаттан алым куруп.

Унутаармын!
Бал ширин ак сүйүүмдү жаңылдырып,
Балталап эт жүрөктү багындырып
Башканы пайдаланып унутаармын!
Бакытты ошол менен чагылдырып.

Келбеймин!
Күтсөң да кош каректи жалын кылып,

Күйүттөн чыгыш үчүн баарын кылып.
Кучагың түбөлүккө ачсаң дагы,
Келбеймин! кийин сени сагындырып.

**Касымбеков Бекболсун**
"Өрнөк-Башат" адабий бирикмесинин мүчөсү.

## КҮТӨМ СЕНИ

Карагаттай көздөрүңдү элестеп,
Күтөм дале сени качан келет деп.
Көргүм келип күндөй болгон жүзүңдү,
Көл боюнда олтурамын сени эстеп.

Козгодуң го жүрөгүмдүн жарасын,
Кантем эми дартын кайдан табасың,
Капилеттен ашык болдум өзүңө,
Келбейсиңби гүлүм мага жагасың.

Алоолонгон сүйүү отун өчүрбө,
Арбап алчуу бакыт бар бейм өзүңдө.
Баалай билип, балын татып жашоонун,
Бир бололу түбөлүктүү өмүрдө.

Айткым келет бирге болчу күндөрдү,
Арнасам дейм кучак толо гүлдөрдү,
Жашырбастан айткым келет мен сага,
Жаным чындап таба албадым сен өңдүү.





## АЛАЙЫМ

Асман тиреп Алайымдын аскасы,
Айылыма тең келе албайт башкасы.
Аскасында аркар-кулжа жүрөт оттоп,
Тоо боорунан агып турат кашка суу.

Өсүп турат жайлоолордо арча-кайың,
Көрк берип айланага кышы-жайын.
Мөлтүрөп, коздугу тамшандырат,
Суусаганда мол булактан ичкен сайын.

Көз салып, көк асманда бүркүт шаңшып.
Көргөн жанды өзүнө турат тартып.
Дүйнөнү миң бир ирет кыдырсам да,
Эч бир кооз жер таба албайм сенден артык.

Мелтиреп Ала-Тоосун ак кар басып,
Жайы-кышын ээрибей турат катып.
Киндик каным тамган асыл Алайымда.
Мен чоңойдум тузун эмес, балын татып.

**Базарбаев Баяман**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

## ЖАШАЙЛЫЧЫ

Жашоо мага күндө суроо жаратат,
Эй, адамзат, өмүр өтүп баратат.
Ыйлатпачы жаратканым эч бирин,
Адамзатка күлүп жүргөн жарашат.

Турмуш мага улам суроо койгондой,
Суроолору жүрөгүмдү ойгондой.
Эртеңки күн кандай болот билбейбиз,
Жашайлычы жамандыкты ойлонбой.

Бүгүн оюм ар тарапка бөлүндү,
Барктайлычы бир берилген өмүрдү,
Жылуу сүйлөп жүрөктөрдү жылытып,
Жашайлычы оорутпастан көңүлдү.

Жол көрсөтөөр адашканда жаңылып,
Куткарышаар калсак эгер чалынып.
Канча күнөө кылганыбыз билбейбиз,
Жашайлычы жаратканга жалынып.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Кыргыз тилим, менин тилим сыймыгым,
Башты ийип таазим этчү ыйыгым.
Эне-тилим урматтайын сыйлайын,
Арналсынчы өз тилиме бул ырым.

Куттуктайын кыргыз тилдин майрамын,
Тилибизди жер-шарына даңктайын.
Кыргыз тилин дүйнөгө таанытып,
Эне-тилде булбул сымал сайрайын.

Болсо дагы канчалаган бөтөн тил,
Жокко эсе тилибизден өткөн тил.
Кыргыз тили бул ааламда бир гана,
Ошон үчүн өз тилиңди сыйлай бил.





Баары угар тилибизде сүйлөсөм,
Жаман болбос тил сүйүүгө үндөсөм.
Кыргызмын деп кантип айтам анда мен,
Кыргыз болуп тилибизди сүйбөсөм.

Кыргыз тилим кылымдарды карыткан,
Тилибизди ардактайлы андыктан.
Кылым бою өчпөй келген тилимди,
Кыргыз тилчи эжейлерим таанытткан.

Ак мектептин босогосун аттаткан,
Эң биринчи «А» тамгасын жаттаткан.
Эне-тилди үйрөтпөйт го чынында,
Мектептеги мугалимден башка жан.

Өз тилимди дайым колдоп кубаттайм,
Баардыгынан бийик көрүп урматтайм.
Унутпайлы эч кимибиз бирибиз,
Алмашылгыс байлыгыбыз тилибиз.

**Омар кызы Зуура**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

## НАСТАЛЬГИЯ

Сени ойлоп күндөн-күнгө мен түгөнүп баратам,
Жөн ойлобойм, жаным сыздайт, жүрөгүмдү канатам.
Сагынуудан өткөн күнгө санаам санга бөлүнүп,
Жашып ийем, айласыздан сага ырлар жаратам.

Сени эстеп түнү бою жаным ооруп, жашыймын,
Жанымдагы жандар айтат: «Тагдырыңа баш ийгин!».
Сүрөтүңө көз чаптырып, жыттап, жыттап алам да,
Жерге карап үн катамын: «Мени өзүңө жашыргын»...

Сенин үнүң кулагымдан кетпей туруп алгандай,
Жашоомдогу болгондордун баарысы тең жалгандай.
Сени туям жан жагыман, кере жутам абаны,
Чачтарыңдын атыр жыты аба ичинде калгандай.

Ичке бугум катып алам, күлкү тагып бетиме,
Айтчы жаным, кантип жүрөм жүрөгүмдөн кетиле?
Ишене албайм дале болсо, ишенгим да эч келбейт,
Анткени мен сенсиз батпайм кең дүйнөнүн бетине.

Сага болгон сезимимди айтчы кантип катайын?
Ыйлабачы сени ойлосом, «Сен» деп гана жашайын.
Сызда жатып, тоңуп калган, муздак болгон денеңди,
Уруксат бер, жерди казып бек кучактап жатайын.

Сени ойлоп түнү бою, «Сен» деп таңдар атырам,
Бирок сенсиз күнүм чыгат, сенсиз күндү батырам.
Саамайымдан куюлган жаш сен тарапка оолугат,
Макул болсоң, жер астына өзүмдү өзүм жашырам.

Жоксуң азыр сен жанымда, бирок барсың жүрөктө,
Түшүмө кир, көрүнүп тур, жаным мени жүдөтпө.
Жылмаюума себеп болгон жалгыз сенсиң ардагым,
Түнөк тапкан жүрөгүмдөн, элесиң бар сүрөттө.





## АНДА МЕН БОЛБОЙМ «БАЯГЫ»

Билемин бир күн билесиң баркым болгондо сүйүү аягы,
Кайтууга артка эч болбойт шартың, убакыт артка агабы?
Башыңды мыкчып, эрдиңди тиштеп келгенде бирок билип кой,
Анда мен болбойм, кусага батып, отурган шордуу «баягы».

Мендеги кайгы, азаптын баарын эч качан билип, сезбеген,
Сактаган сүйүүм, арнаган күлкүм ташталган гүлгө теңдеген.
Маңыроо болуп калсам да бирок, шор үйбөйм башка өзүмө,
Саамайым жашка жуунтуп алып, «баягы» болуп «кел» дебейм.

Менден да артык, жакшыраак сага, сулуураак болуп көрүнгөн,
Карабай артын, кеткенде алыс, калганда сендик көңүлдөн.
Маңкурттай болуп калсам да бирок, жолобойм эми сендейге,
Кайгыга батып, жалбарып калган «баягы» болуп өкүнбөйм.

Жалбарып, ыйлап турсаң да, сени боорукер көздө карабайм.
Арманың айтып, жалганың айтып келсең сөз айтып жарабайм.
Жанымды көпкө ооруткан сендей, тең келбес тырнак учуна,
Аярлуу карап, саамайың сылап, «баягы» болуп аябайм!

**Расулбеков Артур**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

* * *

Көңүлүм жылдын жазындай билсең жылмайып турат
жалындай,
Оорутсаң эгер калышы мүмкүн ызасы ичте жазылбай,
Ачылган гүлүн аярлап карап, өстүрсөң эгер соолутпай,
Түбөлүк сага көркүнөн берер желегин түйүп жабылбай.

Көңүлүм жылдын жайындай билсең, жарымы толгон айындай,
Карарып келген булутуң тоссоң, нурлары калат жайылбай,
Шамал-жел менен булутту айдап ачсаң сен бетин асмандын,
Ай дагы толуп жарыгын чачат, түбөлүк сага жадырай.

Көңүлүм жылдын күзүндөй билсең, бактылуу инсан жүзүндөй,
Жылмайып турсаң, жылмаят ал да бакыттан жүзү үзүлбөй,
Бакыты учар, күлкүсү учар ачуулу болсо мамилең,
Алоолоп жанып бат эле өчкөн жалындуу оттун күлүндөй.

Көңүлүм жылдын кышындай билсең, таранчы сымал
кушундай,
Ызгаардуу аяз, бороону келсе коёт да аны учурбай.
Муз болуп тоңот, суу болуп ээрийт, буу болуп учат асманга,
Башканы билбейм, жан дүйнөмдөгү көңүлүм менин ушундай.





* * *

Болбосмун билем, күчтүү бир акын, ырларды жазган
көркөмдөп,
Ырыма түшкөн, ар бир сап, сөзүм, болоор балким өлгөн кеп.
Бирок мен талбайм, токтобойм такыр, жашоомдун ырын
жазуудан,
Анткени мен да, өзүмдү сезем, аз эмес, көптү көргөн деп.

Сөздөрү оттой күйгүзө салган, же барып көлгө чөктүргөн,
Болбосмун билем, чечен бир акын, ырлары көз жаш төктүргөн.
Бирок мен тынбайм, сындарга сынбайм, жазамын тагдыр
ырымды,
Өзгөдөй болгон акынмын мен да көп жолу ыйлап, көп күлгөн.

Ырларды жазып, уйкудан кечип, ыр менен таңды аттырган,
Болбосмун билем, өткүр бир акын, жаш эмес канды актырган.
Чарчабайм бирок, чаалыкпайм дагы, жазамын улап ырымды,
Анткени билем, боломун акын, эл сүйүп, элим жактырган!

**Садыков Байканбек**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

**МЕН УУЛУМУН АПАМДЫН**

Мен уулумун апамдын эркелеген,
Апам мени бейишке жетелеген.
Апакем ай жүрөгүмдүн периштеси.
Бир өзүңсүң көңүлгө жол улай билген.

Мен уулумун апамды бага турган,
Келечекте бейиш үйүн кура турган.
Ал бейиште бакыт кушу үн салып,
Сайрап турсун апа сизге суктанып.

Мен уулумун апамды сүйө турган,
Ал күлсө мен да кошо күлө турган.
Апакемдин көз жаштарын агызбай,
Жашоосуна бакыт-таалай белек кылган.

Пайда берди сенин берген батаңдын,
Эл алкыштап турат бүгүн карагын.
Эх апаке ооз толтура сүйлөймүн,
Мына бүгүн мен уулумун апамдын.

## МЕН КИММИН

Мен киммин? Адам кейпин сактаган,
Мен киммин? Жаман жолдо алдаган.
Мен киммин? Адамдардын ичинен,
Таш боордукту адал кылып жактаган.

Адамдардын көбөйтөмүн алсызын,
Жүрөм дайым жаман менен акырын.
Адамдарга тегиз эмес ар түрлүү,
Мамиленин кылам өзүм жакырын.

Мен киммин? Өзүмдү өзүм ээрчиткен,
Жашоомо кош көңүлмүн кейиткен.
Тамекини тартып өзүм ичиме,
Олдоксонмун өз өмүрүм чириткен.





Мен киммин? Сөздү араң сүйлөгөн,
Дос тандасам аны жарга сүйрөгөн.
Карап туруп жаман менен жакшыны,
Билсем дагы жаманга дайым үндөгөн.

Мен киммин? Ким болуп өзүм жашадым,
Мен киммин? Өмүргө көздү таштадым.
Ойлосом, кылбагам экем жардамды,
Эми минтип көзгө тамчы жаштадым.

**Дүйшөбаева Динара**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

## ЭМНЕ

Жаралуу эмне? Бул өмүрдүн чындыгы!
Ооба, болот жашаштын да оз ыгы.
Кайгы менен бакыт коштойт ар дайым,
Толук эмес жашасаң да кылымды.

Сүйүү эмне? Ал жүрөктүн оорусу,
Ачык-айкын кайгы-муңга салуусу.
Оор турмуштун арабасын бир түртүп,
Эки жүрөк бир денеде кагуусу.

Бакыт эмне? Ата-энеңдин бардыгы,
Керек эмес атак-даңкы, байлыгы.
Колдоп турса жакындарың оор күндө,
Сенде демек, бактылуунун сандыгы.

Мээрим эмне? Жаркын гүлү өмүрдүн,
Падышасы сезимдердин, көңүлдүн.
Ал жок болсо дүйнө толуп зөөкүргө,
Жер жок болмок чыдай албай бир да күн.

Өлүм эмне? Бүткөн чеги жолуңдун,
Андан ары кабыр болот оорунун.
Жооп берээрсиң жаманына жакшына,
Эсептелет ар бир кылган жоругун.

## КҮЛЧҮ АПА

Күлчү апа, дүйнө жүзү нурдансын,
Сени көрүп уян тартып күн калсын.
Бейиш деген таманындын астында,
Пайгамбардын сөзүн айтчы ким чансын.

Күлчү апа, баары сага суктансын,
Сулуулугун адамзатты шыктантсын.
Өзүн сулуу сезип жүргөн перилер,
Сени көрүп араздашып, чыр салсын.

Күлчү апа, мен калайын кубанып,
Күлкүң мага чексиз байлык, гүл азык.
Тагдыр салса оор сыноосун мойнума,
Женем баарын күлгөнүңдөн күч алып.

Күлчү апа, төкпө көздөн жашыңды,
Суранайын кечирчи апа катамды.
Бир да тамчы акпасынчы көзүңдөн,
Аксын макул кубанычтын көз жашы.





**Арген Болушов**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

## ТУРМУШ

О турмуш сен, мынча неге таш боорсуң?
Муштумуңа эсим танып баратат.
Аябайсың кары, кичүү, жаш болсун,
Жүрөгүнө көптүн салып жаракат.

О турмуш сен, көп нерсени көрсөттүң,
Жардылык да, кыйынчылык, баарысын.
А башкалар жыргал жашоо өткөрсүн,
Биз көргөндүн көрүшпөсүн жаңысын...

О турмуш сен, кээде ширин, таттуусуң,
Жашагың да келет чиркин өлбөстөн.
О турмуш сен, кээде таштай каттуусуң,
Турушуңа кетким келет көнбөстөн.

## ТҮШҮҢӨ КИРДИМ БЕКЕН?

Тунук асман жылдызын чачканында,
Турса жаздык эркелеп чачтарыңда.
Алтын Айым, түшүңө кирдим бекен?
Ай түнүндө айылдын жатканыңда.

Сезим катып уктаган түндөрүңдө,
Сен уйкуңда, мен жүрүп түштөрүңдө.
Өңдөгүдөй түшүңдөн жолуктумбу?
Өзүмдү эле ойлонуп күткөнүңдө...

Көп ичинен издесең табылгандай,
Көздөрүмдө жарык түн, жаңырган Ай.
Жарым мүнөт түшүңө кирдим бекен?
Жаздын күнү «жарк» этчү чагылгандай.

Жылдыз дагы асманда Ай да жарык,
Жымыңдашат сезимди айдап алып.
Бир түшүңдөн кезигип калсам бекен?
Билбесин деп бул түндү пайдаланып.

**Замирбек уулу Бекнур**
«Өрнөк-Башат» адабий бирикмесинин мүчөсү

## МУГАЛИМ

Мөмөлүү дарак мугалим болуп себепкер,
Илимдүү болот кез келсе ушул бөбөктөр.
Таалими бизге деңиздей түпсүз туурабы?
Жок дебе досум, акылга салып элеп көр.

Пайгамбар сүйгөн кесипти тандап жүрөгүм,
Пейили кенен, ак ниет болдум мугалим.
Саламын айтып эжейлеп турса бойтойуп,
Туура жол берип, жүрөктү дагы уга бил.

Билимге тартып, максатка жетем көздөгөн,
Келечек үчүн, жан үрөп калың эл менен.
Сабаты жакшы, сабагы жакшы дегидей,
Ак иштеп дайым, так жүрөм буга сөз берем.





## САКТАГЫН

Айлантып турмуш малайга,
Ал–күчү кетип далайга.
Айласыз жүргөн жер кезип,
Алганы жетпей ар айда.
Ата журт таштап кеткендин,
Аллахым жанын абайла.

Көрсөтпөй ичте так барын,
Күйүгүп иштеп ач карын.
Коёндой окшош күн көрүп,
Каалабай таңдан атканын.
Кең жерин таштап кеткенди,
Кудайым өзүң сактагын.

Жат жерде таппай оң жолун,
Жүргөндүн ишин оңдогун.
Жакшыдан койбо кем кылып,
Жардам кыл өзүң колдогун.
Жашоодон көңүл калбасын,
Жараткан өзүң коргогун.

## МАЗМУНУ

Баш сөз ....................................................................................................3
Тагаев Мурат Базарбаевич ...........................................................5
Абдижалил уулу Манас ............................................................. 41
Калдыбай кызы Алина ............................................................... 51
Камчыбеков Азиз Разакович ..................................................... 62
Абдиназар кызы Нургиза ........................................................... 75
Токтобаева Надира ..................................................................... 92
Байташова Чынара Арстанбековна ...........................................104
Султанбек уулу Жолболду .........................................................113
Сүйүндүкова Алтынай ................................................................136
Бурканбек уулу Алмаз ...............................................................148
Надыркул кызы Жамийла...........................................................159
Төлөнбай уулу Аман ...................................................................171
Ызакова Нурасман.......................................................................184
Калмаматова Нуржамал ..............................................................199
Алимбековна ................................................................................199
Кубанычбек кызы Бегимай .........................................................207
Тынаров Асан ..............................................................................217
Доорoнбек кызы Гүлзат ...............................................................233
Ысамамат уулу Замирбек ............................................................248
Бектенова Айзирек ......................................................................258
Советбек уулу Бекболсун ............................................................271
Абдыкерим кызы Айдана..............................................................283
Икрамбектегин Адылбек ..............................................................302
Касымбеков Бекболсун ...............................................................304
Базарбаев Баяман .......................................................................305
Омар кызы Зуура ........................................................................307
Расулбеков Артур.........................................................................310
Садыков Байканбек .....................................................................311
Дүйшөбаева Динара.....................................................................313
Арген Болушов.............................................................................315
Замирбек уулу Бекнур.................................................................316



*Адабий-көркөм басылма*

**ӨРНӨК БАШАТЫ**

Автор түзүүчү
Абдыжалил уулу Манас

Корректору *Латипова Чынаркан*
Компьютердик калыпка салган
*Алтынбек Үсөнбек уулу*